**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ -УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

Кол жазма укугунда

УДК:342.1:1-04(575.2) (043)

**АЛИКУЛОВ БАКЫТ МАКЕШЕВИЧ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЧЕК АРА КООПСУЗДУГУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ

12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук

юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган
ДИССЕРТАЦИЯ

**Илимий жетекчиси**
юридика юлимдеринин доктору,
профессор Г.К. Кулдышева

**Ош – 2025**

# МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| **КИРИШҮҮ** ........................................................................................ | | **3** |
| **I БАП** | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ** ................................................................. | **3** |
| 1.1 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы түшүнүгү жана анын укуктук маңызы.................................. | **12** |
| 1.2 | Каргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын укуктук жөнгө салуунун эл аралык аспектиси.................. | **30** |
| 1.3 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режими.................................................................. | **43** |
| **2 БАП** | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНЫН КООПСУЗДУГУН УКУКТУК КАМСЫЗДОО**.......................................... | **63** |
| 2.1 | Мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыздоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдар тутуму......... | **63** |
| 2.2 | Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугунун маңызы жана мааниси......................................................................... | **82** |
| 2.3 | Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун механизмдери......................................................... | **96** |
| **3 БАП** | **МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАНЫН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО БОЮНЧА ОРГАНДАРДЫН ТИЗИМИ ЖАНА АЛАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ.......** | **115** |
| 3.1 | Чек ара коопсуздугун камсыздоочу мамлекеттик органдардын укуктук статусу жана уюштуруу түзүмү | **115** |
| 3.2 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун укуктук механизмин өркүндөтүү | **132** |
| **КОРУТУНДУ** | | **150** |
| **ПАЙДАЛАНЫЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ** | | **157** |

## КИРИШҮҮ

**Изилдөө темасынынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын конституциялык-укуктук статусу татаалдашкан саясий жана экономикалык шарттарда калыптанып жана такталып жатат. Көз карандысыз Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын тартипке келтирүү боюнча иш-аракеттер республиканын өз алдынча мамлекеттик түптөлүшүнүн, бекемделишинин жана өнүгүшүнүн маанилүү жана ошондой эле ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат. Бул тарыхый маселелерди чечүүнүнүн татаалдыгы төмөнкүлөрдөн турду: биринчиден, "коомдук четтөөгө" алып келбеген, коомдук жана мамлекеттик коопсуздуктун жана ошондой эле  адамдын укугунун жана эркиндигинин камсыз кылынуусун гармониялык айкалыштырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы тууралуу сөз болууга жана ал талаптар ишке ашырылууга тийиш эле; экинчиден, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын такталуусу жана биротоло чечилүүсү, анын ишенимдүү коргоого алынуусу оперативдик мүнөздөгү саясий, экономикалык, социалдык ж.б. мүнөздөгү татаал прблемалардын комплексин чечүүнү талап кылат;  үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын жаңы геосаясий жана экономикалык абалы мамлекеттик чек аралардын коргоого алынуусунун начарлоосуна алып келди.

Кыргыз Республикасы этникалык, демографиялык жана аймактык туруксуздук менен мүнөздөлгөн Фергана өрөөнүндө жайгашкан. Афганистандагы жана республикага чектеш жайгашкан Тажикстандагы согуштук кагылышуулар эл аралык терроризмдин, наркобизнестин жана мыйзамсыз курал сатуунун булактарына айланды. Мындай аскердик жана саясий туруксуз шарттарда мамлекеттик чек араларды коргоого алуунун укуктук режимдери жана чек аранын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери өзгөчө курч турду.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселелерине терең талдоо жүргүзүү менен Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун жана

жалпы эле аймактык тынчтыкты сактоодогу төмөнкүдөй тенденцияларды жана геосаясий процесстерди белгилейбиз:

- экономикалык, саясий, аскердик кубаттуулук жана таасирлер үчүн болгон күрөш жана атаандаштык;

- Борбордук Азиядагы саясий катаклизмдер.

Салыштырмалуу түрдө алып караганда, республика менен чектеш жайгашкан мамлекеттер ортосундагы "коопсуздук коркунучтары" аз изилдөөгө алынган жана мындай чыр-чатактардын алдын алуунун теориялык жагдайлары жеткиликтүү иштелип чыккан эмес десек жаңылышпаган болор элек. Түрдүү чек аралык коркунучтарды аныктоонун жана алардын алдын алуунун методологиялык базалары, чектеш республикалар ортосунда пайда боло калган пикир келишпөөчүлүктөрдү жөнгө салуунун жолдору толугу менен иштелип чыкпай, аныкталбай жана чечилбей келүүдө.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча нормативдик-укуктук иш-чаралар азыркы социалдык-саясий талаптарга жана жоопкерчиликтерге жооп бербейт. Бул республикалык гана эмес эл аралык мааниге ээ татаалдашкан маселеге Кыргыз Республикасынын жана Көз Карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мүчө-мамлекеттеринин геосаясий кызыкчылыктарын, аймакта түзүлүп жаткан саясий кырдаалдарды эске алуу менен мамиле жасалууга тийиш.

Азыркы учурда Борбордук Азияда (аймактык негиздерде) түзүлүп жаткан саясий-социалдык жагдайларда ылайык чек ара маселелерин тактоонун жана чечүүнүн теориялык-методологиялык негиздерин кайрадан карап жана иштеп чыгуу зарылчылыктары пайда болууда.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуунун фундаменталдык базасы республиканын мамлекеттик саясатынын башкы жана негизги саясаттарынын бири. Мындай мамлекеттик деңгээлдеги саясат бардык күчтөрдү жана аракеттерди интеграциялоочу фактор катары кызмат кылып, мамлекеттик чек араларды бекем коргоого

алууга, алардын коопсуздугун толугу менен камсыз кылууга багытталат. Туура жүргүзүлгөн чек ара саясаты чек ара коопсуздугун гана эмес жалпы калктын тынчтыгын да камсыз кылат жана муну кийинки учурларда коңушулаш жашаган республикалар менен оң-тескери мамилелер ачык көрсөтүп жатат.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун натыйжалуу системаларын иштеп чыгуу жана аларды ишке киргизүү эбегейсиз чоң мааниге ээ. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоого алуунун жана анын коопсуздугун камсыз кылуунун азыркы процесстерин ийкемдүү алып баруунун жана өркүндөтүүнүн алгоритмдери чек арага аздыр-көптүр тиешеси бар бардык органдардын жана күчтөрдүн аракеттерин интеграциялоону жана ошол эле учурда чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы алардын ар биринин ордун жана кызматтарын дифференциялаштырууну талап кылат. Бул мамлекеттик органдар жана күчтөр төмөнкүлөр: Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара Кызматы, анын аскердик жана аскердик эмес компоненттери, Чек Ара Көзөмөлү кызматы, чек арачылар ж.б.у.с., булардын тышкары, Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара аймактарында жашаган жана атайын даярдыктардан өткөн жарандарга зарыл учурларда аскердик курал берүү маселелери чечилүүдө. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоого алуу жана анын коопсуздугун камсыз кылуу чектеш жайгашкан республикалардын чек ара маселесине тиешелүү кызматтардын прагматикакалык сүйлөшүүлөрүнө, андай сүйлөшүүлөргө барган ар бир тараптын прогрессивдүү аракеттерине терең көз каранды. Башка көпчүлүк маселелер сыяктуу чек ара маселеси биротоло чечилип бүткөндөн кийин анын кайрадан каралуусу абдан татаал маселе. Мындай учурларда ар бир тараптын жекече кызыкчылыктарынын болору мыйзам ченемдүү көрүнүш, бирок да, чек ара маселесинде жекече кызыкчылыктардан баш тартып, чектеш республикалардын өз ара ынтымыкчылыгынын, жалпы кызыкчылыктардын эске алынуусунун, буга

чейин сакталып келген чек аралардын туруктуулугунун камсыз болуусунун биринчи планга коюлуусунун зарыл экендиги жалпыбызга түшүнүктүү.

Жакынкы жылдарга чейин эле Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара Кызматынын мамлекеттик чек араны коргоого алуу жана анын коопсуздугун камсыз кылуу жана ошондой эле чек араны бекемдөө жана коргоого алуу боюнча мамлекеттик органдардын иштерин координациялоо боюнча мүмкүнчүлүктөрү толугу менен пайдаланылбай келген.

Мурдагы СССР кулап, анын курамындагы республикалар көз карандысыздыкка жетишкенден кийин мамлекеттик чек аралар жана алардын укуктук режимдеринин теориялык-укуктук маселелерине Ганюшкина Б.В.[66], Клименко Б.М., Порка А.А.[78], Скуратов Ю.И.[119], Щербаков А.С.[132] сыяктуу көптөгөн изилдөөчүлөр кайрылышкан.

Мамлекеттик чек аралар жана алардын укуктук режимдерине жана ошондой эле, Кыргыз Республикасынын эгемендигинин укуктук аспектилерине ата-мекендик окумуштуулар Арабаев А.А.[48], Бөрүбашов Б.И.[59], Нурбеков К.[90], Турарбеков Б.[128], Бейшембиев Э.Д.[55], Ожукеева Т.О.[97], Эсенбаев М.А.[134], Мукамбаева Г.А.[87] ж.б. кайрылышкан.

Жогоруда аталган изилдөөчүлөрдүн эмгектерин талдоого алуу менен азыркыга чейин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын коргоого алуунун жана коопсуздугун камсыз кылуунун жана ошондой эле чек араны бекемдөөнүн орчундуу маселелеринин жеткиликтүү деңгээлде изилдөөгө алынбай келе жаткандыгын белгилөөгө болот.

**Изилдөөнүн объектиси.** Изилдөөнүн объектиси болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө өнүккөн коомдук мамилелердин системасы саналат.

Изилдөөнүн предмети болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы мамлекеттик бийлик

органдарынын ишин жөнгө салуучу конституциялык-укуктук ченемдер саналат.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун конституциялык-укуктук камсыздоону изилдөө.

Алдыбызга коюлган максаттар төмөнкүдөй милдеттерди аныктады:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы түшүнүгүнүн изилдөө жана анын укуктук маңызын аныктоо;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын эл аралык укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режиминин өзгөчөлүктөрүно мүнөздөп берүү;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын тизиминин изилдөө жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугунун маңызын жана маанисин аныктоо;

- Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо механизмин изилдөө;

- Кыргыз Республикасындагы чек ара коопсуздугун камсыз кылуучу мамлекеттик органдардын укуктук статусун жана уюштуруу түзүмүн мүнөздөө;

- мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздери.** Биз өз изилдөөбүздө коомдук мамилелерди, алардын ичинде жалпы илимий, жалпы адамзаттык жана жалпы логикалык, жекече-илимий методдорду өз ичине камтыган коомдук кубулуштарга методологиялык жана теориялык жактан анализ жасай алган алдынкы жана заманбап методдорду пайдаландык. Булардан сырткары, конкреттүү-тарыхый, системалык-логикалык, салыштырма-

укуктук, структуралык-аналитикалык методдорго өзгөчө басым жасалды. Теориялык корутундуларды жасоо жана практикалык сунуштарды келтирүү Конституцияга жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууга байланышкан эл аралык жана республикалык укуктук актыларга анализ жасоого негизделди.

Диссертациянын **нормативдик негиздерин** Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууну тартипке салуу менен түздөн-түз байланышкан төмөнкүдөй мыйзамдык актылар түздү: Кыргыз Республикасынын Конституциясы; конституциялык мыйзамдар; Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Токтомдору; мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын мыйзам чектериндеги актылары ж.б.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыктары.** Буга чейин Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууга байланышкан мамлекеттик-укуктук жана эл аралык-укуктук маселелердин комплекстери монографиялык деңгээлде атайын изилдөөгө алынган эмес.

Биздин диссертациялык изилдөөбүздө “Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу” категориясынын маани-маңызы саясий-укуктук жактан негизделди; чек араны коргоого алуу, жалпы улуттук жана чек араларга чектеш аймактарда жашаган элдердин кызыкчылыктары өз ара салыштырылды, аларды аныктоонун жана чечүүнүн ийкемдүү жолдору чек ара маселелерине тиешелүү органдарга сунуш кылынды; Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу түшүнүгүнүн маани-маңызы жана структурасы классификацияланды; Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталды; коомдогу, чектеш республикалар менен болгон мамиле-катыштагы, жалпы калк тынчтыгындагы жана ошондой эле өлкөнүн саясий-социалдык турмушундагы чек ара коопсуздугунун орду жана ролу негизделди ж.б.

Мамлекеттик чек араларды коргоого алууда, коомдук коопсуздукту камсыз кылууда институционалдык өзөк катары кызмат кылуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара Кызматын өнүктүрүүнүн заманбап ыкмалары жана тенденциялары аныкталды жана тиешелүү кызматтарга сунушталды жана алардын азыркы учурдагы саясий-укуктук базалары негизделди жана аларга ар тараптуу талдоо жүргүзүлдү.

**Коргоого алынып чыгылган негизги жоболор.** Бул проблеманы илимий талдоонун натыйжасы илимий жаңылыктын элементтерине ээ болгон жана коргоого сунушталган төмөнкү корутундулар жана жоболор болуп саналат:

1. Мамлекеттик чек ара институтунун ченемдик аныктамасы берилген: «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы – бул коңшу мамлекеттер менен макулдашылган жана алар менен келишимде (макулдашууда) бекитилген сызык жана ушул сызыктын чектерин аныктоочу вертикалдуу бет. Кыргыз Республикасынын кургактагы, дарыялардагы, көлдөрдөгү жана башка суу объектилериндеги, жер астындагы жана аба мейкиндигиндеги мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн мейкиндик чеги».

Мамлекеттик чек ара институтунун сунушталып жаткан аныктамасы кеңейтилген болуп саналат, эл аралык келишимдик мамилелердин азыркы этабын мүнөздөйт, мамлекеттин эгемендүүлүгүн жана бүтүндүгүн сактоо, мамлекеттик чек араны сактоо жана коргоо боюнча чаралардын жана аракеттердин тутумунун негизи болуп саналат, бул Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарынын жана эркиндиктеринин негизги кепилдиги.

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери 15тен ашык ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат. Буга байланыштуу чек ара мамилелерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды системалаштыруу, каралып жаткан мамилелерди мыйзам алдындагы актылар менен жөнгө салууну алып

салуу жана анын негизинде Кыргыз Республикасынын Чек ара кодексин иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталууда.

3. Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугунун эффективдүү системасын камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Чек ара коопсуздугунун Концепциясын иштеп чыгуу сунушталат, анын негизин чек ара коопсуздугун чыңдоо Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин чек ара кызмат органдарын андан ары өнүктүрүү боюнча мамлекеттик ишмердиктин төмөнкү багыттары түзөт:

- чек ара кызматынын органдарынын ыкчам жана башка ишин укуктук жөнгө салуу механизмин өркүндөтүү;

- мамлекеттик чек араны коргоонун заманбап интеграцияланган системасын түзүү;

- чек ара кызматынын органдарынын ыкчам ишинин, мамлекеттик органдардын, уюмдардын, коомдук бирикмелердин, мамлекеттик чек араны коргоого катышкан жарандардын аракеттеринин жаңы формаларын жана ыкмаларын издөө жана ишке ашыруу;

- чек ара коопсуздугуна коркунучтарды өз убагында табуу, болжолдоо жана классификациялоо жана аларды зыянсыздандыруу боюнча адекваттуу чараларды көрүү кызыкчылыгында чалгындоо, каршы чалгындоо, ыкчам издөө иш-аракеттеринин ыкмаларын өркүндөтүү, мамлекеттик чек арадагы мыйзамсыз аракеттердин уюшкан формаларына каршы турууга артыкчылыктарды которуу, биринчи кезекте алардын эң коркунучтуусу: эл аралык терроризм, баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүү, мыйзамсыз миграция ж.б.;

- өз ара аракеттенүүчү мамлекеттик органдар менен бирдикте жеке адамдарды, транспорттук каражаттарды жана товарларды мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүүнү уюштуруунун жаңы технологияларын ишке ашыруу;

- чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасынын аймагына кирүүсүн, чыгуусун жана болушун эсепке алуунун жана контролдоонун бирдиктүү мамлекеттик системасын түзүү жана ишке ашыруу;

- мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын өз ара аракеттенүүсүнүн жана ишин координациялоонун натыйжалуулугун жогорулатуу;

- чек ара инфраструктурасын, биринчи кезекте кыргыз-тажик мамлекеттик чек ара тилкесинде өнүктүрүү;

- чек ара кызматынын органдарынын түзүмүн, башкаруу системасын оптималдаштыруу, кадрларды даярдоо, келишим боюнча чек ара кызматынын органдарына өтүү;

- чек ара маселелери боюнча коңшу мамлекеттердин чек ара органдары жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү механизмдерин иштеп чыгуу.

4. Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, ошондой эле аны колдонуу практикасына талдоо жүргүзүүнүн негизинде төмөнкү элементтерден турган аны камсыз кылуу механизми аныкталган:

1) чек ара коопсуздугун камсыз кылуу объекттери - мамлекеттин эл аралык, саясий, экономикалык, аскердик жана социалдык чөйрөлөрүндөгү чек ара коопсуздугуна коркунучтарды жараткан жана мындай коркунучтар болуп саналган процесстер жана шарттар;

2) чек ара коопсуздугунун субъекттери - мамлекеттик чек ара саясаты чөйрөсүндөгү компетенттүү мамлекеттик органдар:

3) чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун катышуучулары - өлкөнүн мыйзамдарында каралган укуктарын ишке ашыруу жана милдеттерди аткаруу аркылуу чек ара коопсуздугун камсыз кылуучу субъекттерге жардам көрсөтүүчү жеке жана юридикалык жактар.

4) чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар - стратегиялык жана концептуалдык документтердин, чек ара коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын, ошондой эле чек ара коопсуздугунун объекттерин (укуктарын, эркиндиктерин жана инсандын мыйзамдуу таламдары, коомдун жана мамлекеттердин таламдары) сактоого жана

коргоого багытталган аларды ишке ашыруу боюнча чек ара коопсуздугунун субъекттеринин ишинин жыйындысы;

5) чек ара коопсуздугун камсыз кылуу каражаттары - уюштуруу-укуктук механизмдер, укук коргоо ишинин айрым түрлөрү жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу үчүн колдонулуучу техникалык каражаттар; мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуунун жалпы жана атайын каражаттары белгиленген.

5. Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын калыптануу жана өнүктүрүү этаптарын изилдөөдө уюштуруу-укуктук мүнөздөгү көйгөйлөр аныкталган: чек ара кызматын каржылоонун жетишсиздиги; материалдык-техникалык жактан начар жабдуу; чек ара кызматынын кошуундары менен бөлүктөрүнүн аскерге милдеттүүлөр менен жетишсиз камсыз болушу ж.б.

Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу максатында төмөнкүлөр сунушталат:

- чек ара кызматынын органдарынын жана аскерлеринин сандык жана сапаттык курамына өзгөчө мамилени камсыз кылат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын айрым участокторунда аскердик эмес түзүлүштөргө караганда аскердик компоненттин басымдуу үлүшүн сактап калуу зарыл;

- чек ара кызматынын күжүрмөн жана техникалык камсыздоо бөлүктөрүн күчөтүү зарыл; аскердик компоненттен жана оор куралдардын жана техниканын кээ бир түрлөрүнөн толук баш тартуу туура эмес деп эсептелет;

- чек ара заставасынын жана башка бөлүктөрүнүн тактикалык деңгээлине өзгөчө көңүл буруу зарыл, анткени алар түздөн-түз мамлекеттик чек араны кайтарышат;

- чек ара заставаларын, чек ара комендатураларын жана чек ара көзөмөл бөлүмдөрүн чек араны коргоонун заманбап техникалык каражаттары, өздүк курам менен камсыз кылууну жакшыртуу, окуу процессинин жана кызмат өтөөгө даярдоонун натыйжалуулугун

жогорулатуу, аскер кызматчыларынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу, социалдык жактан коргоо.

6. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоо механизмин укуктук жөнгө салууга талдоо жүргүзүү укуктук жана уюштуруучулук мүнөздөгү бир катар көйгөйлөрдү аныктады, алардын негизинде аларды чечүү боюнча сунуштар иштелип чыкты:

- чек ара кызматынын жетекчиси башында турган, ага бир катар функциялар жүктөлгөн Кыргыз Республикасынын Чек ара саясаты боюнча ведомстволор аралык комиссиясын түзүү сунушталууда;

- бирдиктуу илимий-техникалык саясаттын укуктук негизин тузуу зарыл, анын ишке ашырылышы мамлекеттик чек арада бардык күчтөрдүн жана каражаттардын иштеши үчүн оптималдуу шарттарды камсыз кылат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасында өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуучу мамлекеттик органдардын ишинин ченемдик укуктук базасын иштеп чыгуу, ал Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасында чек ара, бажы, миграциялык жана контролдун башка түрлөрүнүн ортосундагы иштерди кайталоону жок кылат.

Кыргыз Республикасынын чек ара кызматы менен коңшу мамлекеттердин чек ара түзүмдөрүнүн ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл;

- Кыргыз Республикасынын Жер кодексине жерлерди, токойлорду, сууларды жана башка жаратылыш объекттерин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоо жаатындагы айрым маселелерди чечүү үчүн жогоруда аталган объекттердин бир бөлүгү Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын органдарына жана аскерлерине бекитип берүүнүн тартибин, анын ичинде аларга өткөрүп берүүнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдерди киргизүү сунушталууда;

-мамлекеттик чек араны коргоого жана кайтарууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, ишканаларды, мекемелерди, уюмдарды, коомдук бирикмелерди жана жарандарды кеңири тартуу зарыл;

- ыктыярдуу элдик дружиналардын мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгүн материалдык жактан стимулдаштырууну камсыз кылат;

- чет өлкөлүк чалгындоо кызматтарынын жана уюмдарынын чалгындоо жана диверсиялык иштерине, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу кылмыштуу топтордун жана өзгөчө коркунучтуу мамлекеттик кылмышкерлердин мыйзамсыз аракеттерине каршы аракеттенүүнүн укуктук негиздерин өркүндөтүү зарыл.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын коргоого алынуусунун алгылыктуу моделдеринин, теориялык жоболордун, корутундулардын, практикалык сунуштардын берилгендигинде.

Диссертациялык изилдөөнүн жоболору жана корутундулары, практикалык сунуштары мамлекеттик чек араларды бекемдөөнү, алардын чектеш республикалар менен биргеликте такталуусун конституциялык-укуктук жактан жөнгө салат;

мамлекеттик чек аралар маселелери тууралуу нормативдик-укуктук актылардын системага салынуусу чектеш республикалар ортосундагы гана эмес жергиликтүү калк арасындагы айрым пикир келишпөөчүлүкөрдү да тартипке салууга алып келет жана мындай аракеттердин натыйжасында чек ара гана эмес мамлекеттик кызыкчылыктарды да жогорку деңгээлде чечүүгө мүмкүнчүлүкөр түзүлөт; диссертациялык изилдөөнүн жоболору, корутундулары жана практикалык сунуштары мамлекет теориясы жана тарыхы, конституциялык жана административдик укуктар академиялык курстарынын окуу процесстеринде колдонулууга ээ боло алат.

**Диссертанттын изилдөөдөгү жекече салымдары**. Диссертациялык изилдөөдө алынган илимий-методикалык жана юридикалык натыйжалар диссертанттын жекече аракеттеринин жана изденүүлөрүнүн натыйжасында келип чыкты.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын улуттук

илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунда даярдалды жана талкууга алынды. Изилдөөдөнүн натыйжалары кафедранын отурумдарында (заседание), республикалык жана ошондой эле эл аралык деңгээлдердеги илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда апробацияланды, талкууга алынды жана биз изилдөөгө алган багыт боюнча докладдар окулду.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин окуу процесстеринде колдонулууда.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын диссертациядагы чагылдырылыш деңгээли.** Диссертациялык изилдөөдө берилген негизги теориялык жоболор жана корутундулар, практикалык сунуштар он публикацияларда чагылдырылды.

**Диссертациянын структурасы** диссертациялык изилдөөнүн табиятына жана өзгөчөлүктөрүнө ылайык түзүлүп, анын максаты жана милдеттери тыкыр эске алынды. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган ченемдик укуктук актылардын жана илимий адабияттардын тизмесинен турду.

# I БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы түшүнүгү жана анын укуктук маңызы

Азыркы учурда эгемендикти туура кабыл алуу жана ага карата туура мамиле, жоопкерчиликтер жана милдеттер, ал эгемендүүлүктү, аймактык бүтүндүктү, мамлекеттик чек аралардын кол тийбестигин, эң башкысы, Кыргыз Республикасынын жалпы коопсуздугун жана тынчтыгын жогорку деңгээлде сактап туруу сыяктуу абдан жооптуу милдеттер өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Бул жана башка мамлекеттик, коомдук маанилүү маселелер мамлекеттик чек аралардын сакталуусу жана бекемделүүсү, чек ара саясаты менен тыгыз байланышып, бул маанилүү жоопкерчиликтер мамлекетибиздин, жалпы калкыбыздын башкы милдеттеринин бирине айланууда.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын бекем сакталуусуна жана алардын бекемделүүсүнө, кайрадан так жана туура каралып чыгуусуна терең жана ар тараптуу талдоо жасоо чек ара түшүнүгүнө, анын табиятына, эл аралык мамилелердеги анын ордуна жана кызматына тереңден баа берүүсүз таптакыр мүмүн эмес. Чек ара маселелерин туура чечүүдө бул феномендин түпкү тамырына, анын табиятына, коомдук ой жүгүртүүгө жана кызыкчылыктарга, мамлекеттин келечектеги перспективалык өнүгүүсүнө, чектеш республикалар аралык ынтымактыкка, өз ара түшүнүшүүгө, кызыкчылыктардын туура келүүсүнө терең көңүл бурулат.

“Мамлекеттик чек ара” түшүнүгү чектеш мамлекеттер ортосундагы мамилелерди аныктоочу категория катары кабыл алынат жана чек ара мамлекеттин туруктуу атрибуту катары кызмат кылуу менен ага илимий-теориялык жактан жогорку аң-сезимдүүлүк менен мамиле жасоо зарыл жана

“чек ара түшүнүгү” ушунусу менен да түбөлүк актуалдуулукка ээ. Мамлекеттик чек ара түшүнүгү социалдык-саясий өңүттөн алып караганда эгемен коомдун, көз карандысыз мамлекеттин социалдык-мамлекеттик жашоосунун жана тынчтыгынын подсистемасы, ага заман талаптарына, чектеш мамлекеттер ортосундагы мамилелерге жана өнөктөштүктөргө жараша улам жаңыча мамиле жасалып турат.

Түрдүү социалдык, саясий, тилекке каршы, аскердик күчтөрдүн өзгөрүүсү менен чектеш жайгашкан өлкөлөрдүн мамлекеттик чек араларга болгон мамилелеринин өзгөрүп кетүүсү да күтүлөт. Мисалы, мамлекеттер ортосундагы чек аралардын алынып ташталуусу, чектеш жайгашкан мамлекеттердин биригип кетүүсү, бир эле өлкөнүн бир нече мамлекеттерге ажырап бөлүнүп кетүүсү, түрдүү шарт-жагдайларга жараша чек аралардын кайрадан каралып чыгуусу менен ары-бери жылдырылуусу ж.б. Тилекке каршы, бардык эле учурларды коңушулаш мамлекеттердин чек ара маселеси боюнча кызыкчылыктары жана көз караштары бири-бирине дал келе бербейт, мындай талаштуу учурларда тарыхый принциптердин тыкыр эске алынуусу зарыл.

Жогоруда айтылгандардан улам “мамлекеттик чек ара” түшүнүгү татаал, бир тараптуу чечилүүчү маселе эмес көп аспектилүү жана көп деңгелдүү сасий кубулуш деп жыйынтык чыгарууга болот.

Жалпысынан алганда “чек” түшүнүгү түрдүү кубулуштардын, нерселердин ортосундагы чекти, ортолукту билдирет. Бул сөз мейкиндик маанидеги түшүнүктү гана билдирбестен көптөгөн маанилик сөз айкаштарда колдонулат, мисалы, чыдоонун чеги, сын айтуунун чеги, сый-урматтын чеги, коркуунун чеги, оройлуктун чеги, шалаакылыктын чеги ж.б.у.с. (бул маани орус тилинде “грань” түрүнө эмес “предел” деп колдонулат). Чек сөзүнө аралыкты билдирген “ара” сөзү кошулуу менен мамлекеттер ортосундагы чекти, конкреттүү бир өлкөнүн башка өлкөлөр менен чектешкен сызыгын билдирген түшүнүк келип чыккан. “Ара” сөзү ар кандай нерселердин, аймактардын ортосундагы аралыкты, ортолук мейкиндикти билдирет

(мисалы, токойду аралап өтүү, калың өскөн чөптүн арасында). “Чек ара” сөзү убагында неологизм болгону менен бара-бара активдүү сөз катмарына кирип калды. Чек сөзү аймактык, мейкиндик маанини, жогоруда мисал катары келтирилгендей, мамилелик, маанайдык, түрдүү сезимдик абалдарды гана эмес микромирдик, макромирдик жана космостук чектерди да билдирип калат. “Чек” сөзү эки башка нерсенин, түшүнүктүн ортосундагы же алардын акыркы жеткен чегин гана билдирбестен бир эле жумуштун, нерсенин ичиндеги ортолук абалды да билдирип калат, демек ошол аткарылган жумуштун ортосунда кандайдыр тыныгуу болуп, ал кийин улантылып кеткен. Мындай чектер бири-бирисиз колдонууга ээ боло албайт жана бир бүтүндүктү билдирбейт.

Чек, чек ара мейкиндикти, анын канча аралыкка созулушун, кайда жайгашуусун, өлчөмүн жана аянтын гана билдирбестен мезгилдик маанини да билдирет. Мезгилдик чектер (тарыхый чектер) тарыхый мезгилдердин башталышын жана аякталышын, алардын бири-бирин алмаштыруусу, улантулуусун, мезгилдик, айлык, жылдык, кылымдык тогошууларды да чагылдырат. Бизге цивилизациялардын, коомдук-экономикалык формациялардын, кеңири белгилүү тарыхый окуялардын канчалык убакытка созулуусу, тыныгуусу белгилүү. Айрым бир атактуу адамдардын, жакын тааныштарыбыздын, тууган-уруктарыбыздын жашап өткөн өмүр жолу, жаш курагы, бир туугандар же башка жарандардын ортолорундагы жаштык айырма, чек да жогорудагыдай эле түшүнүктү чагылдырып калат.

Социалдык түзүлүштөрдүн чектеринин чагылдырылышы да өз алдынчалуулукка ээ. Мында чек түшүнүгү коомчулук, калк, кайсыл бир уруу, топ, чоң-кичине жамаат, жекече (физикалык) же юридикалык жарандар, уюм, мекеме, алардын мүчөлөрү эмгектенген, жашаган аймакты, жерди, даректи (шаарды, айылды, районду, мамлекетти ж.б.) билдирет. Чек, чек ара маселеси боюнча чектеш мамлекеттер ортолорунда гана эмес жекече жарандар, үй-бүлөлөр ортосунда да талаш-тартыштардын чыгып калуусу толук мүмкүн. Ушул себептүү да жеке адамдарга, үй-бүлөлөргө үй куруу үчүн берилген жер

аянты “чек” деп аталып жатпайбы, мында үй куруучу коңушусунун чегине бир метр эмес элүү сантиметр да кирип кете албайт, ага анын юридикалык укугу жок. Жеке адамдар үчүн жаңыдан үйлөр курула баштаган жерлердин “жаңы чек” деп аталуусу ушундан улам.

Жогоруда айтылгандардын баары чек жана чек араны юридикалык-укуктук гана эмес философиялык категория да катары кароого да алып келет. Чек, үстүртөдөн алып караганда, мейкиндик, өлчөм, аянт, аралык түшүнүктөрүнө окшош, бирок аны менен толук дал келбейт. Чек ошол мейкиндик, өлчөм, аянттын чекеси, башка нерселер (мейли, эч нерсе жок болсо да) менен чектешкен чекит, сызык.

“Мамлекеттик чек ара” терминин эң эле негиги жана башкы элементи, бул – “мамлекет”, “мамлекеттүүлүк”. Бирок да, “чек ара” түшүнүгүнө маммлекет терминине салыштырмалуу азыраак көңүл бурулуп келгендиги айныгыс чындык. Терең алып караганда, конкреттүү чек арасы жок эч бир мамлекет болбойт жана чек аранын укуктук-юридикалык, саясий-социалдык жактарынын кыргыз юридика илиминде жетишерлик изилденбей келгендиги бизди бул диссертациялык ишти колго алуубузга себепчи болду.

Дал ушул мамлекетте, анын жүргүзгөн ички, сырткы саясаттарында бүтүндүк, функционалдык өз алдынчалуулук сыяктуу белгилер ачыкка чыгат жана ал социалдык философия, социология, саясат таануу, юриспруденция ж.б. коомдук илимдердин категориялык аппаратына кирет.

Жыйынтыктап айтканда, “мамлекеттик чек ара” термини “мамлекет” деп аталган татаал жана масштабдуу социалдык-саясий түзүлүштүн чегин билдирип жана дүйнө элдерине даана көрсөтүп турат. “Мамлекеттик чек ара” терминин маани-маңызы Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 16-майындагы 1-мыйзамдын № 98 беренесиндеги “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү” мыйзамына аныктама берүү менен ачыкталат. Бул мыйзамда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы мамлекеттин аймагынын (кургак жерлеринин, жер астынын, кен байлыктарынын, сууларынын, аба мейкиндигинин) чектерин вертикалдык

түрдө аныктоочу сызык, башкача айтканда, эгемен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик иш-аракеттеринин мейкиндигиин чеги” деп жазылган [5]. Мамлекеттик чек ара өлкөнүн аймактык чегин гана билдирбестен чектеш жайгашкан мамлекеттердин ортосун, чектешкен жерлерин билдирип турат. Чек араны эки тараптуу ачык тактамайын чектеш жайгашкан мамлекеттер ортосунда пикир келишпестиктердин, кызыкчылыктарынын эки ача чыгышынын тобокелчилиги күтүлөт, ушул себептүү да учурда чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча маселелер курч коюлууда. Ал гана эмес чек аранын кооптуу аймактарында (мисалы, Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара аймактары) жашаган жана атайын аскердик даярдыктан өткөн жарандарга кооптуу учурлар жаралып зарылчылык болгондо аларга курал берүү жагы чечилүү алдында турат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук статусу республиканын эл аралык келишимдери, өлкөнүн чек арага тиешелүү мыйзамдары менен аныкталат. Мындай келишимдер жана мыйзамдар жалпы кабыл алынган эл аралык укуктук принциптердин, өз республикасынын гана эмес коңушулаш мамлекеттин да эркиндигин, эгемендүүлүгүн тааныган жана сыйлаган, эки өлкөнүн ортосундагы чек ара сызыгынын кол тийбестигин сактаган принциптердин негизинде түзүлөт жана кабыл алынат. Ар бир адамдын жекече кызыкчылыктары болгон сыяктуу эле ар бир чектеш мамлекеттердин ортолорунда да жекече аймактык кызыкчылыктардын болорун эч ким тана албайт. Бирок, эки мамлекеттин жалпы кызыкчылыктары, жалпы ынтымак жана тынчтык үчүн өз ара түшүнүшүүгө, зарыл учурларда өздүк кызыкчылыктарды гана эмес өзгө кызыкчылыктарды да эске алуу зарылчылыктары жаралат. Чек ара маселелерин “тынчтык жолу менен чечүү” деген сөз дайыма кайталанып келет, бирок эки мамлекеттин ортосунда согуштук чыр чыгып, айыл-кыштактар гана эмес шаарлар же алардын айрым бир бөлүктөрү талкалангандан, аскер адамдары же тынч жашаган жарандар каза болгондон кийин ага күнөөлүү жана урушту

баштаган тараптын жооп берүү маселелери толугу менен чечилбей келүүдө же абдан кечеңдеп каралууда.

Чектеш жайгашкан мамлекеттердин бир пикирде, өз ара саясий-социалдык, экономикалык кызматташтыкта болуу принциптеринин сакталуусу абдан маанилүү. Бул талаптарда чектеш мамлекеттердин бирдей көз караштa жана ошондой эле эки ача пикирде болуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул тууралуу Б.М. Клименко жана Н.А. Ушаков изилдөө жүргүзүшүп, аймактык кол тийбестик принциптери аймактык кол тийбестик формуласы менен чечилет деп жазышкан. Негизи, жөнөкөй тил менен айтканда, чектеш өлкөлөр “мен сага тийбейм, сен мага тийбе” принциби менен жашоого тийиш. Башка мамлекеттерге сын, пикир же сунуштар берилгенде, кандайдыр аракеттер көрүлгөндө аны “башка мамлекеттин ички иштерине жана саясатына кийлигишүү” деп түшүнүп жана кабыл алып жүрбөйбүзбү. Чынында, аймактык кол тийбестик, мамлекеттин толук көз карандысыздыгы сакталганда гана аймактык бүтүндүк, чек аралардын коопсуздугу сакталат эмеспи [76, с.37].

Аймактык кол тийбестик принциптеринен, өз кезегинде, эл аралык жана дүйнөлүк тынчтыктын сакталуусу көз каранды. Көп учурларды мамлекеттер аралык аймак, жер маселеси боюнча келип чыккан талаш-тартыштыктар, салыштырмалуу түрдө майда катары эсептелинген чыр-чатактар ири конфликттерге, куралдуу кагылышууларга да алып келет. Психологиялык-философиялык көз караштан алып караганда, чырды баштап коюу абдан жеңил, бирок ал башталгандан кийин аны токтотуп калуу абдан татаал. Чыр-чатактарга барган тигил же бул тараптын сөзсүз түрдө күнөөсүнүн көбүрөөк болору түшүнүктүү көрүнүш. Бирок да, ал тараптын өз айыбын мойнуна ала коюусу, тилекке каршы, сейрек көрүнүш. Мисалы, Россия менен Украинанын согуштук кагылышуусу кайсыл себептерден улам келип чыкты? Украинанын Донецк менен Луганск областтары өз алдынчалуулугун жарыялап жиберишип,  Украина аларга сегиз жыл бою тынчтык бербей аткылап туруп алышты. Мындан улам бул областтарда

басымдуу көпчүлүктү түзгөн орус калкын коргойм деген максатта Россия Украинага кол салып, “атайын операция” деп аталган аракеттер кадимки эле чоң согушка айланып кетти жана Россия дээрлик түрдө бүткүл НАТО блогу менен согуш жүргүзүп жатат. Тарыхый жактан алып караганда, Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин СССР тамырын кеңири жайып, Европанын көпчүлүк өлкөлөрүнө социалисттик системаны орнотуп таштады. Буга каршы аракет катары АКШ 1949-жылы НАТО блогун түзүп, Европанын биз капиталисттик деп атаган өлкөлөрү бул блокко кирди. НАТОдон коргонуу, ага каршы аракет катары 1956-жылы Варшава келишими түзүлүп, бул аталыштагы блок пйда болуп, эки блок бири-бири менен тирешип туруп калды. Социалисттик системанын жашоого, өнүгүүгө жөндөмүнүн азыраак экендигине байланыштуу бул система кыйрап жок, натыйжада Варшава келишими да кыйра жок болду. Ошондо НАТО кимден коргонот, кимден кооптуулукту күтөт деген мыйзам ченемдүү суроо пайда болбой койбойт. Ага чейин өзүбүз тынымсыз “бүткүл дүйнөдө коммунизм жеңет”, “империализм чирип бара жаткан капитализм” деп алардын тынчын алып келгенбиз. Чындыгында, орус, украин, беларус элдеринин түпкү тамыры бир жана алар ынтымакта бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып ынтымакта жашап, бүткүл дүйнөнү кыжалатчылыкка салбай тынч оокат кылбайбы деген ой көпчүлүгүбүздүн көңүл борборубузда турат (Россий өзөктүк (ядролук) курал колдонуп жибербейби деген кооптонуулар да пайда боло калып жатат).

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы анын ажырагыс атрибуту катары өлкөнүн мамлекеттик аймагынын укуктук статусун билдирип, анын аймактык бүтүндүгүн жана кол тийбестигин аныктап турат. Мамллекет чек аралар менен чектелген бул аймагында өз саясатын, чарбасын эч кандай көз карандысыздыкта эркин жүргүзөт. Республиканын аймагында жайгашкан бардык байлыктар: кургак жерлер, суу, кен байлыктары, тоолор жана андагы мөңгүлөр мамлекеттин жеке байлыгы. Мамлекет өз чек арасын жана аймагын куралдуу кол салуулардан гана эмес мыйзамсыз кирип жана чыгып жаткан кооптуу же зыяндуу товарлардан жана нерселерден (баңги

заттары, курал-жарактар, контрабандалык товарлар, химиялык зыяндуу заттар ж.б.) коргоого алат. Чек ара аймагынан мыйзамсыз түрдө чыгып жаткан товарлар тууралуу сөз кылып жаткандыгыбыздын себеби эмнеде. Республиканын экономикасына, калктын жашоо-турмушуна зарыл жана тартыш бологон айрым товарларды, азык-түлүктүн түрлөрүн сыртка чыгарууга убактылуу же туруктуу чек коюлушу да толук мүмкүн. Мамлекетибиз агрардык өлкө болгондуктан калктын басымдуу көпчүлүк бөлүгү мал чарбасы менен алектенет жана этке болгон баа көтөрүлө баштаган учурларда малды четке чыгарууга да катуу көзөмөлдүк жүргүзүлүп турат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы башка бардык эле өлкөлөрдүн чек аралары сыяктуу эле төмөнкү үч негизги категория боюнча классификацияланат: кургак жерлердеги чек ара, аба мейкиндигиндеги чек ара жана суу бетиндеги чек ара. Кыргыз мамлекети океандардан жана деңиздерден алыс жайгашкандыктан суу үстүндөгү чек арасы жок деп айтсак да болот. Эзелтеден мамлекеттер жана элдер ортосундагы чек аралар эки элдин ыңгайлуулугу үчүн дарыялар аркылуу белгиленип келген жана ушул принцип менен Кыргызстан да чектеш республикалар менен көп жерлеринде дарыялар аркылуу чектешет.

Чек ара дарыяларга туш келгенде чектеш эки өлкөнүн чеги ошол дарыянын дал ортосу катары эсептелет, дарыя эки бөлүнүп аккан болсо чек чоңураак эки агымдын бөлүгүнүн дал ортосу катары кабыл алынат. Эл аралык практика боюнча дарыянын ортосу катары эсептелген чек өзгөрбөйт, мында дарыянын жээктен алыстап кетүүсү, дарыянын толук агуусу же тескерисинче, тайыздашы эсепке алынбайт.

Дарыянын нугу ар түрдүү себептер менен кескин бурулуп кеткенде чекти кайра карап чыгуу жана тактоо чектеш эки өлкөнүн катышуусу менен жүргүзүлөт. Мындай учурларда ар бир тарап дарыядан бирдей деңгээлде жана укукта пайдалана алат. Мурдагы эки чектеш мамлекеттин чек арасынын

өзгөртүлүүсү эки тараптуу макулдашуу, келишим менен документалдуу түрдө протоколдоштуруп бекитилет.

Суу жана жер бети гана эмес алардын асты да ошол мамлекеттин аймагы жана менчиги деп айтып өттүк, демек жер же суу астынан чыккан кен байлыктарды мамлекет өз каалоосу жана кызыкчылыктары үчүн каалагандай иштете алат, бирок мында аймакка экологиялык зыян келтирбөө маселелери курч коюлууга тийиш. Мисалы, Кум-Төр алтын кени узакка созулган жана канчалаган талаш-тартыштардан кийин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик менчигине өттү. Мында кыргыз элинин “коңушуң тынч, өзүң тынч”, “алыскы туугандан жакынкы коңушу артык” деген макалдарын дагы бир жолу эске салуу кетүү ашыкчалык кылбайт.

Чектеш жайгашкан мамлекеттер ортосундагы чек ара сызыгы тарыхый калыптанып калган жана сакталып келген принциптер боюнча жана ошондой эле жер алмаштыруу, компенсация төлөө жолдору менен макулдашуу аркылуу такталышы жана бекитилиши мүмкүн. Мисалы, Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосундагы келишүүлөр жана макулдашуулар аркылуу чек ара маселелери биротоло такталуу аягында турат десек жаңылышпайбыз. Негизи, мындай учурларда чектеш эки өлкөнүн теӊ эч кандай зыян тартпагандыгы максатка ылайыктуу, шарт-жагдайга жараша жер алмаштыруу менен көпчүлүк учурларда эки тараптын теӊ чек араларга чектеш жайгашкан калкынын утукка ээ болгон учурлары арбын.

Эл аралык практикада мамлекеттердин аба аймагынын чектери дээрлик түрдө так такталган эмес жана ал мүмкүн да эмес, демек, Кыргыз Республикасынын да аба мейкиндигинин чектери да эл аралык практикада колдонулуп келе жаткандай эле шарттуу түрдө белгиленген деп айта алабыз. Мамлекеттин аба мейкиндиктеринин чектери так белгиленген чек аранын үстүнөн кетери жалпыга белгилүү, бирок жер бетиндегидей аны метрине чейин так аныктоо мүмкүн эмес.

Түздүктөргө салыштырмалуу тоолуу аймактарда чек ара тосуу жана аны белгилөө бир топ татаалдыктарды жаратат. Адатта мындай жерлерде чек

ара тоо кыркалары, бийик тоолор аркылуу белгиленет. Түздүктөрдө да башка жерлерге салыштырмалуу алыстан эле ачык байкалган дөңсөөлөр, жапыс тоолор, сайлар, чукурлуктар, жашоого, мал багууга, дыйканчылык кылууга ыңгайсыз суу барбаган жерлер, капчыгайлар, бадалдар же токойлор болот эмеспи жана чектеш мамлекеттердин чек аралары да көпчүлүк учурларда ушундай жерлерден өтөт. Тилекке каршы, Баткен областындагы Кыргызстан менен Тажиксандын чек ара сызыгын тактоо көпөгөн түйшүктөрдү жаратууда, буга көпчүлүк жерлерде эки республиканын калктуу пункттарынын бири-бирине өтө жакын жайгашкандыгы да себеп болууда. Айрым жерлердеги эки республиканын жарандарынын үйлөрү шахмат тактасындай аралаш жана чачкын да жайгашып калган жана анын үстүнө бир улут экинчи бир улуттун, республиканын жерлери менен аралаш, анклав катары отурукташып калган жерлери да бар. Негизи, эки мамлекеттин ортосунда бейтарап зона (нейтральная зона) болуп, эки өлкөнүн бири-биринен салыштырмалуу түрдө алысыраак (алыс дегенде 5-6 километрди түшүнбөө керек) жайгашканы максатка ылайыктуу болор эле.

Кыргыз Республикасы негизинен тоолуу өлкө болгондуктан дарыяларыбыздын басымдуу көпчүлүгү төмөн карай, Өзбекстан, Тажикстан жана Казакстан республикарын көздөй агат. Бул мамлекеттердин аймагындагы суу сактагычтардын кээ бирлери кыргыз тоолорунан агып келген дарыялардан азыктанат, ал тургай, ошол республикалардын айрымдары үчүн иштеген суу сактагычтар Кыргызстандын аймагында курулуп калган учурлар да бар. Мындай суу сактагычтар жергиликтүүлөр арасында дайыма наразычылыкты пайда кылып келет, тактап айтканда, суу сактагыч башка республика үчүн кызмат кылат, ал эми азабын жергиликтүүлөр тартат, жер асты менен таркаган суу жакынкы айылдардын пайдубал, дубалдарынын нымданышына алып келүүдө. Биздин диссертациялык изилдөөбүз КРнын чек ара коопсуздугун конституциялык-укуктук негизде тартипке келтирүү гана болгондуктан суу сактагыч маселелерин саясатташтырбай кое туралы.

Эгер чектеш мамлекеттердин чек арасы ири өлчөмдөгү суу бассейндерине, көлдөргө, деңиздерге туш келсе чек ара сызыгы басымдуу көпчүлүк учурларда кургак жерлердегидей ары-бери бурулуп кетпестен түз кетет. Эгер суу сактагыч курулганга чейин дарыя ийри-буйру болуп, ары-бери бурулллуп аккан болсо да суу сактагыч курулгандан кийин, жогоруда айтылгандай, шарттуу түрдөгү чек ара сызыгы түз сызык боюнча кетет. Суу сактагычтын суусунан пайдалануу эки мамлекеттин алдын ала түзүлгөн келишими жана макулдашуусу боюнча ишке ашырылат. Мында суу пайдалануучулар чек ара кызматкерлери менен биргеликте иш алып барганы максатка ылайыктуу.

Сейрек учурларда болсо да темир жол, авто жолдору жана көпүрөлөрү чек ара сызыгы боюнча курулуп калышы да мүмкүн, мында да эки өлкөнүн чек ара сызыгы дарыя, көл же деңиздегидей эле алардын орто жеринен белгиленет. Чек аралардан өтүүчу темир жолдор жана авто жолдору, көпүрөлөр абдан арбын, алар ошол жерде эки мамлекттин менчиги катары каралат жана оңдоо-түзөө иштеринин биргеликте жүргүзүлгөнү максатка ылайыктуу.

Чек ара аймагында болгон ар кандай табигый кубулуштар (сел, кар, жер көчкү ж.б.) демаркацияланган чек араны өзгөртө албайт. Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара жөнүндөгү” мыйзамдарына ылайык чек ара сызыгы өткөн жерлерге атайын чек ара белгилери коюлат, алар алыстан эле даана көрүнүп турууга жана бекем, узак мөөнөттүү болууга тийиш. Чек ара белгилеринин коюлуш тартиби, формасы, түсү жана өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (азыркы министрлер кабинети) тарабынан белгиленет. Чек ара белгисин кургак жерлерге, анын ичинде түздүктөгө, бийик тоолорго, дарыя же суу бассейндерине коюуга туура келет жана ага карата чек ара белгисинин ар кандай түрү тандалып алынат.

Чек ара белгисин кургак жерлерге коюуда, эреже катары, ар бири үч мамычадан турган комплект колдонулат, мында ар бир эки кыскараак

мамычанын ортосуна алардан узунураак болгон мамыча коюлат. Ар бир мамычанын катар номери болот, чек ара белгиси тиешелүү болгон мамлекеттин герби тартылат, мамычалар эки тараптуу макулдашууларда чечилген түскө боёлот. Кээде чек ара сызыгы чек ара маяктарынын, пирамидалардын, атайын курулган дөбөчөлөрдүн жардамы менен белгиленет. Тилекке каршы, бул талаптар коңушу мамлекеттер тарабынан көпчүлүк учурларда сакталбай келет жана алардын суроо, макулдашуусуз эле чек ара сымдарын тартып алып жаткан учурлары арбын.

Чек ара дарыялар боюнча өткөндө дарыянын эки жээгине тең чек ара белгилери коюлат. Чек ара сызыгы дарыядан, суу бассейндеринин кургак жерге же тескерисинче, кургактыктан дарыяга өткөндө чек ара сызыгы төрт элементтен – үч кыскараак мамычадан жана бир борбордук узунураак мамычадан турган белгилер менен белгиленет.

Чек ара сызыгы суу сактагыч аркылуу өтсө жана анчалык чоң болбой аркы жээктен берки жээги даана көрүнүп турса чек ара белгилери дарыяларга коюлган тартиптегидей эле коюлат.

Чек ара сызыгынын ары-бери жылдырылуусу же буга чейин коюлуп келген чек ара белгилеринин алмаштырылуусу чектеш эки өлкөнүн атайын макулдашуусу аркылуу иш ашырылат.

Эл аралык эрежелер боюнча чектеш мамлекеттердин чегинин такталышы эки этап менен жүргүзүлөт, биринчиси – чек ара сызыгынын делимитацияланышы, экинчи этабы – демаркацияланышы.

*Делимитация* – бул чек ара сызыгынын такталышы жана анын картага түшүрүлүшү. Мында чек ара сызыктары өткөн жерлерге мүнөздөмө берилет жана ал жерлер ири масштабда картада белгиленет. Мындай картага макулдашууга барган тараптардын расмий өкүлдөрү колдорун коёт, карта мамлекеттин герби коюлган мөөр менен бекитилет жана ал карта чек араны делимитация жөнүндөгү келишимдин негизги курамдык бөлүгү болуп саналат. Делимитация жөнүндөгү эки тараптуу келишим өлкөнүн парламенти тарабынан ратификациядан өтөт.

Демаркация – бул буга чейин жүргүзүлгөн делимитация жөнүндөгү келишимдин негизинде чек ара сызыктарынын жана белгилеринин коюлгандыгы, мында картага түшүрүлгөн белгилер так сакталууга тийиш. Демаркация чектеш мамлекеттердин атайын расмий өкүлдөрүнөн турган комиссия тарабынан ишке ашырылат жана бул учурда эки тараптын ортосунда эч кандай талаш-тартыш, пикир келипөөчүлүктөр болбоого тийиш, себеби бардык маселелер делимитация тууралуу макулдашууда эле чечилип калган. Демаркациялык комиссиянын милдеттери төмөнкүлөр: демаркация жүргүзүлгөн жерлерге, чек ара сызыктарына, алар түшүрүлгөн картага мүнөздөмө берүү; чек ара белгилеринин коюлуш тартиптерин чечүү жана тактоо; чек ара белгилери коюлган жерлердин координаттарын картага түшүрүү; чек ара белгилерин, алар коюлган жер аймактарын сүрөткө тартып алуу жана булар боюнча протокол түзүп ага тараптардын кол коюусу.

Демаркацияга бир топ жоопту талаптар коюлат, чек арага коюлган белгилер жылдын жана сутканын ар кандай мезгилинде, ар түрдүү аба-ырайында алыстан эле даана көрүнүп турууга тийиш. Чек ара сызыгы өткөн жерлерге аны көзөмөлгө алуу жана текшерүү максатында бир тараптуу да, эки тараптуу да барып турууга ыңгайлуу шарттардын түзүлүүсү зарыл. Демек, чек ара сызыгын чектеш мамлекеттердин чек ара кызматтары биргелешип да, жеке өздөрүнчө да текшерүүгө алып турууга укуктуу.

Чек аранын кайсыл бир бөлүктөрүнүн же бүтүндөй демаркацияланышы боюнча документтер чектеш мамлекеттердин өкмөттөрүнүн аны ратифакциядан өткөргөндүгү тууралуу бири-бирине маалымат бергенинен кийин күчүнө кирет [84, 58-бет].

Айрым бир талаш жараткан чек бөлүктөрүндөгү чек аранын такталышы жана чечилишинде, делимитация менен демаркациянын ортосунда бир топ аралыктар өтүп кетиши да күтүлөт, ал эми узак убакыттан бери эле такталган, эч кандай талаш-тартышты жаратпаган бөлүктөргө кайрадан кайрылып отуруунун кажети да жок болуп калган учурлар арбын [78, 99-бет].

Зарыл учурларда чектеш мамлекеттердин тиешелүү кызматтары мурда демаркацияланган чек ара бөлүктөрүн, ал боюнча түзүлгөн документтерди кайрадан карап чыгышат, ураган, бузулган чек ара белгилерин калыбына келтиришет же кошумча чек ара белгилерин коюшат, келишимдерге ылайык мурда коюлган чек ара белгилери жаңы типке келтирилип жаңыланышы да мүмкүн.

Редемаркация, кайрадан демаркациялоо чектеш мамлекеттер ортосунда талаштуу пикирлер жаралганда, табият кырсыктары болуп чек ара белгилери же сызыктары бузулганда жүргүзүлөт. Редемаркация да демаркациядагыдай эле тартипке ишке ашырылып, анын натыйжасы боюнча атайын документтер толтурулат, кабыл алынган эки тараптуу чечим протоколдоштурулуп, тиешелүү бийлик өкүлдөрү колдорун коюп, аны бекитишет.

Редемаркация учурунда чек ара сызыктарында айрым өзгөртүүлөрдүн болушу да мүмкүн, бирок мындай ары-бери жылуулар же алмаштыруулар эки тараптын тең кызыкчылыктарына дал келүүгө тийиш. Демек, чек арага тиешелүү бардык маселелер эки тараптуу, паритеттик негизде чечилет, негизги маселе, кайсыл бир тараптын өз кызыкчылыктарын жогору коюп туруп албоосунда.

Кыргыз Республикасынын чектеш мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн демаркациялык комиссиясынын делегациясынына курамы республиканын Министрлер Кабинетинин атайын Токтому менен бекитилет. Ушул эле Токтом менен делимитация жана демаркация жумуштарына болгон алдын ала даярдыктарга, алардын аткарылуу мөөнөттөрүнө, аларга жумшалуучу күчтөргө жана каражаттарга тиешелүү маселелер да аныкталат. Бул аткарылуучу жумуштардын эки өлкөнүн тең чарба жумуштарына кедергиси тийбөөсүнө өзгөчө маани берүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын демаркациялык комиссиясынын делегациясынына курамы анын төрагасынан, мүчөлөрүнөн, эксперттерден, катчыдан жана котормочудан турат. Делегациянын төрагалыгына жана мүчөлүгүнө Тышкы Иштер Министрлигинин, Кыргыз Республикасынын

Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабынын жана УКМКнын чек ара кызматынын өкүлдөрү тандалып дайындалат. Демаркациялык комиссия такталуучу чек ара сызыктарынын узундугуна, татаалдыгына жана талаш-тартыштуулугуан жараша өзүнө кошумча техникалык аппаратты тартышы да мүмкүн.

Демаркациялана турган чек ара тилкелери айрым-айрым бөлүктөргө (секторлорго) бөлүнүп каралат. Бул бөлүктөрдү жер-жеринде карап жана териштирип карап чыгуу, тактоо үчүн делегациянын курамынын ичинен атайын мүчөлөр эки тараптуу тартипте тандалып алынат. Бул чакан топ да делегациянын курамы сыяктуу эле өзүнүн төрагасынан, мүчөлөрүнөн, катчыдан, котормочудан жана чек ара мамыларын жана белгилерин орнотуучу топтордон турат. Чек ара маселелерин чечүүчү делегациянын курамына жер шартын, эзелтеден сакталып келе жаткан чек ара тилкелерин мыкты билген жергиликтүү аксакалдардан да киргени максатка ылайыктуу. Чектешкен эки мамлекеттин тиешелүү кызмат адамдарынан турган демаркациялык комиссиянын жумушу төмөнкүдөй үч стадиядан турат: даярдык көрүүчү этап, талаа жумуштары жана ишти жыйынтыктоочу этап.

Даярдык көрүүчү этапта чектеш эки мамлекеттин комиссиясынын аткаруучу иштеринин Жобосу иштелип чыгат. Бул Жободо комиссиянын компетенциялары жана милдеттери такталып чыгат, аларга эки тараптуу көрсөтмөлөр берилет, чек ара белгилерин орнотуунун тартиптери жана ошондой эле чек ара тилкелеринин так кесе чечилгендиги тууралуу тиешелүү документтерди толтуруунун эреже, милдеттери такталат, аэрофототопографиялык сүрөткө тартуу, такталган чек ара сызыктарын картага түшүрүү сыяктуу жумуштардын тартиптери алдын ала аныкталат.

Жумуш ордундагы талаа жумуштарынын жүрүшүндө комиссия мүчөлөрү эки тараптуу макулдашууга келүү менен чек ара белгилерин орнотууга киришишет. Бул чек ара мамычалары чек ара тилкесинин географиялык координатын так аныктоо менен бекемдеп орнотулат. Ар бир чек ара мамычаларына номерлер же шарттуу белгилер коюлуу менен

алардын географиялык координаттарынан тышкары жайгашкан жерлеринин ориентири да болжолдонуп протоколдоштурулат. Булардан тышкары, ар бир чек ара белгиси шарттуу белгилер менен белгиленип топографиялык картага түшүрүлөт.

Жумуштун жыйынтыктоочу акыркы этабында эки тараптын кызмат адамдарынан турган комиссия протоколдук документтерди түзүп ага жана демаркациялык карталарга кол коюшат. Андан кийин протокол-сүрөттөө түзүлүп, ал абдан так жана эки тарап үчүн түшүнүктүү болуп, эки тараптын тең кызыкчылыктарын канааттандырып жана бул боюнча кийин талаштуу маселелер болбоого тийиш. Кол коюлууга берилүүчү документтер ар бир мамлекеттин мамлекеттик тилинде эки нускадан, баары төрт нуска түзүлөт. Биздин шарттарда протоколдордун, тиешелүү документтердин мурдагы СССРдин курамындагы республикалар үчүн даана түшүнүктүү болгон жана бизде расмий тил катары эсептелинген орус тилинде да түзүлгөнү орундуу болор эле. Чек ара тилкелери акыры аягына чейин такталып, жыйынтыктоочу документтерге жана корутунду протоколдорго эки тараптын тең комиссия мүчөлөрүнүн колдору коюлгандан кийин жумуш биротоло аягына чыкты деп эсептелинет. Кол коюлган документтер эки тараптын тең тиешелүү органдары тарабынан ратификацияланып, ал тууралуу бири-бирине расмий билдирилгенде ал документтер күчүнө кирет. Бул болсо маселе жаратылып келген чек ара бөлүктөрүнүн биротоло чечилгендигин билдирет [84, 58-бет.]

Мамлекеттик чек аралардын такталышы, алардын чектеш жайгашкан эки тарапты тең канааттандырарлык деңгээлде чечилиши эки тарапка бирдей пайдалуу. Чек аралар тосулуп, эки чектеш мамлекеттер бири-бири менен мамиле-катнашка барбай калат деп түшүнбөөбүз керек, тескерисинче, чек ара биротоло такталып, бул боюнча талаш-тартыштар токтогондо жанаша жашаган эки республиканын өз ара мамилелери, соода-сатыгы жакшы жолго түшө баштайт. Муну алыс барбай эле өзүбүздүн республикабыздын практикасынан көрүп жатабыз. Мисалы, 1999-жылы август айларында кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасы биротоло делимитацияланып жана

демаркацияланып бүттү деп жалпы жарыяланган, натыйжада жалпыбыз эки мамлекеттин ортосунда чек ара боюнча эч кандай маселе болбойт деген ишеничтебиз. Бул жарыя айтылган билдирүүдө “Кыргызстан менен Кытайдын мамлекеттик чек аралары эки мамлекет өз ара бири-бири менен мамиле түзө баштагандан бери алгачкы жолу так аныкталып жана такталып чыкты” деп жазылган. Бул билдирүүдө ошондой эле, кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасынын тең укуктуулук консультациялардын, кызматташуулардын, зарыл учурларда эки тараптын тең айрым бир жол берүүлөргө, түшүнүшүүгө баруусунун негизинде биротоло чечилишине жана такталышына эки тарап тең кызыгдар болду. Мындай чечимдер чек араларга чектеш жашаган аймактарда жашаган калктын тынчтыгы, ал тургай, чектеш эки мамлекет болгон Кыргызстан менен Кытайдын достук мамилелерине, экономикалык, соода-сатык байланыштарынын өнүгүшүнө, аймактагы туруктуулукка, коопсуздукка жана тынчтыкта жанаша жашоого жагымдуу жагдайларды жаратты деп жазылган [24].

Укуктук адабияттарда белгиленгендей, чек ара маселеси боюнча келишимдер туруктуулукка ээ жана алар мүмкүн болушунча өзгөртүлбөйт жана кайра каралбайт. Башка бир келишимдер белгиленген мөөнөттүн бүтүшү менен өз күчүн жоготушу, түрдүү себептер менен эки тараптуу же бир тараптуу түрдө токтотулушу же кайрадан каралып чыгышы толук мүмкүн. Жер баарынан кымбат жана ыйык, ушул себептүү чек ара сызыктары биротоло такталып бүткөндөн кийин ал дээрлик түрдө кайра каралбоого тийиш. Демек, чек ара келишимдеринин сакталуу мөөнөтү белгиленбейт жана денсацияланбайт, дээрлик жокко чыгарылбайт, ушул себептүү чек ара маселелерин кайра кароодо абдан этияттык, саясий кыраакылык жана кылдаттык талап кылынат. Чектеш мамлекеттер ортосунда согуштук чыр-чатактар чыгып кеткен учурларда да мурда түзүлгөн чек ара келишимдери өз күчүн сактап тура берет. Айрым өзгөчө маанилүү себептер жаралганда гана эки тараптуу келишимдер менен чек ара тилкелерине өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн, мында да чек ара жөндөн эле өзгөртүлө

бербейт, ал жер алмаштыруу жолдору менен гана ишке ашырылуусу мүмкүн. Демек, чек ара маселелеринде жагдай, кырдаалды түп тамырынан өзгөртүү «rebussicstantibus» колдонулбайт [23]. Ар кандай түзүлүштөгү мамлекет (өлкөнүн коомдук-саясий түзүлүшү өзгөрүп кетсе да), анын жетекчилиги чек аралар боюнча мурдагы түзүлгөн келишимдерди так сактоого милдеттүү [83, 99-бет].

Чек ара маселелери боюнча сакталып турган мындай туруктуулук жана түбөлүктүүлүк мамлекеттик чек аралардын кол тийбестигин жана бузулбастыгын камсыздап турат жана бул принциптер дүйнө боюнча жалпы кабыл алынып, императивдик мүнөзгө ээ болуу менен бир катар эл аралык – укуктук документтерде баса белгиленген [24].

Жыйынтыктап айтканда, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы” түшүнүгүнө мындайча аныктама берилет: “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы чектеш мамлекеттер менен эки тараптуу тартипте макулдашылган жана документалдуу түрдө келишимдер бекитилген Кыргыз Республикасынын кургак жерлеринде, сууларында, жер астында жана аба мейкиндигинде өткөн чек ара тилкеси”.

Мамлекеттик чек ара институтунун нормативдик аныктамасы болуп Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн жана көз карандысыздыгын сактоо боюнча чаралардын жана иш-аракеттердин системасынын негизи эсептелет. Дал ушул эки тараптуу түрдө жалпы кабыл система мамлекеттин бүткүл аймагынын бүтүндүгүн жана кол тийбестигин сактап, мамлекеттик чек араны коргоого алууну камсыз кылып турат жана алардын баары биригип келип Кыргыз Республикасынын жарандарынын мыйзамдуу укуктарынын жана эркиндигинин кепилдиги катары кызмат кылат.

## 1.2. Каргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын укуктук жөнгө салуунун эл аралык аспектилери

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болуу процесси бир топ багыттар боюнча жүрөт. Алар төмөнкүлөр: эл аралык укуктук мамилелердин толук кандуу укуктарга ээ болгон субъектиси катары таанылуусу; улуттук мыйзамдардын өз алдынча түзүлүүсү жана кабыл алынуусу; мамлекеттик Куралдуу Күчтөрдүн түзүлүүсү; өз алдынча мамлекеттик бийлик бутактарынын жаралуусу жана алардын иш алып баруу механизмдеринин калыптануусу; мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийликтеринин кызматтарынын жана алардын мамлекеттик бийликтеги ордуларынын так аныкталуусу ж.б. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоого алуу жана бекемдөө боюнча кызматтар жана милдеттер жогоруда аталып өткөн мамлекеттик түзүлүштүн башкы багыттары, бийлик жана аткаруу органдары менен бир катарда турат десек жаңылышпаган болор элек.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын тактоо, коргоого алуу боюнча кызматтар башка жумуштарга салыштырмалуу абдан татаал жана жоопкерчиликтүү милдеттер болуп эсептелет. Мамлекеттик ички маселелерди башка өлкөлөрдү аралаштырбай ич ара чечип алууга болот, ал тургай, башка мамлекеттердин ички саясатына жана иштерине аралашуу алардын ички иштерине кийлигишүү катары эл аралык деңгээлде терс кабыл алынат. Ал эми чек ара маселелерин тактоого алуу, кайра карoo, зарыл учурларда чек ара тилкелерин ары-бери жылдыруу, алмаштыруу маселелери чектеш жайгашкан мамлекеттер менен биргеликте гана чечилет. Анын үстүнө, чек ара боюнча талаштуу маселелерди мүмкүн болушунча тез арада чечүү талап кылынат. Чектеш мамлекет чек арасын бери карай жылдырып алгандан, буга чейин боло калып жүргөндөй зым тосмолорун тартып койгондон же кандайдыр курулуштарды куруп алгандан кийин чектеш эки мамлекеттин бир пикирге келүүсү бир топ татаалчылыктарды жаратат. Советтик Социалисттик Республикалар Союзу таркатылгандан кийин чек ара сызыктарын тактоо жана биротоло бекитүү маселелеринде Кыргыз Республикасында айрым бир маселелер жарала калып жатты. Мамлекеттик чек ара маселелери бүгүнкү күндө абдан татаал жана динамикалуу, айрыкча

Тажикстан менен болгон чек ара проблемалары республиканы көптөгөн түйшүктөргө, курмандыктарга жана социалдык-экономикалык чыгымдарга алып келүүдө. Бул областта Тажик Республикасынын Кыргызстанга экономикалык жана аскердик-саясий басым көрсөтүүгө болгон аракеттери азыр эч кимге жашыруун деле болбой калды. Баткен областынын Тажикстанга чектеш аймактары чыңалуунун, аймактык жана этностор аралык чыр-чатактардын, тилекке каршы, буга чейин болуп келген жана күтүлүүчү куралдуу кагылышуулардын эпицентрине айланууда. Бул боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2022-жылдагы Бириккен Улуттар Уюмунун Ассамблеясындагы өз докладында бүткүл дүйнөгө жар сала билдирип өттү. Баткен областына мыйзамдуу түрдө өзгөчө макам берилип, чек ара кызматкерлеринин статустарын, жоопкерчиликтерин жогорулатуу, моралдык-материалдык кызыкчылыктарын колдоого алуу максатында алардын айлык маяналары максималдуу түрдө көтөрүлдү.

Казакстан жана Өзбекстан Республикалары менен болгон чек ара маселелеринде салыштырмалуу түрдө проблемалар жок. Өзбекстан менен болгон чек ара маселелери 99% чечилди деп жогорку бийлик өкүлдөрү расмий түрдө жарыялап да жатышат.

Чек аралардагы баш аламандык, анын бекем коргоого алынбоосу республиканын аймагына жугуштуу ооруларды алып келүү коркунучтарын да жаратат. Бул гана эмес, чек аранын мыкты корголбоосу өлкөгө баңги заттарынын, курал-жарактардын, контрабандалык мыйзамсыз товарлардын кирүү коркунучтарын да пайда кылат [80, 29-бет]. Бул кооптуулуктар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине чек ара пункттарынын иштерин жакшыртуу, алардагы тиешелүү кызматтардын жоопкерчиликтерин күчөтүү, ал пункттарды заманбап техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу, кошумча чек ара, бажы бөлүктөрүн жана кызматтарын, дагы башка чек араны көзөмөлгө жана коргоого алуу, ал жерлерде кызмат кылгандардын жумушун, кызматтык жоопкерчиликтерин катуу көзөмөлдөп туруу

кызматтарын ачуу боюнча иш-чараларды активдүү жүргүзүү талаптарын коюуда [36].

Мамлекеттер аралык субъектилердин жана коммерциялык алакалардын күчөшү, республиканын чийки зат ресурстарын жана материалдык баалуулуктардын мыйзамсыз түрдө сыртка ташып чыгууга болгон аракеттердин болуп жатышы мамлекеттик чек араларды коргоого алуунун экономикалык маанисин да жогорулатат. Кыргызстан аркылуу Казакстанга, андан ары Россияга баңги заттарын чыгарып кетүү аракеттеринин изи суубай келет жана бул да чек ара маселелериндеги абдан орчундуу проблемалардын бири. Экинчи жактан алып караганда, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын тактоодо жана коргоого алууда кылымдар бою калыптанып калган чектеш жашаган элдердин карым-катышын, социалдык-экономикалык, маданий жана башка байланыштарын биротоло үзүп салуудан этият болуу зарыл. Эч бир мамлекет башка өлкөлөр, айрыкча, чектеш жайгашкан мамлекеттер менен байланышпай өз алдынча өнүгүп кете албайт. СССР мезгилинде чектеш республикалар гана эмес бири-биринен алыс жайгашкандары да социалисттик интеграция деп аталып бири-бири менен экономикалык жактан ажырагыс байланышып калган жана чектеш республикалардын калктары ички чек аралар тууралуу түшүнүгү жок эле бири экинчисине кирип-чыгып күн кечире беришкен. Демек, жаңы типтеги Кыргызстандын мамлекеттик чек араларын тактоодо жана коргоого алууда чектеш мамлекеттердин калкынын өз ара катташуусун токтотпоо маселелерине өзгөчө көңүл буруу, республиканын “ички изоляцияда” калып калуусунан сактануу зарыл. Ар кандай маселелерге бир тараптуу эмес алардын оң, терс жактарын бекем эске алуу керектиги дал ушуга окшогон проблемалардан улам келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын тактоодо, аларга делимитация жана демаркация жумуштарын жүргүзүүдө чектеш мамлекеттердин тарыхый өнүгүү процесстерин, алардын мурдатан калыптанган чектерин эске албай туруп иш тутуу мүмкүн эмес. Жогоруда

айтылгандай, СССР мезгилинде чектеш республикалар ортосунда чек аралар официалдуу түрдө коюлбаганы менен шарттуу түрдө алардын чек аралары белгилүү болуп турган. Чектеш республикалар ортосунда кириш-чыгышты биротоло токтотуп коюу эки элдин жашоосуна, соода-экономикалык байланыштарына кедергисин гана тийгизет.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы менен Кытай Элдик Республикасынын ортосундагы мамлекеттик чек аранын жалпы узундугу 1100 киламетрди түзөт жана буга чейин белгиленип кеткендей, бул маселеде эч кандай талаш-тартыштуу маселе жок. Бул чек аралардын такталышы XIX кылымдагы Россия-Кытай мамлекеттеринин ортосундагы келишимдердин негизинде калыптана баштаган. Алар төмөнкүлөр: 160-жылдагы Пекин келишими; 164-жылдагы Чугучак протоколу; 1881-жылдагы Санкт-Петербург келишими; 1882-жылдагы Кашгар протоколу жана 1884-жылдагы Жаңы-Маргелан протоколу. Кыргыз Республикасы менен Кытай Элдик Республикасынын ортосундагы мамлекеттик чек ара тилкелери үч мамлекет - Кыргыз Республикасы, Тажикстан Республикасы жана Кытай Элдик Республикасынын ортосундагы чектер бириккен жерлерден (Чыгыш Таңы чокусу) башталып, Тагачар, Карабел, Савоярды, Сөөк, Торугарт, Уру, Чичар, Ведел ашуулары аркылуу Памир-Алай жана Тянь-Шань тоо кыркалары боюнча созулуп кетет. Андан ары чек ара тилкелери Какшаал тоосунун кыркалары боюнча түндүк-чыгыш тарапка кетип, үч мамлекет - Кыргыз Республикасы, Казак Республикасы жана Кытай Элдик Республикасынын ортосундагы чектер бириккен жерден (Хан Теңир чокусу) аяктайт.

Кыргыз Республикасы менен Кытай Элдик Республикасынын ортосундагы мамлекеттик чек араларга тарыхый-укуктук талдоо жасоо менен Кыргызстандын көпчүлүк аймактарынын өз эрки менен XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Россиянын курамына кошула башташы эки чектеш мамлекеттин ортосундагы чек ара тилкелеринин такталуусуна оң таасирин тийгизди деп бир тараптуу жыйынтык чыгарууга болот. Россиянын, ал ээлик кыла баштаган аймактардын жана Цинь империясынын бири-бирине

жакын жайгаша баштоосу менен Борбордук Азияда Россия менен Кытайдын ортосундагы мамилелерди жакшыртуу, соода-экономикалык байланыштарды жана мамилелерди жакшыртуу зарылчылыктары келип чыккан. Ошол эле мезгилде, Англия Борбордук Азияга кызыга баштаган жана Россия бул аймактардагы таасирин күчөтүү максатында Кытай менен жылуу мамилеге баруууга умтулган [70, 37-бет].

1860-жылдагы Пекин келишиминде Кыргызстандын аймактарынан өтүүчү Россия-Кытай чек арасынын өтүү тилкелери белгиленген. 1864-жылдагы Чугучак протоколунда бул чек ара сызыктарынын жалпы белгилүү географиялык ориентирлери такталган. Ал эми 1881-жылдагы Санкт-Петербург келишими Чугучак протоколунда белгиленген чек ара тилкелерин документалдуу түрдө бекиткен жана ошол кездеги Россиянын Фергана өрөөнү менен Кытайдын Кашгар аймагынын ортосундагы белгиленген чек араны расмий түрдө каттоого алган. 1882-жылдагы Кашгар протоколунда Нарынкол дарыясынын башталыш чендеринен Бедел ашуусуна чейинки биз сөз кылып жаткан эки мамлекеттин ортосундагы чек ара сызыктарынын өтүү ордулары такталып чыккан жана аларга аныктама берилген. 1884-жылдагы Жаңы-Маргелан протоколу менен Бедел ашуусунан баштап Узбел (Тажикстан Республикасынын азыркы Мургаб району) ашуусуна чейинки чек ара тилкелери такталып чыккан [70, 86-бет].

1919-жылы 25-июлда Совет өкмөтү кытай элине, Түштүк жана Түндүк Кытай өкмөтүнө болгон кайрылуусунда мурдагы Россия-Кытай чек арасы боюнча макулдашылган кайсыл келишимдердин туура эмес экендигин жана бул маселелерде тең укуктуулук принциптеринин сакталбагандыгын билдирген. 1924-жылдын 31-майында СССР менен Кытай Республикасынын ортосундагы алакаларды жакшыртуу максатында СССР туура эмес деп эсептеген келишимдерди жокко чыгаруу маселеси юридикалык негизде эки тараптуу түрдө бекемделген. Октябрь революциясына чейин Россия менен Кытайдын ортосунда түзүлгөн айрым келишимдердин СССРдин пикири боюнча туура эместиги жана алардын эки тараптуу жокко чыгарылышы

боюнча 1945-жылдагы Кытайдын коммунисттик партиясы съездинде да, КНР (КЭР) деп кайрадан түзүлгөн 1949-жылы да Кытайда мурдагы айрым чек ара келишимдеринин жокко чыгарылышы тууралуу сөз болгон эмес, себеби ошол учурларда экономикалык жактан кыйын абалда турган Кытайга СССР көп жардам берип, колдоо көрсөтүп турган [73, 179-бет.].

50-жылдардын баш чендеринен баштап СССР менен Кытайдын ортосундагы чек ара маселелерине чекит коюу максатында СССР КНРге мурда түзүлгөн жаан кийинки топографиялык карталардын толук комплектисин бере баштаган. Ал карталарда дарыялардын нугунун өзгөргөнүгүнө же башка бир табигый себептерге байланыштуу мурда белгиленген чек ара тилкелеринин өзгөрбөгөндүгү, айрым географиялык аталыштардын алмаштырылгандыгы так белгиленген. Демек, бул карталардын негизинде СССР менен Кытайдын ортосундагы чек ара тилкелери он жылдардап өзгөрүүгө дуушар болбогон деп жыйынтык чыгарууга болот.

1964-жылы советтик тараптын демилгеси менен эки өлкөнүн ортосундагы чек ара маселелери боюнча советтик-кытайлык консультация өткөрүлгөн, анда Кытай тарап жалпы 33 000 кв.км. жер аянты боюнча талаштуу маселелер бар экендигин билдирген, себеби ал учурларда СССР менен КНРдин мамилелери сууй баштаган эле. Советтик тарап революцияга чейин түзүлгөн “тең укуктуулук сакталбаган келишимдердин” негизиндеги чек ара тилкелерин калыбына келтирүүгө караманча каршы болгон жана мында советтик-кытайлык үч миң километрлик чек ара тилкесине коркунуч туулмак. Советтик тарап, анын үстүнө, мурдагы россиялык-кытайлык чек ара келишимдеринин басымдуу көпчүлүгүнүн жүз жылдардан мурун түзүлүп, алар күчүн жоготкондугун баса белгилеген. Эки өлкөнүн ортосундагы чек ара эч качан толугу менен демаркацияланбаган, көпчүлүк жерлерде чек ара белгилери бузулган же алардын айрымдары түбү орду менен жок болгон, кээ бир чек ара тилкелеринин рельефтеринде кескин өзгөрүүлөр болгон жана мына ошондуктан мурдагы бир кылымдык чек ара документтери жана

келишимдери кайрадан модификациялоого муктаж эле [75, 95-бет]. Ушул себептүү да Совет өкмөтү эки тарапта эки башкача белгиленген чек ара белгилерин бир тартипке келтирүүнү, чек ара маселелерин эки тараптуу түрдө карап чыгууну жана тартипке келтирүүнү, чек ара тилкелери боюнча жаңыдан келишимдерге барууну Кытай тарапка сунуш кылган. Эки мамлекеттин чек араларын жаңы заманбап техникалык каражаттардын негизинде карап чыгуу жана тактоо, советтик-кытайлык чек араларды талаш-тартыштын эмес кызматташтыктын жана эки тараптуу достуктун тилкесине айландыруу маселелери боюнча Кытай тарапка сунуштар жана демилгелер берилген. Бирок да, биз жогоруда белгилегендей, Кытай мамлекетинин күнөөсү менен эки өлкөнүн өз ара мамилелеринин начарлай баштоосунан улам советтик тарап сунуш кылган чек ара маселелери кайрадан каралган эмес.

СССР менен Кытайдын ортосундагы мамилелер 80-жылдардан жакшыра баштаган. 1982-84-жылдары СССР бир тараптуу тартипте эки мамлекеттин ортосундагы чек араларды текшерүүгө алган жана 1987-жылы эки тарап өздөрүнүн официалдуу карталарын бири-бири менен алмаштырышкан жана мындан эки тараптын чек ара боюнча эки башкача белгилеген, башкача айтканда, талаш жараткан чек ара тилкелери аныкталган. Советтик-кытайлык чек аралардын Кыргызстандагы аймагында беш талаштуу чек ара тилкелери такталган. Чек ара боюнча эки тараптуу сүйлөшүүлөр 1992-жылы кайрадан улантылган, бирок СССРдин кулашы менен мурдагы союздук республикалар өз алдынчалыкка ээ болуп ыдырап кетишти жана чек ара маселелерин чечүүдө жана тактоодо алардын ар бирине өздөрүнүн маселелерин жекече чечүүгө туура келе баштады.

Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы жакшы коңшулук, достук жана кызматташтык жөнүндө Келишимдин (2002) 4-беренесине ылайык: “Келишим түзүүчү тараптар эки өлкөнүн ортосундагы чек ара маселелери толук чечилгендигин канааттануу менен белгилешти”.

1992-жылдын 8-сентябрында Минск шаарында Борбордук Азиянын үч республикасынан (Кыргызстан, Казакстан, Таджикстан) жана Россия Федерациясынан турган делегациялар Кытай менен болгон чек ара маселелерин чечүү максатында чогулушту. Макулдашууда мурдагы СССРге баш ийген республикалардын КНР менен жекече сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсү боюнча келишимдер түзүлүп, ар бир республика жогорудагы маселелер боюнча Кытай Эл Республикасынын өкүлдөрү менен эки тараптуу макулдашууларга келишип, колдорун коюшту.

Кыргыз Республикасы менен Кытай Элдик Республикасынын тиешелүү кызматтары тарабынан 1996-жылдын 4-июнунда эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттик чек аралар боюнча макулдашууга кол коюлган. Бул макулдашуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 1998-жылдын 10-апрелинде ратификацияланган. Эки мамлекеттин ортосундагы чек ара тилкелеринин өтүшүн тактоо жана аныктоо боюнча бул макулдашуунун 1-беренесине ылайык тең укуктуулук консультациялар, өз ара түшүнүүчүлүк, эки тараптуу жалпы кызыкчылыктарды эске алуу жана аларды колдоо, адилеттүүлүк, өз ара кызматташуу принциптеринин негизиндеги эл аралык укуктук нормаларга ылайык алдыга коюлган максаттар боюнча иштер жүргүзүлгөн. Бул макулдашууда Үзөнгү-Кууш тоолорунан аймагынан тышкаркы бардык талаштуу маселелер оң жагына чечилген. Кыргыз Республикасы менен Кытай Элдик Республикасынын ортосундагы мамлекеттик чек аралар боюнча кийинки  кошумча макулдашууга 1999-жылдын 26-августунда кол коюлган. Бул макулдашууга кол коюлгандан кийин эки чектеш мамлекеттердин ортосунда болуп келген бардык талаштуу маселелер чечилген жана бул макулдашуу 2002-жылдын май айында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификациядан өткөн.

СССР таркап кеткенден кийин мураскердик институтуна ылайык эгемендүүлүккө жетишкен Кыргыз Республикасынын юрисдикциясына Кытай Республикасы менен болгон гана эмес бүткүл Борбор Азия республикалары менен болгон чек аралар өттү.

Кыргыз Республикасынын Борбор Азия республикалары менен болгон жалпы чек араларынын узундугу 4000 километрден ашат. Алардын ичинен Казакстан Республиксы менен болгон чек ара тилкелеринин узундугу 1200 км, Өзбекстан Республикасы менен болгон чек ара - 1400 км, Тажикстан Республикасы менен болгон чек аралардын узундугу - 900 км [125].

Кыргыз Республикасынын Борбор Азия республикалары менен болгон жалпы чек араларынын чектери 1924-1927-жылдардагы мурдагы СССРдин Орто Азияны улуттук-аймактык бөлүштүрүү актысынын жана ошондой эле чек ара маселелери боюнча кыргыз-өзбек өкмөттөрүнүн паритеттик комиссиясынын(1955-жыл) жана ушундай эле кыргыз-тажик комиссиясынын негизинде (1958-1959-жылдары) аныкталган.

РКП(б) Борбордук Комитетинин “Орто Азия республикаларын улуттук-аймактык бөлүштүрүү” токтомуна ылайык РКП(б)нын БКсынын Орто Азия бюросу 1924-жылы 11-майда улуттук-аймактык өзгөчөлүктөрүнө жараша Түркстан, Бухара жана Хорезм республикаларын кайрадан бөлүштүрүп Өзбек жана Түркмөн союздук республикаларын, Тажик жана Кара-Кыргыз автономиялык областтарын түзүү, Түрктсан Республикасында жашаган калкты Кыргыз (Казак) АССРине кошуунун зарылдыгы боюнча токтом кабыл алган [99].

РКП(б) Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросунун токтому менен 1924-жылы 26-июнда жаңыдан уюштурулган республикалардын жана областтардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен чек ара маселелери боюнча Борбордук аймактык комиссия түзүлгөн. Бул аймактык комиссиянын алдында өзбек, түркмөн, тажик, кыргыз жана казак улуттук бюролору ачылган.

Улуттук-аймактык кайрадан бөлүштүрүү, алардын чек араларын тактоо жана чечүүнүн натыйжасында Орто Азияда Өзбек ССРи, Түркмөн ССРи, Өзбек ССРнин курамында Тажик АССРи, Кыргыз (Казак) АССРинин курамында Кара-Калпак автономиялык областы, РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялык областтары түзүлгөн.

Орто Азия республикаларын улуттук-аймактык бөлүштүрүүдө жана алардын чек араларын тактоодо азыркы Кыргызстандын чек аралары жана калкынын саны акыры аягына чейин такталган эмес. Буга көпчүлүгү орус улутундагылардын 1925-жылга чейин кыргыздар менен казактардын айырмачылыгын так ажырата албагандыгы себеп болгон деп түшүндүрүшөт. Биздин оюбузча, Россиядагы казахтар менен казактарды чаташтырбоо үчүн казактарды “киргиз”, “кайсак киргиз” деп, кыргыздардын өздөрүн “кара киргиз” деп аташкан. Азыр деле орус тилинде казак “казах” деп, Казакстан “Казахстан” деп жазылып жатпайбы.

1936-жылы Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Бүткүл Союздук Аткаруу Комитети тарабынан Кыргыз АССРи Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы деп кайра түзүлгөн. 1925-жылы 17-мартта Орто Азия республикаларынын Борбордук Аймактык Комиссиясы бул аймакта жайгашкан союздук республикалардын мамлекеттик чек араларын тактап чыккан жана расмий түрдө бекиткен.

Орто Азия республикаларын улуттук-аймактык бөлүштүрүүдө жана алардын чек араларын тактоодо республикаларда, алардын областтарында жашаган калктын улуттук курамы, менталиттик өзгөчөлүктөрү, салт-санаасы, чарба жүргүзүүсү толук түрдө объективдүү эске алынган эмес. Ушул себептүү да республикалардан, алардын айрым аймактарынан Орто Азия республикаларынын Борбордук Аймактык Комиссиясына даттануулар тынымсыз келип түшүп турган. Борбордук жана жергиликтүү комиссиялар бул даттанууларды жана нааразычылыктарды карашканы менен бардык тараптарды канааттандырарлык деңгээлдеги чечимге келе алышкан эмес. Тынымсыз даттанууларга убактылуу болсо да чекит коюу максатында 1927-жылдын май айында СССРдин Борбордук Аткаруу Комитети такталган чек араларды алдынкы үч жыл ичинде кайра карабоо боюнча чечим чыгарган. Иш жүзүндө ушул убакыттан баштап СССРдин борбордук органдары бул татаал чек ара маселелрин чечүүдөн баш тарта баштаган (СССР үчүн чет өлкөлөр менен болгон чек араларды тактоо жана коргоого алуу манилүүрөөк

эле) жана союздук  республикалардын административдик-аймактык чек аралары стихиялык түрдө калыптана баштаган.

Кыргызстан  менен Өзбекстандын ортосундагы республикалар аралык чек араларды тактоо боюнча макулдашуулар 1955-жылы эки республиканын паритеттик өкмөттүк комиссиясы тарабынан жүргүзүлгөн, ал эми Тажикстан менен болгон чек аралар ушундай эле комиссия тарабынан 1958-1959-жылдары такталган. Бирок, тилекке каршы, бул маселер биротоло чечилген деп айтуу али да болсо эртелик кылат, айрыкча, Тажикстан менен болгон чек аралар жалпы коомчулуктун тынчын алып келет.

Өзбекстан Республикасынын президенттигине Ш.Мирзияев келгенден бери кыргыз-өзбек маселесинде бир топ алга жылуулар болуп жатат жана эки республиканын ортосундагы такталбаган жана талаш-тартыштуу чек ара тилкелери боюнча мурдагы маалыматтар күн сайын эскирип кетип өз күчүн жоготууда, мисалы, буга чейин эки республиканын ортосунда 144 талаштуу чек ара тилкеси жана аймактар бар деп айтылып келген болсо, бүгүнкү күнгө бул маселе толук чечилди. Кыргыз Республикасы менен Тажикстандын ортосундагы аталып келген 70 талаштуу чек ара тилкелерин эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн негизинде челип жатат. Эки тараптуу кызыкчылыктардын сакталуусу менен чек ара тилкелеринин ары-бери жылдырылуусуна, ылайыгына жараша жер алмашуу маселелерине жергиликтүү калктын айрым топторунун түшүнүп-түшүнбөй каршы чыгып жатуусу жалпы мамлекеттик көйгөйгө да айланып кетүүдө. Терең алып караганда, жергиликтүү, аймактык жана жалпы коомдук, мамлекеттик кызыкчылыктар болот, демек, жалпы кызыкчылыктар үчүн жергиликтүү чакан кызыкчылыктардан баш тартууга да туура келет.

Жыйынтыктап айтканда, эл аралык-укуктук талаптарга ылайык чечилишине, мүнөзүнө, келечек тагдырына, чектеш элдерге тийгизген таасирлерине, республикага келечекте кандайдыр коркунуч жаратышына, чектеш жайгашкан мамлекеттердин экономикалык - соода-сатык, маданий

жана саясий байланыштарына жараша Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын төмөнкүчө эки типке бөлүштүрүп кароого болот:

- мурдагы СССРдин башка чет өлкөлөр менен такталган чек араларынын азыркы эгемен республикалардын чет өлкөлөр менен болгон чек араларынын бири-бирине дал келүүсү;
- ССРдин курамындагы союздук республикалардын ортосундагы мурдагы чек аралар менен азыркы Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мүчө-мамлекеттеринин ортолорундагы чек аралардын ортосунда кескин айырмачылыктардын болбоосу.

Кытай менен чек ара -биринчи түрү, албетте, мамлекеттик статуска ээ, эл аралык укуктук практикага так ылайык жол-жоболоштурулуп, жеринде аныкталып, белгиленген. Бул жагдай Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоо жана кайтаруу боюнча Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын органдарынын жана аскерлеринин кызматтык жана күжүрмөн ишмердүүлүгү үчүн эң ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Мамлекеттик чек аранын экинчи тиби – КМШга мүчө өлкөлөр Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан менен – мамлекеттик чек ара статусуна ээ боло элек жана дагы деле негизинен административдик чек аранын милдетин аткарып келет. СССРдин мурдагы союздук республикаларынын ички чек араларынын так сызыгын аныктаган эл аралык укуктук актылардын жоктугу алардын мурдагы СССРдин чегинде белгиленген административдик-территориялык чек араларынын толук бойдон мамлекеттик чек ара статусуна ээ болушуна жол бербейт.

Бирок, бул убактылуу гана көрүнүш. Бара-бара алар эл аралык укукта тариzделип, жергиликтүү деңгээлде аныкталат. Бул чек араларды коргоо жана коопсуздукту камсыз кылуу женунде айта турган болсок, ал, биздин оюбузча, өнугуп жаткан кырдаалга ылайык, биринчи кезекте саясий жана аскердик чейрелерде жургузулет. Интеграциялык процесстерди кеңейтүү жана тереңдетүү, сооданы, анын ичинде чек ара соодасын өнүктүрүү бул жерде мамлекеттик чек араны толук масштабдуу коргоону жайылтуу боюнча

чараларды көрүүнүн кереги жок кылат. Кыязы, ыңгайлуу шарттарда чек ара аскерлери көзөмөл функциясын гана сактап калат.

Алыскы чет өлкөлөр менен соода-экономикалык байланыш жасаганга салыштырмалуу чектеш жайгашкан мамлекеттер ортосунда соода-сатык жүргүзүү бир топ жеңил жана үнөмдүү. Ал мамлекеттик деңгээлде ишке ашырылбаса да жеке ишкерлер, дыйкандар же мал чарбасы менен алектенгендер өз товарларын, азык-түлүктөрүн жана башка продукцияларын мыйзамдык тартипти жана эрежени бузбастан коңушулаш республикага чыгарып сата алат, өздөрүндө жок же тартыш болгон буюмдарды чек арадан эркин өтүп келип сатып кете алат. Жөнөкөй тил менен айтканда, түрдүү аймактын калкынын жер шартына, климатка жараша эл чарбасынын түрдүү тармактары менен алек болору жалпыбызга белгилүү, демек, кайсыл бир аймакта кеңири болгон азык-түлүк, жер жемиштери же башка бир калкка зарыл болгон буюмдар башкаларында тартыш болуусу толук мүмкүн. Мындан чыкты, чектеш мамлекеттердин кызматташтык менен иш жүргүзүүсү мамлекет үчүн да, калк үчүн да абдан пайдалуу.

ОДКБга (Жамааттык коопсуздук кыймылы уюму), ШОСко (Кызматташуунун Шанхай уюму), КМШга жана башка эл аралык уюмдарга кирген мамлекеттер биргеликте бат-бат коргонуу, террорчулукка каршы күрөшүү багыттарындагы аскердик машыгууларды өткөрүп турушууда. Демек, Орто Азияда чектеш жайгашкан мамлекеттер чек араларын, биринчи кезекте, бири-биринен эмес күтүлүп калуусу мүмкүн болгон тышкы коркунучтардан коргоого алууга милдеттүү деген мыйзам ченемдүү маселени ар бир чектеш республикалардын жалпы калкы жана жетекчилиги көңүл борборунда тутууга тийиш.

Кыргыз Республикасы менен чектеш Борбордук Азия мамлекеттеринин ортосундагы мамлекеттер аралык делимитациялоо маселесин чечүүдө тең салмактуу жана кылдат кадамдар талап кылынат, анын жүрүшүндө чектеш мамлекеттердин күч-аракети менен геосаясий чөйрөдө СССРдин мурда жалпы мейкиндигин биротоло бөлүштүрүү, экономикалык жана башка

чейрелерде, ошондой эле конфликтсиз этникалык демаркацияга жетишуу керек. Ошондон кийин гана жаңы чек араларды келишимдик-укуктук каттоо эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптерин жана нормаларын сактоо менен эки тараптуу негизде жүргүзүлүшү керек.

Аймактык маселелерди туура чечүү эл аралык укуктун нормалары менен гармониялуу айкалыштырууда Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарына, жаңы типтеги мамлекеттик чек араларды калыптандырууга жана бекемдөөгө, инсандын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылууга негизделиши керек. жана эл аралык байланыштарды, ишкердуу, маданий жана башка байланыштарды кедергисиз енуктурууге, адамдын жана граждандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга кемектешуу. Ал эми ушуга байланыштуу Кыргызстандын чек ара саясатынын негизги милдети Кыргыз Республикасынын эгемендигин, аймактык бүтүндүгүн, мамлекеттик чек арасынын кол тийбестигин камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү, ошондой эле анын чек араларынын укуктук режимин өркүндөтүү болууга тийиш.

### 1.3 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режими

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режимине аныктама берүүнү азыркы түшүнүк менен алганда республиканын көз карандысыздыкка ээ болуу процесси менен параллель кароо керек. СССР таркатылгандан кийин КМШ мамлекеттерине чектеш республикалар менен болгон чек араларын тактап жана биротоло чечип алуу зарылчылыгы пайда болду. Мурда он беш союздук республикадан турган СССР бир мамлекет катары каралып, республикалар ортосунда чек ара куруу маселелери турган эмес.

Аймактык чек аралар менен байланышкан укуктук жана юридикалык аспектилерди изилдөөгө алган юридика илимдеринин теоретиктери

өздөрүнүн илимий эмгектеринде «мамлекеттик чек аралар тууралуу мыйзамдар», «мамлекеттик чек аранын укуктук режимдери», «мамлекеттик чек аранын конституциялык-укуктук режимдери», «мамлекеттик чек аранын административдик-укуктук режимдери» категорияларын колдонушат».

Юридика илимдеринде чек ара маселесинин бир топ доктриналары жана концепциялары жолугат. Ушул эле доктриналар, концепциялар жана мыйзамдык актылар ар бир өз алдынча өнүгө ээ болгон мамлекеттин ички нормативдик мыйзамдык актыларында жана башка улуттук укуктук системаларында кеңири колдонулууга ээ.

Дипломатиялык сөздүктөрдө мамлекеттик чек ара режимине берилген аныктама чек ара белгилеринин туура коюлушу, алардын картага түшүрүлүшү, чек ара белгилери коюлган жерлерге, жалпы эле чек ара тилкелерине жетүүнү жеңилдетүү, зарылчылык учурларда чектеш жашаган аймактардын калкынын чек арадан жөө, унаада өткөрүү эрежелерин жана талаптарын так сактоо, чек арадан жүк, почталык жөнөтмөлөрдү жана ошондой эле азык-түлүктөрдү, мал чарба жана айыл чарба азыктарын, малдардын өзүн айдап өткөрүүнүн эрежелери, аларды так жана жоопкерчиликтүүлүк менен сактоо катары трактовкаланат [68].

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режимин аны укуктук жактан тартипке салуунун татаал жана жоопкерчиликтүү механизми катары кароо зарыл. Бул укуктук режим анык бир укуктук нормаларды гана эмес укуктук мамилелерди, мамлекеттин компетенттүү органдарынын шартка жараша айрым бир зарыл укуктук нормаларды жана актыларды кабыл алууга болгон укуктарын, чек ара кызматкерлеринин тартип, эреже бузууларында аларга көрүлүүчү чараларды өз ичине камтыйт жана булардын баары биригип келип татаал жана өзгөчө жооптуу юридикалык категориялардын жыйындысын түзөт.

Мында мамлекет жана укуктун жалпы теориясынын жоболорунун так сакталуусу, алардын укуктук тартипке салынуусунун механизмдеринин

бекем эске алынуусу зарыл. Бул механизмдер баары биригип келип төмөнкүлөрдү түзөт:

а) мыйзамдарда жана мыйзамдык актыларда берилген укуктук нормалар;

б) укуктук нормалардын колдонулуу тартиптери;

в) субъективдүү укуктардын жана юридикалык милдеттер менен жоопкерчиликтердин өз ара укуктук мамилелери жана карым-катыштары [129, 244-бет].

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынындагы укуктук режимди тартипке салуунун төмөнкүчө эки тараптуу формасы бар:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коргоого алуучу, андан ары-бери өтүүнүн тартиптерин аныктоочу, чек ара аймактарында түрдүү чарба иштерин жүргүзүүчү жана ошондой эле чек ара тартиптеринин бузулуусу боюнча инциденттерди чектеш мамлекеттердин чек ара кызматтары менен тактоо жана аларга баа берүү иштери;

2) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасындагы ар кандай мыйзам бузуулардын, контрабандалык, шектүү, адамдын ден соолугуна зыян келтирүүчү товарлардын өткөрүлүүсүнүн алдын алуу жана аларга тыюу салуучу иш-чаралар.

Жогорудагылардан тышкары, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасына тиешелүү маселелер менен биргеликте чектеш мамлекеттер менен мыйзамдуу негиздеги соода-экономикалык байланыштардын жүргүзүлүүсүнө кедерги болбоочу маселелер да каралат. Чек ара постторундагы бажы кызматындагылардын кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланган учурлары да жок эмес жана мындай терс көрүнүштөргө каршы күрөш жүргүзүү да мамлекеттик маанидеги башкы маселелердин бири.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режимдери эл аралык, ички мамлекеттик укуктук актылардын, укуктук-юридикалык эрежелердин жана мыйзам кодекстеринин негиздеринде

калыптанат. Бул бардык юридикалык нормалардын жана актылардын бардыгы республиканын чек ара тилкелеринде коопсуздуктун сакталуусуна, чек арадан ары-бери өтүүдөгү юридикалык жана жеке адамдардын жоопкерчиликтерин жогорулатууга, ошол эле учурда чектеш мамлекеттердин мыйзамдуу түрдөгү экономикалык, маданий, соода-сатык кызматташуусуна колдоо көрсөтүүгө багытталган. Чектеш республикалардын соода-сатык байланыштары тууралуу көп сөз кылып жатабыз, алар гана эмес түрдүү товарлар жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн келүүсу же тескерисинче аларга чыгуусу да турган сөз. Товар жүргүзүлүүчү жана адамдар ары-бери каттоочу чек ара постторунда чек арачылар менен бирге бажы кызматкерлери да кошо кызмат кылышат. Кыргызстандан Россия тарапка чыгуучу азык-түлүктөр Казакстан аркылуу өтөт жана ал жердеги бажы кызматтарынын жай иштешине же башка бир себептерге байланыштуу жүк ташуучу унаалардын узак убакыттарга чейин кезек күтүп туруп калуусу тез-тез кайталанып туруучу көрүнүшкө айланган. Сыртка ташылып бара жаткан мөмө жемиштердин, жашылчалардын узак убакытка чыдабастыгы жалпыга жакшы маалым жана булардын бардыгы чек ара маселелерине да тиешелүү орчундуу маселелердин бири болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын илимий чөйрөсүнө “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режими” категориясынын кириши чек ара тууралуу мыйзамдарга талдоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк гана жаратпастан бул мыйзамдык актылардын практикада колдонулуу тартиптерине, чек арага тиешелүү мыйзамдардын бузулуусу кездешкенде аларга карата жүктөлүүчү юридикалык жоопкерчиликтерге да анализ жүргүзүүгө, иштебеген же чек араларды коргоодо айрым ыңгайсыздыктарды жараткан мыйзамдарды кайра карап чыгууга, аларга оңдоолорду жана толуктоолорду киргизүүгө, чек ара мыйзамдарынын ийгиликтүү иштешинин юридикалык механизмдерин иштеп чыгууга мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Чек арага тиешелүү мыйзамдарда аны коргоого алууга карата мыйзамдык актылар гана эмес чек ара кызматкерлеринин же

ага түз же кыйыр түрдө тиешеси бар бийлик органдарынын жетекчилеринин жана кызматкерлеринин милдеттери жана жоопкерчиликтери, билими жана кесиптик жөндөмдөрү тууралуу маселелер да терең каралууга тийиш.

Чек ара сферасындагы укуктук режимдер проблемалары бир катар юридикалык багыттагы изилдөөлөрдүн педмети болуп келген. Мисалы, мамлекеттик чек аранын укуктук режимдерин - улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун конституциялык-укуктук режиминин курамдык бөлүгүн С.Н.Булашов изилдөөгө алган [63]. Россия Федерациясынын мамлекеттик чек арасынын административдик-укуктук режимдеринин натыйжалуу иштөө механизмдерин иштеп чыгууну изилдөөнү В.Е.Степенко [120] колго алган. Мамлекеттик чек аранын административдик- укуктук режимдеринин татаал структурасын В.Б.Рушайло [112, 22-бет] изилдеп, анын төмөнкүдөй нормаларын жана эрежелерин белгилеген:

- мамлекеттик чек араны коргоого алуунун негиздерин аныктоочу конституциялык нормалар;

- мамлекеттик чек арадагы субъектилердин иш-аракеттерин, кызматтык жоопкерчиликтерин тартипке салуучу эл аралык укуктардын нормалары жана принциптери, жергиликтүү улуттук мыйзамдык нормалар;

- укуктук нормаларды (чек арада кызмат кылгандардын укуктарын, милдеттерин жана юридикалык жоопкерчиликтерин аныктоочу мыйзамдык актылар) натыйжалуу турмушка ашырууну камсыз кылуунун юридикалык каражаттары;

- мамлекеттик чек аранын административдик-укуктук режимдеринин натыйжалуу иштөөсүн финансылык камсыз кылуунун укуктук механизмдери.

СССР мезгилинде союздук республикалардын чек араларын так аныктоого жетишерлик деңгээлде көңүл бурулган эмес. Ал тургай, Өзбекстан Республикасынын койчулары жайында койлорун Кыргызстандын жайлоолорунда багып кетишчү. Союздун таркашы менен КМШ

мамлекеттеринин ортолорундагы чек араларды тактоо актуалдуулукка айлана баштады.

Кыргыз Республикасынын чектеш мамлекеттер менен болгон азыркы абалына талдоо жүргүзүү менен М.А.Эсенбаев [134] Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын, алардын укуктук режимдерин тактоо, чек аралардын коопсуздугун сактоо мамлекет үчүн гана эмес чек арага чектеш жашаган калк үчүн да эбегейсиз чоң мааниге ээ, чек ара аймактарында чыр чыкса эки тараптын тең калкы жапа чегет, кыйынчылыктарга дуушар болот деп жазган. Эки мамлекеттин ортосундагы чек ара маселелерин тактоо, талаш-тартыштуу чек ара тилкелерине чекит коюу эч качан бир тараптуу чечилбейт. Чек араны коргоо, анда пайда боло калган проблемаларды чечкиндүүлүк менен чечүүдө мамлекеттик аткаруу органдарынын жоопкерчиликтерди бири-бирине жүктөй качкан учурлары да жок эмес. Чек араны тактоо аркылуу чектеш республикалар ортосунда достук, кызматташтык мамилелерин камсыз кылуу жалпы мамлекеттик жана коомдук милдеттердин комплекси. Соцтармактарда «Тажикстан менен болгон чек араны кайтарган кемпир» деген аталыштагы маалымат бир кездерде республика боюнча кеңири таркап да кеткен. Күтүлүүчү коркунучтарга жана ар кандай тобокелчиликтерге карабастан ал кемпир чек арага жакын аймактан көчпөйм, мен көчүп кетсем бул жерге тажик улутундагылардан үй салып, бул жер Тажикстанга өтүп кетет деп айрым эркектерибизге караганда кайраттуулугун жана патриоттуулугун көрсөтө алган. Тажикстан Республикасынын күнөөсү менен эки республиканын кагылышууларынан кийин чек ара аймактарындагылардан, ага жакын жайгашкан калктуу пункттардагылардан «үй сатам» деген кулактандыруулар көбүрөөк пайда боло баштады деп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын депутаты Нуржигит Кадырбеков чоң тынчсыздану менен параламентте билдирүү жасады. Республиканын эгемендүүлүгүнүн, андагы тынчтыктын сакталышында, социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүгө ээ болууда чек ара коопсуздугунун

сакталуусу мамлекеттик маанидеги чоң маселе. Тажикстан Республикасы менен чектеш жайгашкан аймактын калкы тажиктер чек арага жакын жерлерге траншея жана окопторду казып жатышат деп чуулгандуу кабарларды билдирип да жатышты, бирок ал куралдуу коркунучтардын жана кооптуулуктардын тиешелүү кызматтар алдын ала алдыбы, ага каршы чаралар көрүлдүбү деген мыйзам ченемдүү суроолор пайда болбой койбойт!

Улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги шарттарынын бири (Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Концепциясы, 2-пункт) [33] республиканын мамлекеттик чек араларын бекем коргоого алуу, ал эми Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызыкчылыктарына жана коопсуздугуна келтирилүүчү негизги коркунуч - анын чек арасына жакын аймактарга тышкы аскердик күчтөрдүн эскалацияланышы, чектеш республикалар менен болгон талаштуу чек ара аймактарынын жана тилкелеринин такталбай жаткандыгы жана бул боюнча эки мамлекеттин бир пикирге келе албай жаткандыгы. Кыргыз Республикасы, айрыкча, Өзбекстан Республикасы жана Тажикстан менен чектешкен жерлер негизинен тоолуу аймактар болгондуктан бул республикаларга дарыялар Кыргызстандан агып келет. Ал эми жогоруда аталган эки республика негизинен дыйканчылык жана бак чарбачылыгы менен алектенет жана аларга сугат суусу абадай зарыл, ушул себептүү да Өзбекстан менен Тажикстандын Кыргызстандан агып чыккан дарыяларга болгон муктаждыгы жогору.

Чек ара коркунучтарынын дагы бир негизги түрү - эл аралык террордук жана экстремисттик уюмдардын Кыргызстандын аймагына өз эмиссарларын, террордук курал-жарактарды жана адабияттарды, баңги заттарын, психотроптук заттарды жана башка калктын тынчтыгына коркунуч жараткан нерселерди мыйзамсыз өткөрүп туруу кооптуулуугу. Дагы эле ошол 1999-жылдагы «Баткен окуясы» элдин эсинен чыкпай турган кара так калтырып кетти (мында болсо Тажикстандын кымындай да күнөөсү жок болчу).

Диний террористтик жана экстремисттик агымдардын, алардын өздөрүнө азгырып тартып кетчү маалыматтарынын республикага кантип

кирип кетип жаткандыгы тууралуу да көптөгөн суроолор пайда болот. Демек, мамлекеттин коопсуздугу, калктын тынчтыгы чек араларды бекем сактоо менен гана чечилбейт экен.

Кыргыз Республикасынын башкаруу, аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдары тарабынан республиканын чек ара саясатына негиз салуучу мындай мыйзамдар сунуш кылынган жана кабыл алынган: “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө” [5], “Кыргыз Республикасынын чек ара кызматы тууралуу” [9], “Кыргыз Республикасынын чек ара кызматына тиешелүү ыйгарым укуктуу кызматкерлер” [7], “Улуттук коопсуздук тууралуу” ж.б.у.с. Бул мыйзамдар зарылчылыгына жараша улам кайталанып каралуу менен алардагы айрым кемчиликтер, так эместиктер, кээ бир жагдайлардын бири-бирине каршы чыгуусу дээрлик түрдө четтетилип бүтүүдө деп айтууга болот.

Жалпысынан алганда, “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө” мыйзамы СССРдин 1982-жылдагы “СССРдин мамлекеттик чек арасы тууралуу” мыйзамынан айырмаланып турат. Мында толук окшоштуктардын болуусу да мүмкүн эмес эле, андагы аймактык айырмачылыктардан сырткары заман талабына ылайык өзгөчөлүктөр да арбын болгон. Тактап айтканда, мурдагы СССРде мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуу милдеттери СССРдин Министрлер Кеңешине милдеттендирилген болсо, Кыргыз Республикасынын чек арасынын коопсуздугун камсыздоо Коргоо Министрлигине жүктөлгөн. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын чек ара кызматы тууралуу” мыйзамында мамлекеттик бийлик органдарынын чек ара коопсуздугу боюнча жумуштарды координациялоодогу кызматтары жана жоопкерчиликтери да белгиленген. “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө” мыйзамында Кыргызстандын чек ара саясатынын төмөнкүдөй принциптерине өзгөчө көңүл бурулган: чектеш жайгашкан республикалардын бири-биринин суверендүүлүгүн, аймактык бүтүндүгүн, мамлекеттик чек араларынын кол тийбестигин таануусу жана сыйлоосу; эки

тарапка тең бирдей кызыкчылыктарды жана социалдык-экономикалык, маданий баалуулуктарды жаратуучу биргелешкен кызматташууга баруу жана ага умтулуу; эки тараптуу тынчтыкка, достук мамилеге болгон аракеттер; талаштуу чек ара маселелерин биргелешкен аракеттер менен эки тарапты тең канааттандырарлык деңгээлде чечүү ж.б.

СССР мезгилиндеги чек араларды тактоо приеципитерине болгон мамилелер да түп тамырынан өзгөрдү. Эгер “СССРдин мамлекеттик чек арасы тууралуу” мыйзамы боюнча [6] СССРдин мамлекеттик чек арасы адегенде Жогорку Кеңештин чечими менен аныкталып, андан кийин гана ал СССРдин эл аралык келишимдерине ылайыкташтырылса, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы тууралуу” мыйзамынын 5-беренесинде Кыргызстандын мамлекеттик чек аралары республиканын эл аралык келишимдериен ылайык тактaлат жана өзгөртүлөт, андан кийин гана ратификациядан өткөрүлөт деп жазылган. Эл аралык – укуктук мамилелердин деңгээлинде бекемделбеген Кыргыз Республикасынын чектеш республикалар менен болгон чек аралары ошол республикалар менен эки тараптуу талдоого алуу жана келишим түзүү чаралары аркылуу такталат жана демаркацияланат. Чек ара кызматына тиешеси бар жана ага жоопту мамлекеттик кызматкерлер бул талаптарга акырындап көнүп да кетишти деп айта алабыз. Бирок да КМШнын чектеш мамлекеттерине өздөрүнүн талаштуу маселелерин жана жер тилкелерин эки тараптуу негизде өздөрүнчө чечүүгө туура келет жана терең алып караганда, чек ара маселелери эл аралык талаптарга ылайык чечилүүгө тийиш деп айтылганы менен сырткы мамлекеттердин ички мамлекеттердин жеке иштерине кийлигишүүгө укуктары жок да. Тажикстан менен Кыргызстандын ортосунда куралдуу кагылышуу болуп өткөндөн кийин (бул кагылышуу Тажикстандын күнөөсү менен башталган деп белгилөөдөн талбайбыз) Россия Федерациясынын президенти В.В.Путиндин эки мамлекетке ортомчулук кылууга даяр экендигин билдирген. Демек, сырткы мамлекеттер башка өлкөлөрдүн ички иштерине кийлигише албайт, ал эми чыр-чатакка барган кайсыл бир тарапты

ачык колдоого алуу жакшы жыйынтыкка алып келе бербейт. Ал эми ошол согуштук кагылышууларга себеп болгон, аны баштаган тарапты айыптоо, анын күнөөсүн аргументүү негизде далилдөө жана жапа чеккен тарапка ар тараптуу колдоо көрсөтүү таптакыр башка маселе.

Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоо максатында чек ара маселерине тиешеси бар министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун милдеттерин жана жоопкерчиликтерин аныктоо, алардын баарынын комплекстүү иш-аракеттерин түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-жылы 16-мартта №183 Токтомун кабыл алган [37]. Бул Токтомдо Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууну 2022-жылга чейин комплекстүү башкаруунун улуттук стратегиясы келечек пландары белгилеген.

КРнын 2015-жыл 16-майындагы №98 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы тууралуу” мыйзамы менен  республиканын чек араларынын төмөнкүдөй режимдери белгиленген:

1) мамлекттик чек аралардын жалпы режими;
2) конкретүү аймактардын чек ара режими;
3) мамлекеттик чек аралардан өткөрүү пункттарынын иштөө режими.

Жогоруда аталып өткөн мыйзамдын 8-беренесинин 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы төмөнкүдөй эрежелерди өз ичине камтыйт:

1) мамлекеттик чек араларды жогорку деңгээлде сактап жана кармап туру;

2) мамлекеттик чек аралардан ары-бери өтүү эрежелери;

3) мамлекеттик чек аралардан автомобилдерди, жүктөрдү жана малдарды өткөрүүнүн тартиптери;

4) чек араларда боло калчу инциденттерди залакасы жок чечүү;

5) убактылуу жашоо, иштөө максатында өтүп келүүнүн, катталуунун эрежелери;

6) чек ара аймактарында же башка мамлекеттерде чарба иштерин, коомдук-саясий, маданий жана башка жумуштарды аткаруунун жана жүргүзүүнүн тартиптери.

Чек ара маселелери мамлекеттик маанидеги абдан татаал жана жоопкерчиликтүү саясий-аскердик милдет. Э.С.Надарин чек ара эрежелерин бузуу башка бир кылмыштын түрлөрүндөй бир адамга же бир нече жаранга, аларды үй мүлкүнө, материалдык кызыкчылыктарына зыян келтирүү эмес, ал айрым учурларда чектеш жайгашкан эки мамлекеттин кылымдардан бери келе жаткан жылуу мамилесин бузуп жиберүүсү толук мүмкүн деп жазган [89]. Чынында да, жергиликтүү деңгээлдеги чек ара окуяларынан мисал келтирсек, Каркыра, Үзөнгү-Кууш, Баткендин төрт көчөсүндөгү 275 метрдин чыры узак мезгилдерден бери токтолбой келе жатат. Демек, чек ара “өйдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат” деген сыяктуу эле татаал маселе. Чектеш эки мамлекеттин ортосундагы мамиленин суубасы үчүн чек арага чектеш эки элдин аракеттери да болууга тийиш. Мисалы, Баткендеги куралдуу жаңжал чыгар алдында жергиликтүү калк өз аскерлерине силер урушту баштап коюп, ал токтогондо кетип каласыңар, биз болсо бул жерде түбөлүккүү калабыз, натыйжада жапа чеккен биз болобуз. Жаңжалды токтоткула деп өз аскерлеринин жолун тосcондо андай чектеш эки эл үчүн эч кандай зыян болмок эмес жана алар мурдагыдай бири-бири менен катташып, соода-сатык кылып ынтымакчылыкта жашай беришмек. Тажикстандын Баткен менен чектеш аймактарына стратегиялык маанилүү товарлар (күйүүчү майлар, курулуш материалдары жана башка, жана башка...) Кыргызстан аркылуу өтчү, ошол эле мезгилде тажикстандыктар өздөрүнүн айыл-чарба азыктарын Кыргызстанга өздөрүнө пайдалуу баада сатып сатып алышчу. Дал ушул сыяктуу маселелерге  окумуштуу В.В.Сергеев кызыгып, чектеш мамлекеттердин калкынын кызыкчылыктарынын сакталуусун, алардын сода-сатыкка байланышкан өз ара мамилелерин жолго коюу үчүн атайын эрежелер режимин иштеп чыгуунун зарылдыгын баса белгилеген [117].

В.Е.Степенко чек ара маселерине тиешелүү юридикалык илимдер тармагына «кургак жерлердеги мамлекеттик чек ара», «абадагы мамлекеттик чек ара», «деңиздеги мамлекеттик чек ара», «дарыядагы мамлекеттик чек ара», «көлдөгү мамлекеттик чек ара» терминдерин киргизүүнү жана алардын бирине тиешелүү эреже, тартип жана жоопкерчиликтерди иштеп чыгууну сунуш кылган[120]. Кыргыз Республикасы башка мамлекеттер менен деңиз аркылуу чектешпейт жана балким, В.Е.Степенко сунуш кылгандай, «көлдөгү мамлекеттик чек ара» түшүнүгүн, андагы нормативдик укуктарды жана жергиликтүүлүктөрдүн кызыкчылыктарын сактоого алууда жана канааттандырууда Кемпир-Абад боюнча чырлуу маселеде колдонууга болор беле.

Тиешелүү бажы төлөмдөрү жана уруксат кагаздары толтурулгандан кийин унаа каражаттары, түрдүү багыттагы жана максаттагы товарлар, малдар бир мамлекеттен экинчи мамлекетке мыйзамдуу түрдө өтө алат. Арзыбаган чакан же баасы төмөн же адам үчүн эч кандай зыяны жок товарды да чек ара, бажы посту жок жерден өз алдынча алып өтүүгө уруксат берилбейт жана ал кылмыш катары эсептелет.

Юридикалык адабияттарда теоретиктер тарабынан мамлекеттик чек ара түшүнүгүнө жана анын режимине так аныктама берүүгө аракеттер көрүлүп келет. Мисалы, С.С.Бородин жана С.С.Громыко мамлекеттик чек ара режими – жарандардын, унаа каражаттарынын жана ошондой эле малдын бир мамлекеттен экинчи бир мамлекетке мыйзам ченеминде өтүүсүнүн, бир мамлекеттин жаранынын экинчи бир өлкөгө келип чарба же башка багыттардагы иштерин мыйзамдуу жүргүзүүсүнүн, чек ара мыйзамдарын жана талаптарын бузгандарга чара көрүүнүн жалпы эрежелеринин жыйындысы деген пикирге токтолушат [46]. В.Е.Степенко диссертациялык изилдөөсүндө мамлекеттик чек ара режимине чек аранын өлкөнүн сырткы коопсуздугун камсыз кылуу багытында иштеп туруусун тартипке салуучу эреже, талаптардын жыйындысы катары баа берет. Анын пикири боюнча чек ара бул аймактардагы коомдук мамилелердин юридикалык табиятын,

мамлекеттик чек арадан ары-бер өтүүнүн мыйзамдуу эрежелерин мүнөздөп турат [120]. В.Е.Степенко мамлекеттик чек ара режимине административдик-укуктук режим катары баа берет жана бул режим чектеш жайгашкан эки мамлекеттин тең калкынын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эске алууга тийиш, керек болсо, чектеш мамлекеттер алыстан күтүлүүчү коркунучтарга биргелешип каршы туруууга милдеттүү. Карапайым тил менен айтканда, коңушуңа келген коркунуч эртеби-кечпи сага да келет. Мамлекет ичинде же мамлекеттер ортосунда жаңжал чыккан учурларда көпчүлүк мезгилдерде муну үчүнчү күчтөр уюштурду, ага башка үчүнчү күчтөр айыптуу деп айтып келебиз. Мындан чыкты, талуу жана олуттуу маселелер, алардын чыгуу себептери тууралуу сөз болгондо абдан этият болуу керек жана чындап эле кайсыл бир чыр-чатакка кайсыл бир үчүнчү күчтөр айыптуу болсо, алардын күнөөсүн далилдеп, мындай провакациялык аракеттерди эл аралык деңгээлде ашкерелеп чыгуу зарыл.

Мамлекеттик чек аранын, чек ара кызматкерлеринин материалдык-каржылык жактан жабылуусун В.Е.Чеканов [131] изилдөөгө алган. Ал чек ара тилкелерине зарылчылыкка жана мүмкүнчүлүктөргө жараша чек ара мамыларын, чек ара белгилерин жана бийик серелерди (вышка) орнотуу, текшерүү-көзөмөлгө алуу тилкелерин коюу жана ошондой эле эки чектеш мамлекеттин чек араларынын ортосунда бейтарап тилкелерди калтыруу, чек арага жакын аймактарда аскердик же чек ара шаарчаларын куруу боюнча омоктуу ойлорун айткан. Баткендеги куралдуу кагылышуулардан кийин Тажикстан менен болгон чек араны коргоочулар үчүн кам көрүүгө мамлекеттик деңгээлде көңүл бурула баштады. УКМКга караштуу Чек Ара кызматынын учкучсуз аппараттар базасы ачылды. Учкучсуз аппараттардын (дрон) үч түрү (Байрактар, Аксунгур, Акынжы) Түркиядан алынгандыгы жана алардын айрым түрлөрүнүн акырындап өзүбүздө кураштырыла баштагандыгы жөнүндө билдирүүлөр берилүүдө. Россиядан орто аралыкка учуучу “Форпост”, кыска аралыкка учурулуучу “Орлан-10” дрондорунун Канттагы базасы курула тургандыгы тууралуу Россия Федерациясы менен

сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Баткендеги чек ара кызматкерлеринин айлык акылары максималдуу көтөрүлө баштагандыгы тууралуу маалыматтар бериле баштады ал сумма 76000 миң сомдун айланасында болору расмий түрдө айтылууда. Бул фактылык материалдардын бардыгы чек аранын, демек, мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылууга болгон аракеттер.

Мамлекеттик чек ара пункттарынан түрдүү товарларды, малды ары-бери алып өтүү, анын эрежелери боюнча бир нече жолу айтылып өттү. Бул боюнча нормативдик-укуктук эрежелер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылы 14-сентябрдагы № 484 Токтому менен заман талаптарына ылайык кайрадан жаңыланып чыкты [36]. Токтомдо көрсөтүлгөн режимдердин ар бири бири-биринен нормативдик жоболору боюнча айырмаланып турат.

Мамлекеттик Чек Ара жөнүндөгү мыйзамдын 10-беренеси чек арадан өтүүнүн режиминин эрежелерин бекемдейт. Бул мыйзамдын 1-бөлүмү боюнча курук жерлерден чек арадан өтүү атайын чек ара жана бажы постторунда гана жүргүзүлөт, чектеш мамлекеттер үчүн атайын виза талап кылынбайт, бирок мында жарандар үчүн чет өлкөгө чыгууга укук берүүчү паспорт талап кылынат. Ал паспортко жарандын башка өлкөгө кирген күнү да, чыккан күнү да белгиленет. Чек арада унаадан адамдарды, жүктөрдү, малды түшүрүүгө, башка бир унаага жүктөөгө жол берилбейт. Мында жарандын тек гана чек арадан өтүүсү же андан ары жол улоосу же андан ары башка экинчи мамлекетке өтүүсү да кошумча белгиленет.

Жарандын чек арадан башка мамлекетке өтүү максаттары жана ал мамлекетте канча убакыт болуусу тууралуу белгилөө Чек Ара мыйзамынын 11-беренесинин 1-бөлүмүндө атайын каралып өткөн.

Чек арадан өтүү маселелерин эки тараптуу кароого тийишпиз, биринчи учурда чет элдиктердин Кыргыз Республикасына кирүү тартиптери каралса, экинчи учурда кыргызстандык жарандардын чек ара аркылуу чет өлкөгө чыгуу тартиптери каралат. Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы мамиле жакшыргандан баштап Достук чек ара пунктунда ары-бери өтүп

жаткандардын саны абдан көбөйүп жатат жана алардын бардыгын мыйзам чегинде текшерип туруу да абдан түйшүктүү маселе. Курук жерлерден өтүүгө салыштырмалуу аэропорттордон учак аркылуу чет мамлекеттерге өтүү жагы бир топ жолго түшкөн жана мында жарандарды текшерүүгө алуу заман талаптарына ылайык автоматташтырылган жана компьютерлештирилген деп айта алабыз. Демек, аэропорт аркылуу сыртка чыгууну жана кирүүнү да шарттуу түрдө чек ара деп айта алабыз жана бул жерлерде да чек ара постторундагыдай эле бажы кызматкерлери да турушат.

Тажиксан менен болгон мамилеге салыштырмалуу башка чектеш мамлекеттер менен болгон мамиле көңүл жылытарлык жана алардан күтүлүүчү коркунучтар жок. Тажикстандын чек araларга жакын аймактарында алардын аскерлери окоп, траншеяларды казып жатышат деген маалыматтар маал-маалы менен келип калып жатышат. Биздин оюбузча, мындай кооптуу жерлерге зым тосмолорду коюу менен чектелбей урунттуу жерлерге дот, дзот сыяктуу коргонууну чыңдоо курулуштарын, бийиктиктерге байкоо жүргүзүү пункттарын жайгаштыруу максатка ылайыктуу.

Мамлекеттик чек ара режиминин мазмунун түзүүчү режимдик эрежелердин чектеш мамлекеттер ортосунда толук дал келбестигинен улам жергиликтүү жана чет өлкөлүк жарандардын чек ара тартиптерин бузуусу пайда болот. Айрым учурларда жарандар чек арадан өтүү учурунда башка мамлекеттин чек арага, андан өтүүгө тиешелүү талаптарын так аткарбай калат же ал талаптарды билип турса да түшүнгүсү келбейт, мындан улам жарандар менен чек арачылардын чырлашуу фактылары да кездешип турат.

Кийинки жылдары Кыргыз Республикасынын Конституциясын, андагы нормтивдик актыларды эл аралык талаптарга ылайык келтирүү, байкалган кемчиликтерди четтетүү, эл аралык стандарттарга ылайык алымча-кошумчаларды киргизүү аракеттери активдүү жүрүүдө. Көпчүлүк мыйзамдардын орус тилинен которулуп кабыл алынып жаткандыгы азыр эч кимге жашыруун деле болбой калды, бирок аларды стилдик каталар, туура

эмес котормолор кездеше калып жүрөт. Мыйзамдардын так, даана жана түшүнүктүү жазылуусунун зарыл экендигин айтпасак деле бул талаптар жалпыбызга ачык түшүнүктүү. Анда эки ача пикирлер, бүдөмүк ойлор болбоого тийиш. Мыйзам которулуп кабыл алса алынар, бирок анда жергиликтүү социалдык-экономикалык, саясий өзгөчөлүктөр, республиканын калкынын чарба жүргүзүүсү, анын башка улуттардан менталитеттик айырмачылыктары, ал тургай, эзелтеден калыптанып калган салт-санаалары, үрп-адаттары, жашоого болгон көз караштары сөзсүз түрдө эске алынууга тийиш. “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын чек ара кызматы тууралуу”, “Чек ара кызматкерлерине ыйгарым укуктун берилүүсү”, “Сырткы жана ички миграция тууралуу” мыйзамдары мамлекеттик чек ара жөнүндөгү мыйзамдарга, жалпы эле, чек ара маселелерине, анын бекем коргоого алынуусуна жаңы талаптарды жана жоопeрчиликтерди койду. Жаңы мыйзамдык актылар кайра баштан тактaлып, айрым чек ара тилкелери эки тараптуу талаш-тартыш жаратып жаткан учурлар чек арага жаңыча мамиле жасоодогу, аны коргоого алуудагы аракеттерди күчөтүүдө. Кыргыз Республикасынын чек араларын бекем сактоого алуудагы, анын кол тийбестигин камсыз кылууну ишке ашыруудагы бул татаал укуктук-саясий маселени чечүү проблемалары мамлекеттик чек ара, анын теориялык-практикалык жагдайлары боюнча комплекстүү конституциялык-укуктук институтту түзүүнүн зарылдыгын жаратууда.

“Кыргыз Республикасынын чек арасы жөнүндөгү” КРнын мыйзамында чек арага тиешелүү маселелер зарылдыгына жана маанилүүлүгүнө жараша ирети менен жайгаштырылган. Негизинен алганда, чек арада анчалык маанилүү эмес маселелердин болуусу мүмкүн эмес, убагында майдараак жана анчалык маанилүүрөөк эмес маселе (курулат турмуш майдадан, байкабайт аны майда адам) деп тиешелүү деңгээлде көңүл бурулбай калган маселе кези келгенде глобалдык деңгээлдеги чоң проблемага айланып кетет.

Демек, чек арадагы маселелердин чоң-кичине деп бөлүштүрүлүүсү шарттуу гана түшүнүк.

Кыргыз Республикасынын чек арасын коргоого алуудагы республиканын бийлик жана аткаруу органдарынын укуктарынын жана милдеттеринин так аныкталуусун жана принциптерин, алардын кызматтык милдеттеринин бөлүштүрүлүүсүн чек арага тиешелүү мыйзамдардагы жаңылык катары кабыл алууга болот. Булардан тышкары Кыргыз Республикасынын чек арасын коргоого алуунун атайын механизмдеринин жана анын уюштурулуусунун, чек арага тиешелүү бардык структуралардын өз ара кызматташуусун координациялоонун укуктук негиздери кайрадан каралып чыкты жана такталды. Терең алып караганда, биз жогоруда сөз кылып жаткан чек арага тиешелүү бардык маселелер тууралуу айрым-айрым сөз кылууга жана изилдөө жүргүзүүгө туура келет.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын чек арасы жөнүндөгү” жаңы мыйзамында мамлекеттик чек араны коргоонун режимине, анын курамдык бөлүктөрүнө так аныктама берилет. Чектеш мамлекеттер менен чек ара маселелерин тактоого алууда жеке республикалык кызыкчылыктар гана эмес алардын да кызыкчылыктары жана керектөөлөрү, эл аралык стандарттар да бекем эске алынат. Башка бир айрым маселелер сыяктуу чек ара маселесинде “меники гана туура” деген принцип таптакыр жарабайт. Айрым бир маселелер боюнча ар кимиси өз пикирин билдирип, алардын айрымдары өз пикирин өзгөртпөгөн бойдон кала берүүсү толук мүмкүн. Бирок, чек ара маселелеринде коңушу мамлекеттин да сунуш-пикирлерин, кызыкчылыктарын эске алууга, алар менен тең укуктуулук принциптеринин негиздеринде өз мамлекетине кымындай да зыян келтирилбегендей деңгээлде макулдашууга жана кызматташууларга барууга туура келет.

Чектеш мамлекеттер менен чек ара маселелерин, ал боюнча талаштуу моменттерди тактап алмайын, алар боюнча бир пикирге келмейин коңушулук негизде кызматташуу тууралуу сөз кылуу мүмкүн эмес. Терең алып

караганда, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги кагаз жүзүндө гана калбастан ал иштиктүү иш алып барууга тийиш, кайсыл мамлекет чек ара эрежелерин, чектеш республиканын кол тийбестик принциптерин бузса жалпы айыптоого жана талкууга алынуусу зарыл. Изоляцияда калуу менен, бери эле болгондо чектеш мамлекеттер менен кызматташтык мамиледе болбой алга карай өнүгүүгө бет алуу мүмкүн эместиги эзелтеден жалпыга маалым. Ар бир КМШ мамлекети менен чек ара маселелери боюнча иш алып барууда экономикалык-социалдык, укуктук жана саясий талаптарды, кызыкчылыктарды жана тең укуктуулук принциптерин бекем эске алуудагы дифференциялаштырылган ыкма зарыл.

Чек ара өткөрүү пункттарында бири-биринен анчалык алыс эмес аралыкта чектеш эки мамлекеттин чек ара жана бажы кызматкерлери турушат. Жарандардын, жүктөрдүн жана малдардын ары-бери өткөрүлүүсүндө эки мамлекеттин аларга карата көрүлүүчү талаптары бирдей болууга тийиш. Бир мамлекет башка, ал эми экинчи өлкө такыр башка талап жана милдеттерди коюу менен талаштуу маселелер келип чыгат.

**I бап боюнча корутундулар**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы өлкөнүн ажыратып алгыс атрибуту болуп саналат жана ал мамлекеттин аймагынын укуктук статусун жана анын аймактык бийлигин, ээлеген ордунун чектерин билдирет. Мамлекет чек аралары менен бекитилген аймакта эч кимден көз карандысыздык принциптеринде өз бийлигин жүргүзөт жана аны бардык каражаттары, күч-аракеттери менен коргоого алат.

Чек аранын ичиндеги аймак мамлекеттин экономикалык, саясий жана укуктук мейкиндиги, мамлекеттин чек арасы аны сырткы коркунучтардын коргоого алат, демек, чек ара мамлекетти коргогондон кийин мамлекет өз чек араларын коргоого алууну биринчи планга коюуга тийиш. Чек ара мамлекетти куралдуу жана башка бардык коркунучтардын түрлөрүнөн

коргоп турат, бажы, миграциялык жана башка кызматтарды аткарат. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы өлкөнүн улуттук-мамлекеттик, экономикалык-саясий кызыкчылыктарын жана тынчтыгын коргоого алуунун башкы чектери. Аалам айылдан башталат деп айтылган сыяктуу мамлекет чек арадан башталат. Чет өлкөлөрдө көп жылдап өмүр сүрүп кайтып келген жаран мамлекетинин чек арасынан өткөндөн кийинки көтөрүнкү маанайын элестетип көрсөк бардыгы дапдаана түшүнүктүү болгудай. Чек аранын тагдыры менен мамлекеттин, анын калкынын тагдыры ажырагыс байланышта. Демек, чек араны коргоого алууну чек ара аймактарын гана коргоого алуу деп түшүнбөөгө тийишпиз.

Кыргызстандын азыркы учурдагы чек ара саясаты төмөнкүлөрдөн турат: өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн, айрыкча, чек араларга чектеш жайгашкан калктын кызыкчылыктары менен керектөөлөрүн сактоого алуу; чектеш мамлекеттер менен болгон жылуу мамилени күчөтүү, ар кандай оронку күчтөр деп аталган сыяктуу провокаторлорго азгырылбоо; чек аралардагы талаш чараткан чек ара тилкелери жана аймактары боюнча мүмкүн болушунча тездик менен туура чечим кабыл алуу, мындай маселелерде чектеш мамлекеттердин чек арага тиешелүү кызматтары мене эки тараптуу кызыкчылыктарга жооп бергидей деңгээлдеги макулдашууларга баруу; чек ара кирип-чыгууга тыюу салуучу чек эмес, ал чектеш эки мамлекеттин эшиги, босогосу (айрыкча, чек ара посттору) деген түшүнүк менен жашоо ж.б.у.с.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режими, бул – мамлекеттин бийлик органдары тарабынан түзүлгөн жана кабыл алынган чек ара тартиптери. Алар Кыргыз Республикасынын чек арасындагы бардык экономикалык, саясий, социалдык, руханий-маданий, аскердик ж.б. мамилелердин бардык түрлөрүн өз ичине камтыган нормалардын жана эрежелердин системасынан турган атайын конституциялык-укуктук институттун негизинде түзүлөт.

“Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө”, “Тышкы миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, “Чек ара ыйгарым укуктуулары жөнүндө” жобо мамлекеттик чек ара жөнүндө мыйзамдардын системасына жаңы мамилелерди аныктады. Жогорудагы мыйзам актыларында тиешелүү укуктук институттарды чагылдырган бир катар өркүндөтүлгөн атайын бөлүмдөр пайда болгон. Бул ченемдик укуктук базанын системасы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоого багытталган, ал албетте мамлекеттик чек ара коопсуздугунун негиздеринин комплекстүү конституциялык-укуктук институтун түзөт.

# 2 БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНЫН КООПСУЗДУГУН УКУКТУК КАМСЫЗДОО

## 2.1 Мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын тутуму

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек аралардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бир катар нормативдик-укуктук актылар иштеп жатат. Алардын эң эле негизгиси 2015-жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Чек Арасы жөнүндөгү” мыйзамы. Буга чейин 1999-жылы кабыл алынган чек ара мыйзамы иштеп келген жана ал өз мезгилинин талаптары үчүн жооп берген. Чектеш жайгашкан республикалар ортосунда эл аралык-уктук маселелердин жана алардын ортолорундагы айрым чек ара тилкелеринин толугу менен тактала элек экендигине, чектеш мамлекеттердин чек арага байланыштуу эки тараптуу укуктарынын жана милдеттеринин толук түрдө чечиле элек экендигине байланыштуу улуттук чек ара мыйзамын кайра баштан иштеп чыгууга жана кабыл алууга туура келген.

КРнын “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө” мыйзамынын [5] жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин чек ара жөнүндөгү жобосунун [38] мазмуну Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын укуктук тартипке салуу боюнча жаңыдан пайда болгон маселелерди чечүү үчүн жаңы мамлелердин талап кылынып жаткандыгын күбөлөндүрот.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө” мыйзамында чек араны коргоого алууга тикеден тике да, кыйыр түрдө да тиешеси бар ыйгарым укуктуу субъектилер тууралуу атайын бөлүмдөрдүн берилгендигин өзгөчө баса белгилеп кетүүгө туура келет. Бул мыйзамда мамлекеттик чек арага тиешеси бар бардык кызматтардын милдеттери жана жоопкерчиликтери так аныкталган жана андан сырткары,

алардын өз ара кызматташуусу, чек араларды коргоого алууга багытталган жумуштарын координациялоо тууралуу маселелер так жана түшүнүктүү стилде белгиленген.

Жогоруда бир нече ирет белгиленип өткөндөй, чек ара тууралуу мыйзамдардын өзөктүк ордун мамлекеттик чек ара жөнүндөгү эрежелердин, кызматтык укуктардын, жоопкерчиликтердин жана милдеттердин режими түзүп турат.

Башка бардык эле мамлекеттердегидей Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын режимдеринин курамдык бөлүктөрүн кургак жерлердеги чек аралардын режими, суудагы чек аралардын режими жана аба мейкиндигиндеги чек аралардын режими түзөт. КРнын "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө" мыйзамына ылайык мамлекеттик чек ара режимдери төмөнкүдөй эреже, талаптарды өз ичине камтыйт:

- мамлекеттик чек араны коргоп туруу;
- жарандардын жана транспорт каражаттарынын мамлекеттик чек аралардан өтүү тартиптери;
- түрдүү жүктөрдүн, товарлардын жана малдын мамлекеттик чек аралардан өтүү тартиптери;
- жарандарды, транспорт каражаттарын, түрдүү жүктөрдү, товарларды жана малды мамлекеттик чек аралардан өткөрүү тартиптери;
- чек ара аймактарында чарба иштерин жана башка жумуштарды аткаруунун эрежелери;
- - ушул эрежелерди бузуу менен байланышкан чет мамлекеттер менен болгон окуяларды чечүү.

Чектеш мамлекеттердин эки тараптуу кызыкчылыктары үчүн айрым аймактарга мамлекеттик чек режими киргизилбеши да мүмкүн. Мисалы, 2022-жылдын 17-ноябрындагы Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосундагы чек араларды тактоо, жер алмаштыруу жана Кемпир-Абад суу сактагычы боюнча макулдашуу боюнча келишим Жогорку

Кеңеште басымдуу көпчүлүк депутаттардын колдоосу менен ратификациядан өткөрүлдү. Бул боюнча Кемпир-Абад суу сактагычынын аянты Өзбекстан Республикасынын карамагына өттү деп жарыялanganы менен Өзбекстан суу сактагычты айланта чек ара тосмолорун орното албайт жана суу сактагычтын жээктерине курулуштарды жүргүзө албайт, анын үстүнө, суу сактагычты эки республиканын тең ортолукта башкаруусу да мыйзам чегинде бекитилди. Ошол эле жыйында Кыргыз Республикасынын президенти С.Жапаров көптөгөн талаш-тартыштарды жана суроолорду пайда кылып келе жаткан Баткендеги төрт көчө деп аталган жердеги 275 метр жерге Тажикстан Республикасы менен болгон сүйлөшүүлөрдүн негизинде бейтарап (нейтральный) макам берилгендигин, Тажикстан жыйырмадай үйлөрүн көчүрүп кетерин расмий түрдө билдирди.

«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык Мамлекеттик чек араны күтүүнүн эрежелери чек ара белгилерин жана аларды контролдоочу инспекцияларды, жабдууларды орнотуунун, күтүүнүн жана жакшы абалда кармоонун тартибин жөнгө салат. жана чек араны тазалоону камсыз кылуу, мамлекеттик чек арадан өтүү боюнча коңшу мамлекеттер менен биргелешкен текшерүүлөрдү жүргүзүү. Мамлекеттик чек араны биргелешип текшерүүнүн ага өзгөртүүлөрдү камтыбаган документтери Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан бекитилет.

Мамлекеттик чек араны тейлөө, аны кармап туруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, эл аралык-укуктук актыларга ылайык ишке ашырылат. Чек ара белгилеринин коюлушу жана алардын тариптеринин такталышы, чек ара тилкелерине карай жол тартылышы чектеш республикалардын чек ара кызматтарынын макулдашуусу менен жүргүзүлөт.

Унаа каражаттарынын ары-бери өтүүсү эки республиканын макулдашуусу менен ачылган жана эл аралык шоссе, темир жол статусун алган чек ара постторунда ишке ашырылат. Зарылчылыктарга жана чектеш

жайгашкан калктын ыңгайлуулуктары үчүн айрым чек ара тилкелеринде кошумча чек ар постторунун да коюлушу мүмкүн.

«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык мамлекеттик чек ара аркылуу адамдарды, транспорт каражаттарын, товарларды жана жаныбарларды өткөрүү мамлекеттик чек ара аркылуу белгиленген өткөрүү пункттарында жүзөгө ашырылат жана Кыргыз Республикасынын аймагына келген адамдардын, транспорт каражаттарынын мамлекеттик чек араны кесип өтүүсүнүн, Кыргыз Республикасынын аймагына мамлекеттик чек ара аркылуу жүктөрдү, товарларды, жаныбарларды өткөрүүнүн мыйзамдуулугун таануудан турат же Кыргыз Республикасынан чыгып жаткан адамдардын, транспорт каражаттарынын мамлекеттик чек араны кесип өтүүсүнө, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары мамлекеттик чек ара аркылуу жүктөрдү, товарларды, жаныбарларды өткөрүүгө уруксат бергенде.

Чектеш мамлекеттердин эки тараптуу келишимдерине ылайык жарандардын, жүктөрдүн, малдын жана башкалардын ары-бери өткөрүлүүсү жеңилдетилген тартипте жүргүзүлүүсү толук мүмкүн. Мисалы, Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын, Кыргыз Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортолорундагы чек ара тартиптери жеңилдетилген тартипте деп айта алабыз.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан өтүүдө жарандар жана техникалык каражаттар паспорттук жана санитардык-карантиндик көзөмөлдөн өткөрүлөт, ошондой эле чек арадан өткөрүлүүчү бардык буюмдарга, малдарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Токтому менен бекитилген тартипте ветеринардык, фитосанитардык жана башка текшерүүлөр жүргүзүлөт. Айрыкча, Ковид-19 жугуштуу оорусу чыккандан бери чек аралардагы текшерүүлөр бир топ катаалдашты.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара пункттарынан өткөрүүдөгү текшерүүлөрдүн укуктук негиздери төмөнкүлөр: КРнын 2015-жылдагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү”

мыйзамы [5]; КРнын 1993-жылдагы “Кыргыз Республикасындагы чет элдик жарандардын укуктук абалы жөнүндөгү” мыйзамы [14]; КРнын 2000-жылдагы “Тышкы миграция жөнүндөгү” мыйзамы [15]; КРнын 2015-жылдагы “Өсүмдүктөрдүн карантини жөнүндөгү” мыйзамы [16]; Кыргыз Республикасынын 2009-жылдагы “Коомдук ден соолукту сактоо жөнүндөгү” мыйзамы [17]; Кыргыз Республикасынын 2014-жылдагы “Ветеринария жөнүндөгү” мыйзамы [18]; КРнын 2004-жылдагы “Кыргыз Республикасындагы техникалык тартипке салуу жөнүндөгү” мыйзамы [19]; Кыргыз Республикасынын 2019-жылдагы “Бажылык жөнгө салуу жөнүндөгү” мыйзамы [13]; 1995-жылы 2-декабрда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №520 Токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизилип жаткан азык-түлүктөрдү жана башка продукцияларды текшерүүгө алуунун тартиптери тууралуу” Жобо [39]; 2004-жылы 7-октябрда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №739 Токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекетик чек арасынан өткөрүү пункттары тууралуу” Жобо, 2021-жылдын 19-январында кабыл алынган ушундай эле №8 Жобо [40]; КРнын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 19-январында кабыл алынган жана №8 Токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекетик Комитетинин Чек Ара кызматы тууралуу” Жобо [38]; 2016-жылдын 4-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №172 атайын Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын чек ара тилкелеринин режими жана чек ара режимининин эрежелери [41]; 2004-жылдын 5-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №133 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Чек Ара Кызматкерлери жана Анын Өкүлдөрү жөнүндөгү жобосу [44]; 2016-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №106 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоого алууга республиканын жарандарын тартуунун тартиби [42].

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары атайын категориялар боюнча чет өлкөлүк жарандарды республиканын аймагына мыйзамдуу түрдө кирүүгө жана андан чыгып кетүүгө уруксат берет. Кыргыз Республикасынын аймагына чет өлкөлүк жарандар атайын белгиленген контролдук-өткөрмө пункттар аркылуу атайын мыйзамдык негизде белгиленген документтердин жана уруксат кагаздардын негиздеринде кирет жана ал документтерде (визалык мөөнөттөр ж.б.) белгиленген мөөнөттө чыгып кетет.

Кыргызстан алыскы чет өлкөлүк жарандарды республиканын аймагына алдын ала берилген уруксаттар менен гана киргизет. Ал эми КМШ мамлекеттеринин жарандары 09.10.1992-жылы түзүлгөн макулдашуу боюнча инсандын өздүгүн тастыктаган документтер менен визасыз режимде эле Кыргыз Республикасынын аймагына кирип-чыгып жүрө беришет [28].

КМШ мамлекеттеринин жарандары Кыргыз Республикасынын аймагына дипломатиялык, кызматтык, жалпы жарандык чет өлкөлүк паспорттордун жана жарандын кайтып кетүүсүн күбөлөндүргөн документтер менен кирип-чыга алышат. Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасына кирүү же андан чыгуу максаттарына карата жарандарга дипломатиялык, кызматтык, демейки, транзиттик, чет өлкөлүк паспорттор же тиешелүү документтер, уруксат кагаздары, туристтик визалар берилиши мүмкүн.

Төмөнкү учурларда Кыргыз Республикасынын аймагына кирүү үчүн чет өлкөлүктөрдөн виза талап кылынбайт:

а) Кыргыз Республикасынын аба мейкиндиги аркылуу учактар менен токтобой учуп өтүп кеткенде;

б) Кыргыз Республикасынын аймагына түрдүү себептер менен убактылуу токтоп, андан ары келген учагы менен же башка учак менен жол улап кетүү учурунда. Мында республиканын аймагына убактылуу кирүү үчүн чет өлкөлүк жаранга уруксат берүүчү документ болуп анын өздүгүн тактоочу документ, кайдан келип кайда бара жатканын тастыктоочу авиа билет кызмат кылат. Бирок, жаран аэропорттон сыртка чыга албайт жана

убактылуу токтоп туруу менен кийинки жол улоонун аралыгы 24 сааттан ашпоого тийиш;

в) Кыргыз Республикасы визасыз режим боюнча өкмөттөр аралык келишимге барган мамлекеттердин (мисалы КМШ өлкөлөрү) жарандары республиканын аймагына визасыз кирүүгө укуктуу.

Чет өлкөлүк жарандар үчүн Кыргыз Республикасына кирүү, кирип-чыгуу визалары Кыргыз Республикасынын дипломатиялык же консулдук мекемелери, Тышкы Иштер министрлигинин тиешелүү органдары тарабынан бир айга чейинки мөөнөткө берилет.

Зарылчылыктарга жана айрым жагдайларга жараша чет өлкөлүк жарандарга көп жолу колдонулуучу визалар берилиши да мүмкүн. Көп жолу колдонулуучу визалардын берилүү тартиптери Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер министрлиги, Улуттук Коопсуздуктун Мамлекеттик Комитети жана Ички Иштер министрлиги тарабынан аныкталат.

Чет өлкөлүк жарандар Кыргыз Республикасынын аймагына өлкөнүн чакыруусу, жарандын өз кызыкчылыктары же өз мамлекетинин тапшырмалары менен келүүсү мүмкүн жана ал максаттарга жараша келген жарандарга тиешелүү шарттар түзүлүп берилет.

Кыргыз Республикасынын аймагына туристтик максатта келген чет өлкөлүк жарандар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Туризм жана Спорт боюнча агенттигинин турларын алдын ала алууга тийиш. Келишимдерге жана макулдашууларга жараша мындай туристтерди туристтик полиция кызматкерлери өз унаалары менен коштоп жүрөт.

Жекече кызыкчылыктары жана максаттары менен Кыргыз Республикасынын аймагына чет өлкөлүк жарандар туугандарынын, жакын тааныштарынын чакыруусу менен да келүүсү мүмкүн, мында жергиликтүү жарандар бул чакыруусу боюнча Тышкы Иштер министрлигинин тиешелүү органдарына сураныч катын, билдирүүлөрүн беришет.

Кыргыз Республикасынын “Сырткы миграция жөнүндөгү” мыйзамына ылайык мамлекетке кирүү үчүн төмөнкүдөй чет өлкөлүк жарандарга уруксат берилбейт:

1) ал жаран маммлекеттик коопсуздукка, коомдук тартиптин сакталышына коркунуч жаратса;

2) Кыргыз Республикасынын же башка бир жарандардын коопсуздугун, мыйзамдуу укуктарын сырткы коркунучтардан сактоо зарылчылыктары пайда болсо;

3) эгер ал келүүчү чет өлкөлүк жаран Кыргыз Республикасынын аймагына мурдагы келүүсүндө республиканын бажы, валюталык же башка мыйзамдарын бузган болсо;

4) өзү же чакырылуусу боюнча жалган маалыматтарды берсе же Кыргыз Республикасынын аймагына кирүү үчүн керектүү документтерди толтурбаса;

5) Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдуу талаптары аткарылбаса ж.б.у.с.

Кыргыз Республикасынын аймагына кирген чет өлкөлүк жарандардын визалары, алардын чет өлкөлүк паспорттору Тышкы Иштер министрлигинде же анын тиешелүү органдарында, ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүндо каттоого алынат.

Чет өлкөлүк жарандардын визалары, алардын жарандык, чет өлкөлүк паспорттору же башка маанилүү документтери түрдүү себептер менен жоголгондо Тышкы Иштер министрлигинин тиешелүү органдары мыйзам ченеминде аларды калыбына келтирип берет же зарыл жардамдарды көрсөтөт.

Төмөнкүдөй учурларда чет өлкөлүк жарандарга Кыргыз Республикасынын аймагынан кайра чыгып кетүүгө уруксат берилбейт:

1) аларды кылмыш жообуна тартууга кандайдыр себептер пайда болгондо бул иш боюнча териштирүү иштери бүткөнгө чейин;

2) жасалган кылмыш иши үчүн сот жообуна тартылгандан кийин кылмыш жообунан бошотулганга чейин;

3) чет өлкөлүк жаран мамлекеттик коопсуздук үчүн шек келтирген кадамдарга барганда жана бул иштер боюнча териштирүү иштери биротоло бүткөнгө чейин;

4) чет өлкөлүк жарандар Кыргыз Республикасынын жарандарына жана башка физикалык же юридикалык тараптарына мүлктүк милдеткер же карыздар болуп калып, андан кутулда элек болсо;

5) жогоруда аталып өткөндөрдөн сырткары чет өлкөлүк жарандын Кыргыз Республикасынын аймагынан кайра чыгып кетүүсүнө жол берилбөөчү жагдайлар жаралганда.

Кыргыз Республикасынын жарандары алыскы же жакынкы чет өлкөлөргө кызматтык, жекече иштери, дарыланууга, дем алууга, эл-жер көрүүгө, жумушка орношууга же биротоло туруктуу жашоо үчүн чыгышы мүмкүн.

Чет өлкөлөргө чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарына зарыл болгон негизги документтер болуп дипломатиялык, кызматтык жана жалпы жарандык чет өлкөлүк паспорттор же жана башка тийиштүү документтер эсептелет.

Кыргыз Республикасынын жарандарына чет өлкөлөргө чыгуу үчүн атайын регламентке салынган учурларда уруксат берилбейт. Биринчи учурда мындай уруксат бербөөлөр мамлекеттик сырларды сыртка чыгарбоо менен байланышкан. Кылмыш жообуна тартылууга шек жаратылгандарга чет өлкөлөргө чыгууга тыюу салынмак турсун алардын үй камагына алынган учурлары арбын.

Кыргыз Республикасынын жарандарына республиканын аймагынан чет өлкөлөргө чыгууда мамлекетке бажы-чек ара постторунун контролдук-өткөрүү пункттары аркылуу кирип жаткан чет өлкөлүк жарандарга коюлган сыяктуу эле талаптар коюлат. Паспорттук контролдо сыртка чыккан Кыргыз Республикасынын жарандарынын тиешелүү документтери текшерүүгө

алынат. Жарандын документтери текшерилип бүткөндөн кийин анын чет өлкөгө чыгуу күнү жазылуу менен атайын журналга каттоого алынат жана анын чет өлкөлүк, дипломатиялык же кызматтык паспортуна башка мамлекетке кирген күнү белгиленген атайын штамп басылат.

Эпидемиялык, пандемиялык учурларда мамлекеттик чек аралардан ары-бери өтүү тартиптери бир топ татаалдашат жана жарандар медициналык кароодон өтүүгө тийиш. Аэропорттордон Россия Федерациясына учууга камынгандарды ПЦР (полимеразная цепная реакция ) проблемасы бир топ түйшүккө салып жаткандыгы Жогорку Кеңештин трибунасында да айтылып жатат. Жугуштуу оорулардын таратылып кетүүсүн токтотуу мамлекеттик сырды сактоо сыяктуу эле маанилүү маселе. Ковид-19 Таажы вирусу мамлекеттик чек аралардан ары-бери өтүүнү бир топ татаалдаштырды.

Санитардык-карантиндик контроль Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын санитардык жактан коргоого алууга, карантиндик жана башка жугуштуу оорулардын чыгып кетүүсүнүн, таркап кетүүсүнүн алдын алууга чакырылган. Мамлекеттик чек арадагы санитардык-карантиндик контролду Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты Сактоо министрлиги жүргүзөт жана аймактарда эпидемиялык, пандемиялык кооптуулуктар жаралган учурларда бажы-чек ара постторунун контролдук-өткөрүү пункттарында санитардык-карантиндик контроль жүргүзүүчү пункттар ачылат.

Санитардык-карантиндик контроль өз иш-аракеттеринде Кыргыз Республикасынын2009-жылдагы “Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндөгү” мыйзамы [17] жана КРнын 2015-жылдагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү” мыйзамы [5] жана башка укуктук-ведомстволук нормативдик актылар менен бекитилген эреже, жоболорго таянат жана аларды жетекчиликке алат.

Санитардык-карантиндик контроль зарылчылыкка жараша тиешелүү медициналык маалыматтарды, документтерди, санитардык китепчелерди талап кылат, ден соолугу шек жараткандар дарыгерлердин текшерүүсүнөн

өтөт. Эпидемия жана пандемия учурларында, андан кийин мамлекеттик чек арадан өткөн жарандар санитардык-карантиндик кызматка вакцинация алгандыгы тууралуу эл аралык күбөлүктү (медициналык сертификат), санитардык китепчени ж.б.  көрсөтүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын санитардык-карантиндик кызматы жетиштүү себептер болгондо четтен кирген транспорттук каражатты санитардык аянтка токтотууга, жугуштуу оору жугузууга шекттүү жарандарды калктан бөлүп, аларды санитардык  жактан тейлөөгө милдеттүү.

Мамлекеттик чек арадан өткөрүү пункттарында Кыргыз Республикасынын Айыл-Чарба министрлигинин ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл кызматкерлери жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жугуштуу ооруларынын, отоо чөптөрдүн уруктарынын, түрдүү мителердин республиканын аймагына кирип кетүүсүнүн алдын алат, шектүү азык-түлүктөргө, кеселге шектүү жаныбарларга катуу текшерүү жүргүзүшөт.

Карантиндик ветеринардык жана фитосанитардык посттордун иш-аракеттеринин укуктук негизи катары Кыргыз Республикасынын 1999-жылдагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү” мыйзамы [5],  2015-жылдагы “Ветеринария жөнүндөгү” мыйзамы [18] жана ошол эле жылдагы “Өсүмдүктөрдүн карантини жөнүндөгү” мыйзамы [16] кызмат кылат.

Чек ара аркылуу өтүүчү жугуштуу оорулардын кооптуулугу жаралганда чек арадагы ветеринардык жана фитосанитардык посттор оорулуу малдардын, андай малдардын эттеринин мамлекетке киришине же тескерисинче, чет өлкөгө чыгып кетишине тоскоолдук жаратып, ага жол бербейт. Кесел жугузган өсүмдүктөр, алардын уруктары, андай малдардан жана өсүмдүктөрдөн алынган азык-түлүктөр атайын жайларда жок кылынат. Кесел малдын этин элге сатууга аракет жасаган мал ээси же касаптар кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Кесел жугузган өсүмдүктөр, малдардан жана өсүмдүктөрдөн алынган азык-түлүктөр салынган идиштер жана

буюмдар да митени же ооруну өзүндө алып калгандыгына байланыштуу алар да жок кылынат. Биз булардын баарын биологиялык оорулардын жайылтылышын токтотуу же жок эле дегенде чектөө катары кабыл алсак болот.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасындагы бажы контроль республиканын Мамлекеттик Чек Ара инспекциясы тарабынан чек ара пункттарында Кыргыз Республикасынын 2019-жылдагы “Бажылык жөнгө салуу жөнүндө” мыйзамыныны жана башка бажыга тиешелүү мыйзамдык актылардын негизинде ишке ашырылат.

Бажы контроль Кыргыз Республикасынын таможня органдарынын кызматкерлери тарабынан төмөнкүчө ишке ашырылат:

- бажы багытта мамлекеттик чек арадан өтүүчү транспорттук караттарды, жүктөрдү текшерүүгө алуу;
- өзгөчө шек жараткан жарандарды, алардын жеке буюмдарын кылдаттык менен текшерүүгө алуу;
- мамлекеттик чек арадан өткөн транспорттук караттарды, жүктөрдү каттоого алуу;
- зарыл учурларда физикалык жана кызматтык жарандарга суроолор менен кайрылуу;
- бажы кызматкерлеринин жумуштарын, алардын иш алып баруусун такай көзөмөлгө алып туруу ж.б.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасындагы бажы текшерүү жаран алып өтүп бара жаткан валютанын суммасын, баалуу предметтерди, кол жүгүн жана багажды текшерүүгө алуудан башталат. Бул текшерүүлөрдү Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздуктун Мамлекеттик Комитетинин чек ара кызматынын кызматкерлери валюталардын жана буюмдардын ээсинин көз алдында жүргүзөт.

Кыргыз Республикасыныны аймагына киргизүүгө жана андан чыгаруу уруксат берилбеген нерселер жана буюмдар мамлекеттик чек арадан

өткөрүлбөйт жана ага аракет жасагандар мыйзам чегинде административдик же кылмыш-жаза тартиптеринде жоопко тартылат.

Кыргыз Республикасынын суудагы чек араларынын режими КРнын 2001-жылдагы “Кыргыз Республикасынын суу объектилерин, суу ресурстарын жана суу чарба курулуштарын мамлекеттер аралык пайдалануу жөнүндөгү” мыйзамы [12], Кыргыз Республикасынын 2015-жылдагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү” мыйзамы [5], 2005-жылдагы Кыргыз Республикасынын Суу кодекси [3] менен жана ошондой эле суу ресурстарын пайдалануу боюнча эки тараптуу жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөрдүн жана макулдашуулардын негиздеринде тартипке салынат.

Жогоруда аталып өткөн Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актыларына ылайык чек араларга чектеш суулардан пайдалануу, балык тутуу, суу жээктеринде айыл чарба жумуштарын жүргүзүү, мал жаюу, суу чарба курулуштарын тургузуу чектеш эки мамлекеттин тең кызыкчылыктарын эске алуу менен КРнын чек ара кызматтары жана мамлекеттик органдары тарабынан көзөмөлгө алынат. Өзбекстан Республикасы Кемпир-Абад суу сактагычы үчүн өз аймагынан Кыргызстанган 19000 гектардын айланасында жер берип жаткандыгына карабастан суу сактагычты ортодо тең башкарууга макул болуп жатат жана бул чектеш республикалар ортосундагы чек ара тилкелерин тактап алуудагы Кыргыз Республикасы үчүн чоң жетишкендик. Мындагы эң эле негизги маселе эки республиканын тең бул келишимдерди так аткаруусунда болууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын чек арага чектеш аймактарынын жашоочулары эки мамлекеттин чегинде жайгашкан суу сактагычтардан, дарыялардан күндүзү гана жарылгыч жана балыктарды ири өлчөмдө кырылууга алып келүүчү заттарды колдонбой балык тутууга укуктуу. Бул тууралуу Кемпир-Абад суу сактагычы боюнча Жогорку Кеңеште каралып жаткан маселелерде жана талкууларда кеңири сөз болду.

Чек араларга чектеш суулар, дарыя агымдары таза кармалууга жана өндүрүштүк, чарбалык жана башка максаттар үчүн булганбоого тийиш. Чектеш мамлекеттер дарыялардын жана көлдөрдүн жээктеринин бузулбоосу боюнча өз убагында чараларды көрүүгө милдеттүү. Зарылчылыктар пайда болгондо суу жээктерине кандайдыр курулуштарды тургузуу, өндүрүш иштерин жүргүзүү эки тараптын өз ара макулдашуусу аркылуу ишке ашырылууга тийиш.

Дарыя, көлдөр аркылуу алынып өтүлүүчү нерселерге, баалуу буюмга, алардын ээлерине кургак жерлердеги чек ара өткөрмө постторундагыдай эле талаптар коюлат жана аларды кайрадан кайталап отуруунун зарылчылыгы жок деп эсептейбиз.

Кыргыз Республикасынын аба мейкиндиги боюнча мамлекеттик чек арадан өтүү тартиптери аэропорттордун бажы көзөмөл пунктунун өзүндө эле жүргүзүлөт жана бул боюнча буга чейин айтылып өткөн. Аэропорттордогу жарандарга жана алардын буюмдары менен багаждарына текшерүү жүргүзүү бир топ катаал тартипте жүргүзүлөт жана анын себептерин айтпасак да ал жалпыга жакшы маалым. Бул жердеги бажы постторун шарттуу түрдө мамлекеттик чек ара деп атап койсок да болчудай.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык типтеги учактар Кыргызстандын компетенттүү органдары тарабынан башка бир эрежелер жана талаптар коюлбаган болсо республиканын аба мейкиндиги боюнча чек араларын атайын белгиленген аба коридорлору менен анык бир бийиктикте кесип кесип өтүшөт.

Эл аралык аба трассаларынын тизмеси Кыргыз Республикасынын аэронавигациялык маалыматтар жыйнагында жарыяланат. Эл аралык учууларда Кыргызстандын аймагына кирип жана чыгып жатып лайнерлердин учкучтары аэродромдордун диспетчердик пункттары менен байланышып жана керектүү маалыматтарды жана уруксаттарды алып турушат.

Улуттук жана чет өлкөлүк учактар Кыргыз Республикасынын кургак жердеги аймагына эл аралык учуулар үчүн ачылган аэропортторго (аэродромдорго) (ушул себептүү да мындай аэропорттор эл аралык деп аталат) конуу менен киришет жана алардан учуп чыгышат. Буга чейин айтылып кеткендей, аэропорттордо Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин чек ара кызматынын контролдук-өткөрмө пункттары, бажы, санитардык-карантиндик, ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл органдары жана ошондой эле республикадан баалуу буюмдарды, элдик мурастарды алып чыгып кетүүгө каршы күрөшүү көзөмөлдөрү болот. Аэропорттордогу чек ара кызматкерлери деп сыртка чыккан жана сырттан кирген жарандарды жана алардын буюмдарын көзөмөлгө алган кызматкерлерди түшүнүүгө тийишпиз, алар менен бажы кызматкерлеринин кызматтары дээрлик бирдей болуп калат.

Кыргыз Республикасынын Аба Кодексинин нормасына ылайык республикага келип жаткан жана андан чыгып жаткан, транзит менен өтүп жаткан учактар, алардын экипаждары жана жүргүнчүлөрү, алар алып кирип жаткан жана алып чыгып жаткан жүктөр Кыргыз Республикасынын паспорттук, бажы, валюталык, санитардык жана башка эрежелерине толугу менен баш ийет.

Кыргыз Республикасынын аймагынан тиешелүү уруксатсыз учуп чыгуу, учуп кирүү, атайын уруксат берилген маршрутту, конуу ордун, аба коридорун, учуунун бийиктигин так сактабоо жана башка эл аралык учуулардын эрежелерин бузуу республиканын мамлекеттик чек ара эрежелерин сактабоо катары каралат. Демек, мамлекеттик чек ара маселелеринде жерде болобу, сууда болобу же аба мейкиндигинде болобу эч кандай майда нерсе болбоого тийиш.

Эл аралык учууларды жүргүзүп жаткан улуттук жана чет өлкөлүк учактар алардагы авариялык абалдарга, стихиялык кырсыктарга, айрым бир кокусунан ооруп калган жүргүнчүлөргө же башка түрдүү себептерге байланыштуу эл аралык учуулар үчүн ылайыкташпаган аэродромдорго

(аэропортторго) да утурумдук коно алат жана проблемалык маселелер чечилгенден кийин эч кандай тоскоолдуксуз алардан учуп чыгып кете алат. Мындай учурларда убактылуу кармалып турган жүргүнчүлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аракетте болушат, дем алышат, өздөрүн алып жүрүшөт ж.б.

Кыргыз Республикасынын чек ара режимдери республиканын мамлекеттик чек араларын гана эмес калктын коопсуз жашоосун коргоого алуунун негизги чараларынан болуп эсептелет.

Чек ара режимдеринин негизги милдети – чек араны, анын коопсуздугун бузуучуларды өз убагында байкоого алуу жана зарыл учурларда колго түшүрүү, алардын түпкү максаттарын так аныктоо, мындай терс көрүнүштөрдүн алдын алуу. Чек аранын так сакталышы – чектеш мамлекеттердин ынтымакчылыгынын жана тынчтыгынын сакталышы. Чектеш мамлекеттердин чек араларынын бекем сакталышы дегенди алардын ортосундагы алакалардын, өз ара мамилелердин токтотулушу же чектелиши деп түшүнбөөгө тийишпиз. Жанаша жайгашкан өлкөлөр, алардын чек арага чектеш аймактарынын калкы ынтымакчылыкта жашап турушкан болсо, демек, чек ара маселелеринде да айтарлык проблемалар болбос эле.

Чек ара зонасы – чек арага чектеш район, шаар, айыл-кыштак, калктуу пункттардын тынч жашоосун камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан такталган аймактар, тилкелер жана бейтарап зоналар. Мындай аймактардын жашоо-шарттарын жакшыртуу боюнча чараларды көрүү мамлекеттин биринчи кезектеги милдеттеринин бири, алар отурукташкан жерлеринен башка жактарга көчүп кетүүгө кызыкпасын, жаштар эмгек миграциясына умтулбасын. Бул боюнча Баткен областына өзгөчө макам берүү, калкты туруктуу жумуш менен камсыз кылуу маселелери республикада курч маселе катары мамлекеттик денгээлде каралууда.

Кыргыз Республикасынын чек ара зонасы түрдүү аймактарда ар түрдүүчө, ал объективдүү саясий, экономикалык, социалдык факторлорго,

калктын жайгашуу жыштыгына ж.б. жараша болот. Мисалы чарба жүргүзүүгө ыңгайсыз аймактарда чектеш республикалардын калкы бири-биринен салыштырмалуу түрдө алысыраак жайгашкан болсо, түздүктөрдө жана сугат суулуу дыйканчылыкка ыңгайлуу аймактарда чектеш республикалардын эли бири-бирине өтө жакын жайгашкан аймактар да арбын жана ушул маселелер көпчүлүк учурларда чек ара проблемаларын жаратат. Мындай жерлерде чек ара белгилерин коюу да бир топ түйшүк, жолдун аркы бети башка мамлекет, ал эми берки бети башка өлкө болгон учурлар да жок эмес.

Чек ара тилкеси чек ара зонасы сыяктуу эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат жаан ал мамлекеттик чек араларды бойлоп кетет. Мындагы жоопкерчиликтер жана чектөөлөр чек ара зонасына салыштырмалуу бир топ жогору, тактап айтканда, чек ара тилкесин кадимки эле чек ара деп кабыл алсак да болот.

Эпидемиологиялык жана эпизоотикалык жагдайларга байланыштуу Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын ветеринардык контролунун сунушу менен чектеш мамлекеттердин айрым аймактарында карантиндик зоналар же тилкелер белгилениши да мүмкүн. Мындай зоналар жана тилкелер да Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан такталат жана атайын өкмөттүк токтомдор менен бекитилет жана алардын аткарылуу милдеттери мамлекеттин аткаруу, жергиликтүү бийликтерине жүктөлөт. Мындай карантиндик тилкеге же зонага кирген аймактардагы ветеринардык режимдер Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлиги же анын тапшырмасы менен чек арага чектеш аймактардын жергиликтүү бийлик органдарынын ветеринардык көзөмөл кызматары тарабынан аныкталат. Карантиндик зонага кирген аймактарда мал жаюуга тыюу салынат жана андай жерлердин малдары сатуу, алмаштыруу же башка максаттар үчүн башка аймактарга киргизилбейт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан өткөрүү пункттарынын режими. Бул режим республиканын чек ара кызматынын

контролдук-өткөрүү пункттарынын, таможня, фито-санитардык жана башка органдарынын кызматтык иш-аракеттерин так белгилөөгө багытталып, ал төмөнкүдөй эреже, милдеттерди өз ичине камтыйт:

- бул пункттарга кирүү;
- бул пункттарга жарандардын, транспорт каражаттарынын келиши жана андан чыгып кетүүсү;
- жүктөрдү, товарларды жана малдардын бул пункттар аркылуу алып кирүү жана алып чыгуу.

Мамлекеттик чек ара аркылуу бул пункттардан өткөрүү режимдери 2015-жылдагы КРнын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү” мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин нормативдик-укуктук актысынын негизинде аэропорттордун, темир жол, автомобиль вокзалдарынын, станциялардын башчылары жана башка транспорттук ишканалардын жетекчилери жергиликтүү шарт-жагдайларды эске алуу менен чек ара пункттарынан өткөрүүнүн кошумча режимдерин иштеп чыгат. Бул режимдер Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин чек ара кызматтары, бажы, санитардык-карантиндик, ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл органдары менен алдын ала макулдашылат.

Транспорт ишканаларынын, уюмдарынын кызмат адамдары, айдоочулар зарыл учурларда же жүк кандайдыр шек жаратканда Кыргыз Республикасынын чек ара, бажы кызматкерлеринин талабы боюнча пломба же мөөр бастырылган вагондордун, автомобилдердин же башка унаа каражаттарынын эшиктерин ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

Чек ара посттору аркылуу чыгып же кирип жаткан жүктөрдүн сөзсүз түрдө тиешелүү документтеринин болуусу зарыл, ансыз жүк ташыган унаа чек арадан чыкпайт да кирбейт да. Мындай жүктү коштоп жүрүүчү документтер КРнын 2015-жылдагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик

чек арасы жөнүндөгү" мыйзамына ылайык даяралууга жана толтурулууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын чек ара пункттарында жогоруда аталгандай текшерүү жүргүзүү үчүн атайын жайлар уюштурулуп, алар Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара кызматтарынын, бажы, санитардык-карантиндик текшерүү жүргүзүүнүн талаптарына толугу менен жооп берип, чек арадан ары-бери өтүп жаткандарга, чек ара, бажы кызматкерлерине тоскоолдук жарапоосу керек.

Мамлекеттик чек ара пункттарынын режимдери төмөнкүдөй иш-чараларды өз ичине камтыйт:

1) чек ара постунунун аймагында чек ара, таможня жана башка текшерүүчү жайларды түзүү;

2) мыйзамсыз жана адамдардын ден соолугуна кооптуу жүктөрдүн кирип кетүүсүнө жол бербөө;

3) текшерүүгө жамынуу менен чек арадан жүктөрдүн өтүүсүнө себепсиз тоскоолдук жаратпоо;

4) атайын бекитилген режимдердин сакталуусуна болгон катуу көзөмөл;

5) чек ара режимин бузгандарга карата административдик жазалардын белгилениши;

6) чек ара, таможня жана башка текшерүү жайларынын кызматкерлерине тоскоолдук жаратпоо жана алардын иштерине аралашпоо.

Зарылчылыктарга жараша Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара кызматтарынын атайын жоболоруна ылайык шектүү жүктөрдү текшерүүгө алууга аэропорттордун, темир жол, автомобиль вокзалдарынын, станциялардын башчылары жана башка транспорттук ишканалардын жетекчилери чек ара жана бажы кызматкерлери менен кошо катышат. Себеби, мындай учурларда күнөө темир жол кызматкерлеринен, алардын машинисттеринен, автомобиль

каражаттарынын айдоочуларынан же жүктү жиберүүнү уюштуруучулардан кетип калуусу да толук мүмкүн.

Юридикалык табияты боюнча чек арадан өтүп жаткан жүктөрдү текшерүүгө алууда Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара кызматынын кызматкерлеринин ыйгарым укуктары гана эмес жоопкерчиликтери да бир топ жогору. Бажычылар жүктүн мыйзамдуулугуна, бажы төлөмүнүн төлөнүшүнө жооп берсе, коопсуздук комитетинин кызматкерлери калктын тынчтыгы жана коопсуздугу үчүн жооп берет.

Өткөрүү пункттарында белгиленген режимдин бардык адамдар тарабынан сакталышын көзөмөлдөө үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин чек ара кызматы төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- - өткөрүү пункттарында адамдардын кирүү, өтүү, чыгуу, жүктөрдү ташуу эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө жана текшерүү үчүн чек арачыларды жайгаштыруу;

- өткөрүү пунктунун ичиндеги бардык адамдардын документтерин текшерүү;

- транспорт каражаттарын жана аларда ташылган жүктөрдү жана башка мүлктөрдү кароону жүзөгө ашырат;

- транспорт каражаттарын аркы мамлекеттин чек ара пункттарына чейин чек арачылар тарабынан коштоп барууга.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрүү пункттарындагы режимдин чөйрөсү чек ара өткөрүү пункттарынын аймагы менен чектелет, башкача айтканда, мейкиндикте укуктук ченемдердин таасири чектелүү, буга байланыштуу мындай жыйынтыкка келүүгө болот: чек ара режими, чек арадан өткөрүү пункттарындагы режим Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара режимине карата жекече режим болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, мамлекеттик чек аранын укуктук режимин тартипке келтирүүчү мыйзамдарды заман талаптарына, коңушу мамлекеттерде болуп жаткан саясий-социалдык өзгөрүүлөргө байланыштуу улам жаңылап жана толуктап жүрүп отуруу да зарыл. Себеби, бүгүнкү талап менен жоопкерчиликтер эртеңки өзгөчөлүктөргө жана заман талаптарына толугу менен жооп бере албай калышы толук мүмкүн. Кечээги эле ынтымакчылыкта коңшулаш жашап келген мамлекеттер менен болгон мамилелер айрым себептер менен сууп кетиши же тескерисинче, мурда бири-бири менен түрдүү багыттар жана себептер менен каршылашып келген мамлекеттер тил табышып, ортодо жаралып келген пробемаларды өз ара сүйлөшүүлөр жана макулдашуулар чечишип, өз ара кызматташуу, ынтымакчылык менен жашап калуусу толук мүмкүн. Натыйжада, бул өзгөрүүлөргө байланыштуу чектеш мамлекеттер менен болгон мамилелерди, алардын ортосундагы чек араларды коргоо маселелерин кайрадан карап чыгууга туура келет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режимин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары мындан ары өркүндөтүүнү талап кылат деген тыянак чыгарууга болот. Мамлекеттик чек арада Кыргыз Республикасынын турмуштук таламдарын коргоону ишенимдүүрөөк камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын иштеп чыгуу жана кабыл алуу аркылуу чек араны жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды системалаштыруу зарыл деп эсептейбиз. Кыргыз Республикасынын Чек ара кодекси жана ага баш ийген мыйзам актылары менен чек ара мамилелерин жөнгө салууну алып салуу

## 2.2 Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун маңызы жана мааниси

Улуттук коопсуздук улуттук кызыкчылыктарды ички жана тышкы коркунучтардан коргоонун абалы катары коом тарабынан таанылган саясий, экономикалык, маалыматтык жана башка чөйрөлөрдө, анын ичинде чек ара чөйрөлөрүндө улуттук коопсуздукту камсыз кылуучу субъекттердин бирдиктүү, гармониялуу тутумунун ишинин натыйжасы болуп саналат. Улуттук кызыкчылыктардын, анын сырткы жана ички коркунучтардан коргоого алынуусу бардык мезгилдерде кайсыл гана мамлекет болбосун анын биринчи кезектеги милдети болуп келген. Мамлекеттин, анын калкынын коопсуздугун сактоо, демек, бул анын саясий, экономикалык, социалдык жана башка бардык коопсуздугун (жашоо-шартын, эмгектенүүсүн, дем алуусун, өнөр үйрөнүүсүн, билим алуусун ж.б.) коргоого алуу дегендик.

Чек ара аймагына чек ара тилкелери, чек ара зоналары, чек ара кызматкерлери же ага түздөн-түз же кыйыр түрдө тиешеси бар саясий, экономикалык, аскердик, экологиялык же башка багыттардагы кызматкерлер кызмат кылган жерлер кирет. Демек, жалпысынан алганда чек ара тилкелери жана зоналары жалпысынан чек ара аймагына кирет.

Чек ара аймагына кургак жерлерден сырткары суулар, көлдөр же көлмөлөр, суу асты же жер асты, аба мейкиндиги кирет, алардын бардыгы мамлекеттин социалдык-географиялык менчиги. Суу асты же жер асты дегенибиздин себеби, дагы эле ошол Кемпир-Абад суу сактагыча кайрылайлы. Суу сактагычтын Өзбекстандын айыл чарбасы үчүн иштеп жаткандыгы айныгыс чындык, бирок анын астынын коңушулаш республикага берилип кетишине (анын ордуна 19000 гектардын айланасында жер берилсе да) каршы болгондор канча болду. Жер асты дегенибиз өзүнөн өзү түшүнүктүү, андагы бардык кен байлыктар ошол жер жайгашкан мамлекеттин жеке менчиги экендигин айтпасак да жалпыбызга белгилүү. Чек

ара мейкиндиктери (жер үстүндөгү, суу (дарыя, көл), суу астындагы жана аба) - мамлекеттик чек араны бойлото, ошондой эле өлкөнүн чегинде мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункттарынын айланасында турган, чек ара процесстери жана кубулуштары турган социалдык-географиялык аймак. жаратылыш пайда болот [108. 54-бет.]. Башкача айтканда, чек ара мейкиндиктери – бул мамлекеттердин кошулган жеринде түзүлгөн өзгөчө коомдук-саясий аймак, анын чегинде мамлекеттер аралык делимитациялоо, чек арага өтүү жана өз ара таасир берүү, өз ара байланыш жана өз ара аракеттенүү процесстери жүрөт. *Чек ара мейкиндигинин маңызы төмөнкүдөй:*

- бул жалпы мамлекеттик чек арасы бар мамлекеттердин жашоо жолдорунун бири, алардын оптималдуу жашоосу үчүн шарттарды камсыз кылууга багытталган;

- бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, уюмдардын (кызмат адамдарынын), ошондой эле жарандардын чек ара коопсуздугун камсыз кылууга багытталган иш-аракеттери жүзөгө ашырылуучу аймактар.

Мамлекеттин чек ара саясаты дал ушул чек ара аймактарынан башталат. Кыргыз Республикасынын көпчүлүк жерлери тоолуу аймактар болгондуктан чектеш республикалар республикадан агып чыккан дарыяларга кызыгдар жана бул маселелерди тынчтык жол менен чечүү эл аралык саясаттагы башкы маселелердин бири. Ар бир мамлекеттин жана анын калкынын өздөрүнүн жеке кызыкчылыктары болору белгилүү, демек, чек ара маселелерин тактоого алууда алардын ар биринин кызыкчылыктарынын да эске алынары да керек болору чындык. Бирок, мындай маселелердин бир тараптуу эмес эки тараптуу, зарыл учурларда үч тараптуу сүйлөшүүлөр егизинде чечилүүсү зарыл. Терең алып караганда, суу берген өлкө суу алган өлкөдөн кайсыл бир кызыкчылыктары үчүн пайданы талап кылууга укуктуу. Мамлекеттин бүтүндүгү чек ара аймактарынын, чек ара тилкелеринин бекем коргоого алынуусу менен сакталып турат.

*Мамлекеттин чек ара аймагынын саясатын* ал аймактарда жашап турган калктын кызыкчылыктарын колдоп турган мамлекеттик институттар, чек ара кызматтары түзүү менен бул аракеттердин баары биригип келип *чек ара мамилелерин* жаратып турат [66,7-бет.]. Албетте, бул иш-аракеттерден жергиликтүү калк, аткаруу органдары сыртта калбайт жана чек ара аймагындагы тынтыктын сакталышына жалпы салымын кошушат. Чек ара аймагында кимдин кайсыл багытта кызмат кылуусуна жараша алар саясий, экономикалык, маалыматтык, аскердик, идеологиялык, дипломатиялык кызматтар жана жоопкерчиликтер деп бөлүнөт [103, 66-бет].

Мамлекеттер аралык кызыкчылыктар гана эмес ар бир адамдын жекече кызыкчылыктары болору шексиз чындык. *Кызыкчылык* – бул, биздин диссертациялык изилдөө темабыздын максатынан алганда, чектеш мамлекеттердин жер, суу жана башка ресурстарга болгон кызыкчылыктары. Эч бир мамлекет жекече кызыкчылыктарынан баш тартууну каалабайт, бирок ал кызыкчылыктарды ишке ашыруу башка бир мамлекеттин, тактап айтканда, чектеш жайгашкан өлкөнүн эсебинен болбоого тийиш. Анда эле чек аралык гана эмес мамлекеттер аралык чыр-чатактардын башталуу коркунучтары пайда болот. Мамлекет зарыл кызыкчылыктарын турмушка ашыруу үчүн кандайдыр бир келишүүчүлүккө барууга, материалдык кызыкчылыктарды алмаштыруу (жер, суу же башка бир баалуулуктар), компенсация төлөө (ордун толтуруу), сүйлөшүү, макулдашуу жолдоруна келүүгө тийиш. *Керектөө* – бул, кызыкчылыктардан да жогору турган турмуштук зарылчылыктар. Кызыкчылыктардан баш тартуу салыштырмалуу түрдө бир топ жеңил, ал эми керектөөлөрдөн баш тартуу калктын жашоо-турмушуна бир топ олуттуу залакасын тийгизет [108, 68-бет]. Эл башы болгончо, суу башы бол дегендей, коңушулаш республикаларга сугат сууларынын арбын бөлүгү Кыргыз Республикасынан барары тууралуу бир топ жолу белгилеп өттүк. Демек, алардын Кыргызстандын суу ресурстарына кызыгуусу да бекер жеринен эмес. Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда болгон кагылышуулар (бул кагылышуу Тажикстандын күнөөсү

менен башталган деп айткандан чарчабайбыз) да Кыргызстандын аймагындагы суу бөлүштүрүүчү жайга Тажикстандын кызыгуусунан улам келип чыгып отурат.

Жогоруда айтылгандардан улам чек ара аймактарындагы иш-аракеттер, пайда болгон маселелерди чечүү бир топ татаал деп жыйынтык чыгарууга болот. Мамлекеттин ички бөлүктөрүндөгү маселелерди жер-жеринде эле чечип алууга болот, ал тургай, мындай маселелерди жогорку аткаруу бийликтерин аралаштырбай жана аларга жеткирбей эле жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, жергиликтүү жашоочулардын күчү менен өз ордунда эле чечип алууга толук мүмкүн. Ал эми чек арага жакын жана чек ара аймактарындагы айрым маселелерди эл аралык, республикалар аралык сүйлөшүүлөрсүз жана макулдашууларсыз чечүүгө кээде мүмкүн да болбой калат. Демек, *чек ара аймактарындагы иш-аракеттердин* өзүнчө макамы бар, андай маселелер көп учурларда чектеш мамлекеттердин тиешелүү жогорку бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн жолугушуусуз жана макулдашуусуз чечилбейт жана мындай мамилелер кээде эл аралык мааниге ээ болуп да калат.

Чек ара коопсуздугунуну маани-маңызын, андагы пайда болгон проблемалардын себептерин ачууга жана аныктоого көптөгөн россиялык изилдөөчүлөр кайрылышкан. Мисалы, А.С.Щербаков чек ара коопсуздугун “Россия Федерациясынын мамлекеттик чек арасынын жана чек ара аймагынын (жашап турган калкы менен) коопсуздугунун абалы, ошондой эле улуттук байлык, чек ара аймактарында адамдын, коомдун жана мамлекеттин турмуштук таламдары мүмкүн болгон жана реалдуу коркунучтардын бардык спектринен; Россиянын Федералдык Чек ара кызматынын координациялоочу ролу менен чек ара аймагындагы бардык ыйгарым укуктуу федералдык органдардын күч-аракеттерин бириктирүү аркылуу жетишилген”,-деп аныктайт [132,48-бет]. Ушундай эле трактовка менен автордун “Пограничная политика Российской Федерации” деген аталыштагы монографиясы жарыкка чыккан [109, 96-бет]. Демек, А.С.Щербаковдун пикири боюнча да чек араны

сактоо, бул улуттук баалуулуктарды, жалпы калктын гана эмес ар бир жекече инсандын өмүрүн, ден соолугун, үй-бүлөсүн, эмгекке, эс алууга, жалпы эле жашоого болгон мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн жогорку деңгээлде коргоого алуу.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында чек ара коопсуздугу адамдын, коомдун жана мамлекеттин турмуштук таламдарын мамлекеттик чек арадан камсыз кылууга багытталган Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугунун ажырагыс бөлүгү катары аныкталган. чек ара зонасында ички жана тышкы коркунучтарды жоюу жана Кыргыз Республикасынын бардык мамлекеттик органдары жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан ишке ашырылат [5]. Бул концепциянын негизинде чек ара коопсуздугу 4 негизги категорияны камтыйт: кызыкчылыктар, коркунучтар, коргоо, айлана-чөйрө.

Эл аралык практикалардагы мамлекеттик чек ара коопсуздугу боюнча тажырыйбаларды, чек арага тиешелүү нормативдик укуктук жоболорду, эреже, талаптарды жана мыйзамдык актыларды  изилдөө жана аларга анализ жасоо менен чек ара коопсуздугунун негизги объектилери төмөнкүлөр деп белгилейбиз: *инсан* – анын мыйзамдуу укуктары жана эркиндиги;  *коом* – анын  материалдык жана руханий баалуулуктары; *мамлекет* – анын конституциялык түзүлүшү, эгемендүүлүгү жана аймактык бүтүндүгү.

Ар бир жарандын укуктарын жана эркиндигин, коом, мамлекет, мыйзам алдындагы милдеттеринин аткарылуусун камсыз кылуу менен коомду чыңдоого мүмкүн.  Күчтүү, бирдиктүү, саясий-экономикалык жактан чыңдалган коом – күчтүү жана социалдык-экономкалык жактан бай мамлекет. Күчтүү жана ынтымактуу мамлекет чек арасын бекем сактайт жана ар кандай сырткы күчтөрдөн чочулабайт. Демек, ар бир инсандын, анын үй-бүлөсүнүн жашоо деңгээли, коом жана мамлекет үчөө бири-бири менен ажырагыс байланышта [52, 238-бет].

Чек ара саясатында мамлекеттин саясий, экономикалык, аскердик кызыкчылыктары, керектөөлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү бири-бири менен өз

ара айкалышып кетет. Өлкөнүн *эң жогорку маанилүү кызыкчылыктары* деп мамлекеттин аймактык кол тийбестигин жана бүтүндүгүн, эгемендүүлүгүн жана коопсуздугун түшүнөбүз. Тынчтык болбогон жерде экономикалык өнүгүү тууралуу сөз кылуу да мүмкүн эмес, эл чарбасынын бардык тармактарынын өнүгүүсү бүлгүнгө учурап, бардык көңүл тынчтыкты орнотууга бурулуп калат. Демек, чек араны бекем коргоого алып туруу үчүн өлкө экономикалык жана аскердик жактан кубаттуу болууга тийиш. Чек араны коргоо, бул - коомчулукту жана мамлекетти сырттан келүүчү ар кандай кылмыштуу элементтерден сактоо, мамлекеттин стабилдүүлүгүн кармап туруу, калктын санитардык-эпидемиологиялык коопсуздугун камсыздоо, жаратылыш ресурстарын жана өлкөнүн экономикалык потенциалдарын үнөмдүү пайдалануу, мамлекеттин экологиялык коопсуздугун коргоого алуу ж.б.

Чек ара аймактарынын ички кызыкчылыктарына анализ жүргүзүү менен алардын бардыгынын бири-бири менен өз ара шартташып жана тыгыз байланышып кеткендигин даана байкай алдык.

Азыркы илим, техниканын өнүккөн шарттарында Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарына келтирилүүчү коркунучтар абдан кеңири спектрлерге ээ, алардын негативдүү таасирлери да ар түрдүүчө жана алар ар кандай факторлорго ээ. Чек ара аймактарында калктын, коомдун жана мамлекеттин ар кандай багыттагы кызыкчылыктарына жана чарба жүргүзүүсүнө кандайдыр коркунучтардын жарала калышы мүмкүн жана алар туруктуу мүнөзгө ээ эмес. Мындай коркунучтар пайда боло калып, кайра жок болуп же убактылуу чечилип, кээде күчөп, кээде азайып турушу толук мүмкүн жана алардын бардыгы чектеш мамлекеттердин өз ара мамилелерине, тиешелүү жетекчилердин, топтордун сүйлөшүүлөрүнө жана макулдашууларына жараша болот жана булардын бардыгын Кыргыз Республикасы учурда өз башынан өткөрүүдө. Ар бир мамлекеттин жекече ички кызыкчылыктарынын болору шексиз чындык жана чек ара маселелерин чечүүдө ошол кызыкчылыктардын жана керектөөлөрдүн чектеш жайгашкан

мамлекеттер ортосунда өз ара дал келгендиги максатка ылайыктуу. Кызыкчылыктар жергиликтүү, аймактык жана жалпы мамлекеттик болуусу мүмкүн, мында жалпы мамлекеттик кызыкчылактар үчүн аймактык кызыкчылыктардан баш тартууга туура келет. Тилекке каршы, муну жалпыбыз эле аң-сезимдүү түрдө тереңдеп түшүнө бербейбиз жана мына ошондуктан маал-маалы менен жергиликтүү деңгээлдеги наразычылыктар чыга калып жүрөт.

Чектеш мамлекеттер менен болгон жылуу мамилени кармап туруу, сырттан келген ар  кандай коркунучтардын алдын алуу максаттарында канатташ өлкөлөр менен саясий, дипломатиялык,  укуктук, аскердик, бажы, чалгындоочу, контрчалгындоочу  контрабандага, баңгизаттарга каршы күрөш жүргүзүүчү, оперативдик-издөөчү, санитардык - эпидомологиялык, экономикалык жана башка мүнөздөгү иш-чаралардын ылайыгына жараша системалуу түрдө жүргүзүлүп туруусу максатка ылайыктуу. Аймактык, этностор аралык же республикалар аралык чыр-чатактар чыга калганда буга үчүнчү күчтөр күнөөлүү, мунун баарын алар баштаган деп калып жатабыз, демек, ошол үчүнчү күчтөргө азгырылбоо, аларга каршы күрөш жүргүзүү эзелтеден жылуу мамиледе жашап келген элдердин жалпы милдети.

Жогоруда айтылгандардан улам, чек ара аймактарында улуттук кызыкчылыктарга жана керектөөлөргө залака келтирүүгө, аймактык бүтүндүккө, саясий жана экономикалык туруктуулукка коркунуч жаратууга жол бербөө ар бир мамлекеттин улуттук коопсуздугу үчүн эң башкы маселе болуп саналат деп бекем  жыйынтык чыгарууга болот. Эки мамлекеттин ортосунда кандайдыр чыр чыкканда көпчүлүк учурларда ал жаңжал ошол эки өлкөнүн чеги менен токтоп калбайт. Түрдүү себептерге, тактап айтканда, этностук, саясий-экономикалык, диний, аймактык жана башка жакындыктарга байланыштуу кайсыл бир мамлекеттин же эл аралык уюмдун ошол жаңжалга барган тараптардын кайсыдыр бирөөсүнө жан тартышы жана мындан улам эки мамлекеттин ортосундагы кагылышуу эл аралык деңгээлге чейин жетип калуусу да мүмкүн.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылууга байланышкан илимий изилдөөлөрдү талдоого алуу менен чек ара тилкелеринен айырмаланып чек ара аймактарынын чектери так аныкталбастыгына жана анын зарылдыгы да жок экендигине дагы бир жолу көзүбүз жетти. Чек арага жакын аймактар айыл өкмөттөрү, кайсыл бир айылдар, калктуу пункттар, райондор же шаарлар деп аталышы мүмкүн, бирок алардын ички аймактары дайыма эле чек ара зонасы менен дал келе бербейт. Негизи, чектеш мамлекеттер же сырткы күчтөр (алыскы чет өлкөлөр) тарабынан көбүрөөк коркунуч жаратылган аймактарды чек ара зоналарына киргизип, аларга атайын макамдарды берүү, кийинки учурларда көбүрөөк айтылып жаткандай, жергиликтүү жаштарды маал-маалы менен аскердик даярдыктан өткөрүп туруу зарыл. Кыргыз Республикасынын биринчи Курултайында Баткен областынан барган өкүлдөр бул боюнча курч маселелерди коюшту жана андай жигиттерге айлык акы төлөө жактары дагы сунушталды. Климаттык, чарбалык-экономикалык жана аймактык татаалдыктарына жана өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу Баткен жаштарынын көпчүлүгүнүн сыртка чыгып кетип жаткандыгы айныгыс чындык жана аларды өз айылдарында кармап калуу, аларга жумуш орундарын уюштуруу мамлекеттик маанидеги эң эле курч маселелердин бири.

Дүйнөлүк практикада чек ара зоналары кургак жерлердеги чек ара аймактары, суудагы чек ара аймактары жана абадагы чек ара аймактары болуп үчкө бөлүнөт. Кыргызстанда суудагы чек ара аймактары боюнча проблема жок, себеби республика башка мамлекеттер менен океандар турсун деңиздер менен да чектешпейт. Жер планетасындагы мамлекеттердин океандар менен деңиздерден алыс жайгашкан аймактары бейтарап суулар (нейтральные воды) деп аталат.

Ар кандай объектилер, алардын кызыкчылыктары жана керектөөлөрү бири-бири менен тыгыз байланышып кеткен сыяктуу эле чек ара аймактарынын, чектеш мамлекеттердин ал жерлердеги кызыкчылыктары жана керектөөлөрү (сугат жана ичүүчү таза суу, жайыттар, айдоо жерлери,

жолдор ж.б.) да бири-бири менен ажырагыс түрдө өз ара байланышып кеткен. Бирок да кайсыл гана мамлекет болбосун өз кызыкчылыктарын ойлоо менен чектеш мамлекеттерге зыян келтирбөөгө тийиш жана ал кызыкчылыктар менен керектөөлөр тең салмактуулук түрдө чечилгени максатка ылайыктуу. Мүмкүнчүлүккө жараша чектеш мамлекеттерге жардам берүүгө, колдоо көрсөтүүгө не жетсин, бирок мындай мамилелердин кайтарымдуу болуусу зарыл.

*Биз Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун, демек, чек ара аймактарынын, жалпы эле мамлекеттин коопсуздугун жана стабилдүүлүгүн камсыз кылуунун жолдоруна төмөнкүчө комплекстүү баа берүүгө аракет жасап көрдүк:*

1) Мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн көздүн карегиндей сактоо.

2) Чек ара аймактарында жергиликтүү калктын, жалпы эле мамлекеттин кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн сырткы жана ички күчтөрдөн бекем коргоого алуу.

3) Сырткы күчтөр кандай коркунучтуу болсо ички коркунучтар да мамлекеттин тынчтыгы үчүн ошондой эле кооптуу экендигин калктын калың катмарынын аң-сезимдүүлүк менен тереңдеп түшүнө билүүсү. Ар бир улуттун улуттук-менталитеттик өзгөчөлүктөрүнүн болору жалпыбызга белгилүү. Кыргыз эли анча-мынчага моюн суна бербеген жоокер мүнөз улут, ушул себептүү да, тилекке каршы, көпчүлүк болбосо да айрымдардын тескери сүйлөп, мамлекеттик чек ара саясатына каршы чыккандары жана аларды ээрчигендери жана колдогондору тыйылбай келет.

4) Ар бир жарандын чек ара маселелерин тынчтык жол менен жана Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарынын сакталуусу менен чечилүүсүнө салымдарын кошуусу.

5) Аймактык кызыкчылыктардан жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды жогору коюу.

6) Чек ара кооптуулугу сакталып турган аймактарга өзүнчө макам берүү менен ал жерлердеги жаралган проблемаларды чечүүгө мамлекеттик деңгээлде кам көрүү.

7) “Чек ара маселелерин тынчтык жол менен чечүү зарыл” деп байма-бай айтылып келе жаткан сөз маселенин бир гана жагы. Тынчтыкка көнбөгөн жана өздөрүнүн талаптарын жана кызыкчылыктарын дайыма жогору коюп келген мамлекеттер менен кантип сүйлөшүү керек?! Чек ара аскердик күчтөр, заманбап курал-жарактар бекемделгенде андай мамлекеттер даап кол сала албастыгын баса белгилеп кетүүнүн да зарылчылыгы жок, ал өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

Жогоруда айтылып өткөндөрдөн улам мамлекеттик чек аралардагы жана чек ара зоналарындагы чек араны коргоого тиешеси бар жана ага жооптуу мамлекеттик субъектилердин милдеттерин жана жоопкерчиликтерин төмөнкүчө белгилеп өтөлү:

- Кыргыз Республикасынын аймактык бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн, мамлекеттик чек аралардагы жана чек ара аймактарындагы тынчтыкты, туруктуулукту камсыздоо жана бекемдөө;

- күтүлүүчү потенциалдуу сырткы коркунучтарга адекваттуу куралдуу күчтөрдү түзүү жана аларды натыйжалуу колдонууга чек ара кызматкерлерин даярдоо;

- чек ара аймактарында жашаган калктын социалдык-экономикалык жашоо-шарттарын жакшыртуу, алардын коопсуздугун камсыздоо жана бул аймактардагы калктын башка жактарга көчүп чыгып кетүүсүнүн алды алуу, ага жол бербөө;

- ар кандай сырткы коркунучтардын алдын алуу, түрдүү провакацияларга алдырбоо ж.б.

Аталып өткөн милдеттерди ишке ашыруунун жолдорун сунуштайбыз:

- чек ара аймактарындагы калктын жашоо-турмушу жана аны жакшыртуу боюнча улуттук мониторингдерди жүргүзүп туруу;

- Кыргыз Республикасынын чек ара аймактарына, жалпы эле мамлекетке коркунуч келтирүүчү кооптуулуктардын алдын алуу, аларга байкоо жүргүзүү, күтүлүүчү жагымсыз жагдайларды прогноздой баруу;

- жаңжалдын залакаларын жоюуга караганда анын алдын алуу эки тарап үчүн бир топ жеңил экендигин дайыма эсте тутуу;

- чектеш мамлекеттер менен ар кандай пикир келишпөөчүлүктөр пайда боло баштаганда алар менен сүйлөшүү жолдору аркылуу ал пикир келишпөөчүлүктөрдү жана кызыкчылыктардын дал келбестиктерин жоюунун жолдорун табуу;

- чектеш мамлекеттер менен атаандаштык, каршылашуу принциптеринде эмес кызматташуу, ынтымакчылык жолдору менен жамаатташ жашоого умтулуу жана чектеш мамлекеттерди да ага чакыруу;

- чек араларды тынчтык мезгилдеринде эле чектеш мамлекеттер менен биротоло тактап алуу, чек ара жаңжалы чыккандан кийин эки тараптын бири-бирине болгон өчөшүүсү пайда болот жана мындагы сүйлөшүүлөр бир топ татаал болот;

- чек ара маселелери боюнча аймактык гана эмес эл аралык деңгээлдердеги кызматташууларды күчөтүү;

- мамлекеттик чек аралардагы кооптуу аймактардагы куралдуу күчтөрдү күчөтүү, чек ара аймактарындагы инфраструктураны өнүктүрүү, зарылчылыктарга жараша айрым аймактарга чек ара шаарчаларын куруу;

- чек ара кызматкерлеринин жумуштарынын натыйжалуулугун көтөрүү, алардын өз кызматына болгон моралдык-материалдык кызыкчылыктарын жогорулатуу;

- чек ара өткөрмө пункттарындагы чек ара жана бажы (таможня) кызматтарынын натыйжалуулугун көтөрүү, алардын өз кызматтарына болгон мамилелерин көзөмөлгө алууну күчөтүү;

- Кыргыз Республикасынын чек ара аймактарында жашаган калктын саясий билимдерин жана көз караштарын жогорулатуу, патриоттук деңгээлдерин көтөрүү;

- коңушуң тынч, өзүң тынч принцибин дайыма эсте тутуу.

Мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун алдында көп спектрлүү милдеттер турат. Мында чек ара кызматкерлеринин милдеттери өзүнчө, Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара кызматынын кызматкерлеринин, чек арага түздөн-түз же кыйыр түрдө тиешеси бар аткаруу бийлик органдарынын жоопкерчиликтери жана милдеттери өз алдынча, ал эми чек ара аймактарында жашаган калктын милдеттери да такыр башкача. Баткен областындагыдай Кыргызсандын калкы менен Тажикстандын калкы дээрлик түрдө аралаш жашаган жерлерде этностук топтордун өз алдынча да жолугушууларды уюштуруп, маданий, социалдык, соода-сатык жактан дайыма карым-катышта болуп туруусу абдан чоң мааниге ээ болор эле. Чек ара аймактарында чыр чыкса, биринчи кезекте, ошол жерлердин жашоочулары жабыр тартат.

Биз жогоруда атап өткөн кызматтар, чек араны коргоого тиешеси бар жана башка структуралар менен субъектилер жергиликтүү, жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоого алууда 2021-жылдын 26-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынган №4 “Кыргыз Республикасынын улуттук коопсузугунун концепциясы жөнүндөгү” Жарлыктын [34] негизинде ар тараптуу жана комплекстүү иш-чараларды кабыл алышат жана аларды аткарышат. Борбордон келген жетекчи кызматтагыларга караганда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, алардын башчылары, жалпы калк өз жергесинде болуп жаткан көйгөйлөрдү жана алардын келип чыгуу себептерин, аларды натыйжалуу чечүүнүн жолдорун мыкты билишет. Демек, чек ара маселелерин тактоого алууда жана натыйжалуу чечүүдө жергиликтүү калктын пикирин жана сунуштарын сөзсүз түрдө эске алуу зарыл. Бирок да, Кемпир-Абад маселесиндей жергиликтүү, аймактык кызыкчылыктарды гана бетке кармамыш болуп мамлекеттик саясатка, стратегиялык пландарга караманча каршы туруп алуу жарабайт.

*Чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыз кылуу максатында биз аны өркүндөтүүнүн төмөнкүдөй багыттарын сунуш кылабыз:*

- чек ара кызматтарынын ыкчам (оперативдик)-кызматтык жана башка иш-аракеттерин укуктук жактан тартипке келтирүү;

- мамлекеттик чек араны коргоого алуунун интеграциялаштырылган заманбап системасын түзүү;

- чек ара кызматтарынын ыкчам-кызматтык иш-аракеттеринин, чек араны коргоого алууга тиешелүү мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын жана бирикмелердин кызматтык милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин заман талаптарына жооп берерликтей жаңы формаларын жана ыкмаларын иштеп чыгуу, аларды ишке киргизүү;

- эл аралык террорчулуктун аракеттеринин, баңги зат ташуунун, сатуунун, мыйзамсыз миграциянын, валюта айландыруунун, жугуштуу оорулардын таркап кетүүсүнүн алдын алуу максаттарында чек ара тилкелериндеги аскердик, бажы, чалгындоочу, контрчалгындоочу контрабандага, баңгизаттарга каршы күрөш жүргүзүүчү, оперативдик-издөөчү, санитардык - эпидомологиялык, экономикалык жана башка мүнөздөгү кызматтардын иш-аракеттерин жакшыртуу жана активдештирүү;

- өз ара аракеттенүүчү мамлекеттик органдар менен бирдикте жеке адамдарды, транспорттук каражаттарды жана товарларды мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүүнү уюштуруунун жаңы технологияларын ишке ашыруу;

- Кыргыз Республикасынын аймагына чет өлкөлүк жарандардын киришин, чыгуусун жана болушун эсепке алуунун жана контролдоонун бирдиктүү мамлекеттик системасын түзүү жана ишке ашыруу;

- мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын өз ара аракеттенүүсүнүн жана ишин координациялоонун натыйжалуулугун жогорулатуу;

- чек ара инфраструктурасын өнүктүрүү, биринчи кезекте кыргыз-тажик мамлекеттик чек ара тилкесинде;

- чек ара кызматынын органдарынын түзүмүн, башкаруу системаларын оптималдаштыруу, кадрларды даярдоо, келишим боюнча чек ара кызматынын органдарына өтүү;

- чек ара маселелери боюнча коңшу мамлекеттердин чек ара органдары жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү механизмдерин иштеп чыгуу.

Бул чараларды ишке ашыруу үчүн негизги программалык документти - Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу Концепциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу, чек ара коопсуздугун бекемдөө боюнча мамлекеттик иш-аракеттердин артыкчылыктуу багыттарын консолидациялоо жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитети мамлекеттин чек ара кызматынын органдарын андан ары өнүктүрүү зарыл.

Жогоруда айтылгандардын негизинде чек ара коопсуздугу мамлекеттин чек ара чөйрөсүндөгү жашоосун ишке ашыруунун спецификалык формасын, коомдун турмушунун чек ара чөйрөсүндөгү мамлекеттин башка субъекттери, чек аранын шарттарын жана факторлору менен өз ара мамилелеринин жана өз ара аракеттенүүсүнүн белгилүү бир абалын чагылдырат. мамлекетке жана анын жарандарына зыян келтирилбеген жана чек аранын туруктуулугу сакталган ишмердүүлүк, мамлекеттик чек араны коргоону жакшыртуу жана чек ара мейкиндигин жарандардын, мамлекеттин, максаттарга, баалуулуктарга жана коомду өнуктуруунун моралдык багыттарына ылайык өзгөртүү үчүн шарттар түзүлөт.

## 2.3 Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун механизмдери

Улуттук коопсуздукту камсыз кылууда мамлекеттик чек аранын коопсуздугун сактоо чоң мааниге ээ. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу

маселелериндеги юридикалык илимий эмгектерде да, практикалык сунуштамаларда да түрдүү көз караштар бар.

Азыркы учурда мамлекеттик чек араны бекемдөө жана анын чектерин так аныктоо боюнча теориялык-методологиялык негиздерди иштеп чыгуу боюнча окумуштуу-юристтердин алдында көп милдеттер турууда. Себеби, чек ара маселелери боюнча кечээги талап менен жоопкерчиликтер бүгүнкү заман талаптарына жооп бере албай калып жатат.

Советтер Союзу мезгилинде союздук республикалар ортосунда эч кандай расмий чек ара белгилери жана тосмолору болгон эмес жана он беш республика биригип келип бир бирдиктүү мамлекетти түзүп турган. СССРдин таркалышы менен ар бир республика өз алдынча мамлекеттүүлүккө айланды жана ар биринин чек ара тилкелерин так аныктоо зарылчылыктары пайда болду.

НАТО менен Варшава Договоруна кирген өлкөлөр тирешип турган “муздак согуш” мезгилинде СССРдин чек арасын бекем коргоого алуу маселеси курч турган. Социалисттик система кыйрады жана анын натыйжасында Варшава Договору да автоматтык түрдө өзүн-өзү жоготту. Натыйжада НАТО ким, кайсыл система менен каршылашып жатат деген мыйзам ченемдүү суроо пайда болбой койбойт. Чек ара маселеси боюнча ар кандай чыр-чатактын чыгуусунан абдан этияттануу зарыл. Буга чейин айтылып өткөндөй, түрдүү мамлекеттер калкынын өкүлдөрүнөн турган бир нече жарандын ортосундагы чыр-чатак эки этностун бири-бирине өчөшүүсүнөн улам ири масштабдагы жаңжалга алып келүүсү да мүмкүн.

Эки чектеш мамлекет өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык маанайында жанаша тынчтыкта жашап турганда да чек ара маселелерин көңүлдөн чыгарып коюу жарабайт. Чек араны биротоло тактап алуу менен өз ара кызматташтык жана ынтымакташтык деңгээлинде жашап турууга не жетсин. Чек ара маселелериндеги эркиндик жана бош коюу эл аралык баңги зат трассасына, кылмыштуу элементтердин ары-бери эркин каттоосуна,

диний-экстремисттик күчтөрдүн жайылтылышына, контрабандалык товарлардын киришине кеңири жол ачат.

Ооруну дарылоого салыштырмалуу анын алдын алуу алда канча жеңил болгон сыяктуу эле кылмыштуулуктун бетин ачуу, кылмышкерди табууга караганда кылмыштуулуктун алдын алуу бир канча жеңил жана анын коомчулукка залакасы да жок. Кылмыштуулук да жугуштуу оорунун жайылтылышындай же ырбап кетүүчү жаракаттай эле кокунучтуу, аны өз убагында токтотуп калуу чоң мааниге ээ. Чек ара аркылуу калктын ден соолугуна кооптуу же  контрабандалык товарларды, баңги же психтроптук заттарды бир, эки жолу эле алып өтүп көргөн адамдарда коркунуч пайда болбой калат жана аларда жазасыз калуу, кармалбоо сезимдери калыптана баштайт. Мындан чыкты, чек арадагы, анын өткөрмө постторундагы жана бажыдагы байкалган майда жана олуттуу эмес деп эсептелген ар кандай кылмыштуулукка тереңден мааани берүү жана аны түп тамырынан кан буугандай токтотуп калуу зарыл.

Кыргыз Республикасынын саясий позицияларындагы парадигмалары өлкө эгемендүүлүккө ээ болуусу менен мамлекеттин алдындагы саясий-юридикалык милдеттер, жоопкерчиликтер алдыга коюлган талаптар түп тамырынан алмашылды жана өзгөрүүлөргө учурады. Мамлекеттин алдына коңушу мамлекеттер менен этияттанып жана ошол эле мезгилде бири-бирине ишеничтүүлүк жана кызматташтык деңгээлинде жашоо милдеттери коюлду. Ынтымакташтык жана өз ара кызматташтык, соода-экономикалык, маданий-социалдык  байланыштар чектеш республикалардын ар бирине зарыл экендигин айтпасак да ар бирибизге бул так түшүнүктүү. Бирок, андай алгылыктуу мамилелерге кантип жетишебиз деген проблематикалык суроо ар бир жарандын көкүрөгүндө орноп туруугa тийиш. Албетте, товар өндүрүүдө, аны эл аралык аренага чыгарууда мамлекеттер арасында атаандаштыктын болору айныгыс чындык. Кайсыл бир аймак кандайдыр бир товардын, азык-түлүктүн, жер-жемиштин, жашылчанын түрүн сыртка чыгарууга (экспорттоого) ыңгайлуу болсо, башка бир аймак, өлкө алардын

башка түрлөрүн өндүрүүгө бир топ жарамдуу. Демек, эл аралык кызматташуу ар бир өлкө үчүн ыңгайлуу да, пайдалуу да. Мамлекеттик чек араларды бекемдөө деген биротоло изоляцияда калуу дегендик эмес, ал мамлекетти сырткы кооптуулуктардан коргоого алуу гана дегендик. Үстүрөдөн алып караганда, биздин оюбузча, соода-экономикалык, маданий жана саясий байланыштар менен чек араларды коргоого алуу айрым учурларда бири-бири менен толук түрдө байланышпай да калат.

Мамлекеттик, чек ара коопсуздуктарын камсыз кылуунун мурдатан калыптанып калган механизмдери Кыргыз Республикасынын коопсуздугуна каршы жаралып жаткан айрым сырткы коркунучтарга натыйжалуу түрдө каршы тура албай да калып жатат десек жаңылышпаган болор элек. Кыргыз-тажик чек арсындагы 2021-жылдагы апрелдин аягындагы жана 1-майдагы чыр-чатактан улам ондогон айылдар жабыр тартып, бир топ өндүруштүк объектилер өрттөндү же талкаланды. Отуздан ашуун жаран курман болду, жүз элүүдө ашууну жаракат алды, 20 миңден ашуун адам  коопсуз жайларга эвакуцияланды. “Капчыгай”, “Миң-Булак”, “Достук”, “Кожогар”, “Тамдык”, “Булак-Башы” заставаларынын имараттар ар түрдүү деңгээлде жабыр тартты, айрымдары биротоло өрттөнүп кетти. Мындан мурдараак чек ара кызматкерлери гана эмес жергиликтүүлөр тажик тарап чек араларга жакын жерлерге траншеяларды жана опопторду казып жатышкандыгы тууралуу кооптонууларын билдиришкен. Бирок, ошол трагедиялуу окуялардын алдын алуу, ага каршы туруу аракеттери тиешелүү кызматтар тарабынан жогорку деңгээлде жүргүзүлдүбү деген суроо ар бир аң-сезимдүү кыргызстандыктын жүрөгүн өйүп келет. Жогоркудай себептерге байланыштуу мындай каргашалуу окуялардын алдын алуу же жок эле дегенде, аны өз мезгилинде токтотуп калуунун механизмдерин иштеп чыгуу жана аларды ишке киргизүү мезгил талабы болуп турат. Чек ара маселелелерин тынчтык жолу менен чечүү зарыл экендиги байма-бай айтылып келет. Жогоруда айтылып өткөндөй, курмандыктардан, моралдык-материалдык зыян тартуулардан кийин чек ара проблемаларын тынчтык жолу менен чечебиз деп айтуу

жаакка атайылап эле бир чаап, андан кийин жасалма кечирим суроо менен бирдей болгондой болуп турат. Анда эле кандай аракеттерге баруу керек деген суроо туулат... Мындай кооптуу жерлерге алдынкы аскердик техникаларды, курал-жарактарды жайгаштыруу, атайын даярдыктардан өткөн чек ара кызматкерлеринин санын кескин көбөйтүү, мындай кызматка жергиликтүү жаштардан көбүрөөк тартуу зарыл. Эл Аралык Сот, юридикалык-укуктук кызматтардын жардамы менен келтирилген зыяндын ордун күнөөлүү тарапка толтуртуу маселеси абдан зарыл болуп турат. Анда эле ар бир өлкө башка бир мамлекетке зыян келтирүүдөн мурун этияттанып турар эле. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаров Бириккен Улуттар Уюмунун бийик трибунасынан Тажикстан тараптын күнөөсүн далилдегенчелик деңгээлде билдирүү жасады жана бул дүйнөлүк коомчулукта чоң эффект жаратты.

Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун механизмдери айрым-айрым элементтерден турганы жана алардын ар бири бири-биринен өзгөчөлөнгөнү менен алар өз ара байланышып жана бири-бирин толуктап кызмат кылат.

*Чек ара коопсуздугунун негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр болуп саналат:*

- Кыргыз Республикасынын улуттук жана мамлекеттик кызыкчылыктарына (мамлекеттин эгемендүүлүгүнө, тынчтыгына жана бүтүндүгүнө болгон коркунучтар) багытталган терс аракеттерге каршы даярдык, алардын алдын алуу;
- мамлекеттик башкаруунун республикалык органдарынын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын жана жалпы эле жергиликтүү калктын тыгыз кызматташуусуунун, ведомстволор аралык байланыштардын негизинде мамлекеттик чек араны коргоого алуунун комплекстүү системасын түзүү жана аны активдүү түрдө ишке киргизүү;

- мамлекеттик чек араны бекемдөө жана аны коргоо алуу иш-чараларын чек ара зоналарындагы, жалпы эле мамлекеттеги ички жана сырткы коопсуздукту камсыздоого багыттоо;

- мамлекеттик башкаруу менен чек ара коопсуздугун камсыздоонун милдеттери жана жоопкерчиликтеринин бири-бири менен ажырагыс байланыштары;

- чек ара коопсуздугу менен мамлекеттик коопсуздуктун бир деңгээлде каралышы;

- чек аранын бекемдигин жана коопсуздугун камсыз кылуу ар бир жарандын ыйык милдеттеринин бир экендигин бардык аскерге жарамдуу адамдардын терең түшүнө жана кабыл ала билүүсү ж.б..

Мамлекеттик чек араны коргоого алуу көпчүлүк жагынан чек ара зоналарынын социалдык-географиялык өзгөчөлүктөрүнө да байланыштуу. Кыргыз Республикасынын айрым мамлекеттер менен болгон чек ара тилкелери тоолуу аймактарда жайгашкан андай аймактардын ой-чуңкурун, капчыгай, кокту-колотторун, тоо, ашууларын жергиликтүүлөрдөн артык эч ким билбейт. Анын үстүнө жергиликтүүлөр бири-бирин жакшы тааныйт жана бейтааныш же шектүү адамдар алардын көздөрүнө дароо эле урунат. Ушул себептүү да чек ара коопсуздугун коргоого алууга жергиликтүү жарандарды активдүү тартуу абдан маанилүү. Бул боюнча Кыргыз Республикасынын биринчи Курултайына катышкан Баткендик жарандар да абдан кызуу түрдө билдиришти. Ар бир жаранга өзүнүн кичи мекенинин абдан кымбат экендиги талашсыз чындык. Жергиликтүү жигиттер өз жеринде жумуштун жоктугунан аргасыз сыртка чыгып кеткенден көрө өз айылында, анын чет-жакасында кызмат кылгандыгы, башын бийик көтөрүү жана эл-жеримди коргоого алуудамын деген сыймыктуу сезим менен күн кечиргени алардын өздөрү үчүн да, мамлекет үчүн да абдан пайдалуу жана жагымдуу эмеспи. Мамлекеттик чек ара жайында салкын, кышында жылуу кабинеттерде коргоого алынбайт, ал өз ордунда корголот жана бекемделет жана ушул себептүү чек араларды коргоого алууга жергиликтүү жигиттерди

көбүрөөк тартууну активдештирүү тууралуу баса белгилеп кеткибиз келет. Бул чек араны коргоону жергиликтүүлөргө биротоло жүктөп коюу дегендик эмес, тек гана жергиликтүү жаштарды системалуу түрдө аскердик даярдыктан өткөрүп туруу, алардын чек ара маселелери боюнча аскердик-саясий сабаттуулугун күчөтүү дегендик.

Азыркы шарттарда көпчүлүк окумуштуулар жана саясатчылар бир мамлекеттин коопсуздугун коргоого алуу айрым учурларда эл аралык деңгээлге чыгып кетүүдө деген ойду карманышууда. Чынында да кайсыл бир мамлекет башка бир өлкөгө экспанция жасаса ал жалпы эл аралык деңгээлде күнөөлөнүүдө. Демек, бир мамлекеттин, улуттун коопсуздугу жалпы региондун, дүйнөнүн тынчтыгы жана коосуздугу [88,13-бет]. Эл аралык кызматташуу жана ынтымакчылык чек арадан, анын кол тийбестигинен жана коопсуздугунан башталат, мына ошондуктан чектеш жайгашкан мамлекеттердин тычтыгы жана саясий-социалдык кызматташуусу жалпы дүйнөлүк коомчулуктун тынчтыкта өнүгүүсүнүн негизи.

Кыргыз Республикасы ички жана сырткы саясатты жүргүзүүдө эл аралык стандарттардан жана талаптардан сыртка чыкпай чектеш мамлекеттер менен ынтымакчылык жана кызматташтык деңгээлинде жанаша жана канатташ жашоого умтулуп келет. Тилекке каршы, чектеш мамлекеттер менен чек ара маселелерин биротоло тактап алуудагы мамлекеттик саясатка каршы чыгып уу-дуу чыгаргандар да болуп жатат.

Кыргыз Республикасынын Сырткы Саясатынын Концепциясында да чектеш жайгашкан республикалар менен болгон мамиледе өз ара түшүнүүчүлүк, кызматташуучулук жана ынтымакчылык максаттарында прогрессивдүү саясатты жүргүзүү маселелери баса белгиленген [32].

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара саясатын ишке ашыруудагы эл аралык кызматташуунун багыттары катары төмөнкүлөрдү белгилээр элек:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын бекемдигине жана коопсуздугуна жалпы элдик, мамлекеттик деңгээлде кам көрүү;

- чек аранын бекем коргоого алынуусун камсыз кылуу менен Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн, аймактык бүтүндүгүн жана тынчтыгын түбөлүктүү сактап туруу;

- чек ара тилкелерин чектеш жайгашкан эки мамлекетти тең канааттандырарлык деңгээлде тынчтык жолу менен чечүү (ар бир өлкөнүн жеке кызыкчылыктарынын болору белгилүү, бирок ал кызыкчылыктар жана керектөөлөр чектеш мамлекеттин эсебинен ишке ашырылбоого тийиш );

- талаш жаратып келген чек ара тилкелерин жана аймактарын тарыхый принциптердин чечүүгө жетишүү ж.б.

Чек ара зоналарынын жана жалпы эле чек ара коопсуздугун камсыз кылууда мамлекеттик чек ара мамлекеттик саясат жүргүзүүнүн методологиялык анализи үчүн базалык категория катары кызмат кылат. Чек ара коопсуздугунун сакталуусу, бул, демек, жалпы мамлекеттин тынчтыгынын жана коопсуздугунун камсыз болуусу. “Мамлекеттик чек ара” түшүнүгү улуттук жана эл аралык коопсуздуктун борбордук звеносу болуп саналат жана эл аралык мамилелерде мамлекеттик маанилүү атрибут катары кызмат кылат. Чек ара тилкеси өз алдынча чектеш мамлекеттердин чеги болуу менен бирге алардын жанашкан, кандайдыр деңгээлде бириккен жерин да билдирет. Демек, ынтымакташ мамлекеттер ортосундагы чек ара аларды бөлүп туруучу ажырым гана эмес бири-бирине кирүүчү дарбаза, босого катары да кызмат кылат. Айрыкча, чек ара зоналарынын калкы бири-бири менен ынтымакчылык мамилелеринде болууга умтулууга тийиш, чектеш жашаган аймактардын калкынын бири-бири менен кудалаш, достош, ишкерлик жактан шериктеш болуп жашаган учурлары жок эмес. Ал тургай, анчалык маанилүү эмес инциденттер да кээде чек ара аймактарындагы, ал гана эмес, эл аралык деңгээлдеги мамилелерди дестабилиздештирүүчү абалга алып келиши да мүмкүн. Мына ошондуктан чек арага тиешелүү мамлекеттер аралык проблемалар, карама-каршылыктар, кызыкчылыктар менен керектөөлөрдүн дал келбестиги ички жана сырткы саясий туура, терең ойлонулган чечимдерди талап кылат. Мындай проблемалардын

чечилишинин мамлекет ичинде, жеке мамлекеттик деңгээлде гана чечиле калбастыгы бир топ түйшүктөрдү жаратат. Жогоруда аталып өткөн маселелерден улам Кыргыз Республикасынын ички жана сырткы мамлекеттик саясатынын курамдык бөлүгү катары *мамлекеттик чек ара саясатынын* иштелип чыгуусу зарыл. Бул мамлекеттик деңгээлдеги чек ара саясаты чек ара маселесине тиешелүү бардык мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, жалпы эле чек ара аймактарындагы жергиликтүү калктын чек ара коопсуздугун сактоо боюнча иш-аракеттерин, алардын чек араны коргоого алуу боюнча иш-пландарын координациялап турууга тийиш [5]. Жалпы калктын чек ара маселелери боюнча саясий түшүнүктөрүнүн жетишсиздигинен улам да мамлекеттик чек ара саясаты айрым учурларда тоскоолдуктарга учурап келет.

Мамлекеттин чек ара саясаты улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун жалпы системасында “улуттук органдардын, өлкөнүн чек арага жакын аймактарынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин, уюмдардын жана жарандардын мыйзамдардын так негизинде макулдашылган иш-аракеттери аркылуу ишке ашырылат” [67, 112-бет]. КРнын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү” мыйзамына ылайык мамлекеттик чек ара саясатын жүргүзүүчү жана ага ыйгарым укук берилүүчү субъектилер аныкталган. Алар республикалык деңгээлдеги атайын мамлекеттик башкаруу органдары жана жана башка субъектилер (коомдук уюмдар, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, зарылчылыктарга жараша чек ара аймактарындагы жергиликтүү калктын ичинен түзүлгөн элдик кошуундар ж.б.). Деги эле, айрым башка тармактарга салыштырмалуу чек араны коргоого алуу маселелеринде бул сенин ишиң, бул менин милдетим, ага мен жооп бербейм сыяктуу иш бөлүштүрүүнүн болбогону максатка ылайыктуу. Ушул себептүү да Баткен областында чек ара жаңжалдары жана куралдуу кагылышуулар чыкканда тынчтык мезгилдерде кызмат кылуучу

президенттин Баткен областы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрү баш болгон район акимдери, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын башчылары, ал гана эмес эл башылары, күн-түн дебей тикесинен тик туруп эл арасында жүрүштү, республикалар, областтар аралык сүйлөшүүлөргө активдүү катышып турушту. Жаш балдарга чейин куралдуу кагылышуу болуп жаткан жерлерден эвакуацияланып жаткан элдин алдын тосуп оокат бар, үй бар деген плакат жазууларды көтөрүп жол тосуп турушкандарын көрүп көздөн жаш келип кетип да жатты.

Жалпы жыйынтык чыгарып келгенде, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара саясатынын негизги милдеттери төмөнкүлөр:

- республиканын аймактык бүтүндүгүн, чек араларынын коопсуздугун жана толук көз карандысыздыгын сактап туруу;

- мамлекеттик чек аралардын эл аралык-укуктук деңгээлде такталышын камсыз кылуу;

- чек араларда жана чек ара аймактарында чыр-чатактардын жана куралдуу кагылышуулардын алдын алуу максатында эл аралык кызматташтыктарга өзгөчө көңүл буруу;

- чектеш же башка мамлекеттердин өлкөнүн аймагына экономикалык жана демографиялык экспансия жасоосуна жол бербөө;

- мамлекеттин саясий-экономикалык кызыкчылыктарын коргоого алуу максатында анын айрым бир чет өлкөлөр же аскердик-саясий блоктор тарабынан эл аралык изоляцияда калуусунан сактануу;

- чек ара коопсуздугун камсыз кылуу менен чек ара аймактарынын, мамлекеттин, анын жалпы калкынын тынчтыгын коргоого алуу;

- чек ара маселелери боюнча эл аралык талаптарды жана жоопкерчиликтерди сактоо менен чектеш жайгашкан мамлекеттер менен соода-экономикалык жактан кызматташтыкта, өз ара түшүнүшүүчүлүк деңгээлинде саясат жүргүзүүгө умтулуу;

- чек ара коопсуздугун камыз кылуу боюнча мамлекеттик жана коомдук институттарды түзүү жана алардын иштерин активдештирүү;

- чек ара коопсуздугун камсыз кылууга тартылган жана ага кызыгдар болгон бардык субъектилердин укуктук-нормативдик базаларын жакшыртуу жана алардын иш-аракеттеринин натыйжалуулуктарын арттыруу;

- чек ара коопсуздугун коргоого тартылган бардык субъектилердин кызматтарынын, жоопкерчиликтеринин жана ыйгарым укуктарынын координацияланып турушу;

- чек ара кызматкерлеринин заманбап аскердик техникалар менен камсыз болуусу, алардын жашоо шарттарынын жакшыртылуусу;

- чек ара кызматына аскерге чакыруу, зарылчылыктарга жараша элдик кошуундарды түзүү аркылуу чек аралардын коопсуздугун камсыз кылууга жергиликтүү жашоочулардын активдүү тартылуусу (жергиликтүү калктын жер шарттарын, кооптуу жерлерди мыкты билүүсүнүн бекем эске алынуусу ) ж.б.у.с

Мамлекеттик чек ара саясатын жүргүзүү төмөнкүдөй принциптерге таянылат:

- башка мамлекеттердин, айрыкча, чектеш өлкөлөрдүн көз карандысыздыгын, тең укуктуулугун жана аймактык бүтүндүгүн сыйлоо;

- мамлекеттик чек аралардын бузулбастыгын так сактоо;

- чек ара маселелерин жана инциденттерин тынчтык жолу менен чечүү;

- өз мамлекетинин гана эмес чектеш жайгашкан жана алыскы чет өлкөлөрдүн жарандарынын мыйзамдуу укуктарын, эркиндигин жана кызыкчылыктарын коргоого алуу;

- чет мамлекеттер менен социалдык-экономикалык багытта эки тараптуу пайдалуу кызматташууларга умтулуу.

Жогоруда аталган мамлекеттик чек ара саясатынын принциптеринен улам республиканын чек ара саясатынын төмөнкүдөй багыттарын белгилегибиз келет:

а) мамлекеттик чек ара тилкелерин эл аралык-укуктук негиздерге жана талаптарга ылайык тактоо жана чечүү;

б) чек ара саясатындагы эл аралык эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыктарды ишке ашыруу жана макулдашууларга келишүү;

в) чек ара коопсуздугун алдын ала келишилген макулдашууларга ылайык коргоого алуу;

г) чек ара маселелеринде жеке кызыкчылыктарга артыкча умтулбоо;

д) чек ара аймактарындагы жана ага жакын жайгашкан зоналардагы жергиликтүү калктын социалдык-демографиялык, руханий жана маданий жашоо деңгээлдерине, жалпы инфраструктурасына мамлекеттик деңгээлде камкордук менен мамиле жасоо;

е) мамлекеттик чек ара саясатынын илимий жана укуктук жактан камсыз болуусун активдүү колго алуу ж.б.

Мамлекеттик чек ара саясаты эл аралык-укуктук жактан Бириккен Улуттар Уюмунун Чек Ара Уставынын, башка эл аралык-укуктук документтердин негиздеринде жүргүзүлөт. “Өлкөлөрдүн туруктуу коопсуздугун жана эл аралык тынчтыкты сактоодогу эл аралык кызматташтык бардык мамлекеттердин саясий, экономикалык жана социалдык түзүлүштөрүнө карабастан негизги милдети болуп саналат” [104, 186-бет].

СССРдин таркашы менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасына болгон коркунучтар түп тамырынан өзгөрдү. Терроризм, трансчек аралык уюмдашкан кылмыштуулук, наркотрафик, адамдар менен соода кылуу, легалсыз миграция, курал-жарак жана адамдын өмүрүнө коркунучтуу буюмдар менен соода кылуу калкка, анын ден соолугуна жана өмүрүнө жаңы коркунучтарды жаратууда. Ички жана сырткы (мамлекеттер аралык) саясий-экономикалык туруктуулук контрабанда агымын токтотот, жок эле дегенде, ага кескин түрдө чектөө киргизет, мына ошондуктан чек ара саясатын так жүргүзүү, ага коюлган бүткүл талаптарды так аткаруу - чектеш гана эмес бири-биринен аралыкта жайгашкан жалпы бардык өлкөлөр үчүн ары пайдалуу, ары калктын коопсуздугун сактоонун негизги каражаты.

Улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун укуктук теориясында иштелип чыккан теориялык мамилелердин [102, 11-б.] жана чек ара мыйзамдарынын жоболорунун негизинде чек ара коопсуздугун камсыз кылуу механизмдерин төмөнкү үч элементтин жыйындысы катары көрсөтүүгө болот.

1. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун объектилери – чек арага коркунуч жаратуучу эл аралык саясий, экономикалык, аскердик, социалдык жана башка коркунучтар, алардын алдын алуу жана жокко чыгаруу. Бул коркунучтардын ар бирине ар түрдүүчө мамиле жасоого, ар бирине ар кандайча ыкмада каршы турууга туура келет.

2. Мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун субъектилери – чек араны коргоо түздөн-түз же кыйыр түрдө тиешеси бар же ага жооптуу мамлекеттик органдар, күч түзүмдөрү. жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары.

2015-жылдагы КРнын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү” мыйзамынын 6-бөлүм ылайык [5] мындай субъектилерге төмөнкүдөй мамлекеттик органдарды киргизебиз:

1) чек ара коопсуздугун камсыз кылууга тартылган, ага түздөн-түз жооптуу мамлекеттик органдар (КРнын УКМКсынын, аскердик башкармалыктарынын, ички иштер министрлигинин чек ара кызматтары, таможня органдары);

2) чек ара коопсуздугун камсыз кылууга катышуучу мамлекеттик органдар (сырткы мамилелер органдары, өзгөчө кырдаалдар боюнча бөлүмдөр жана органдар, салык, бажы кызматтары, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары ж.б.).

3. Чек ара коопсуздугун камсыз кылууга көмөк көрсөтүүчү тараптар – Кыргызской Республикасынын Конституциясында каралган жана  чек ара коопсуздугун камсыз кылууга жардам көрсөткөн жекече жана юридикалык тараптар (чек араларды коргоого алууга жергиликтүү жаштардын көбүрөөк тартылуусу боюнча буга чейин бир топ жолу белгилеп кеткенбиз).

Жекече жана юридикалык тараптар чек араларды коргоого алууга төмөнкүдөй формаларда катыша алышат:

- алар ачык түрдө же жашыруун, түздөн-түз же кыйыр түрдө чек ара коопсуздугун камсыз кылууга жардам көрсөтө алышат;

- чек ара маселелерине тиешелүү шайлоолорго, референдумдарга жана башка тандоолорго катышышат;

- чек ара аймактарында жашаган жергиликтүүлөрдүн мыйзамдуу укуктарын, саясий, моралдык-материалдык кызыкчылыктарын коргоого алууга тартылууга укуктуу;

4. Мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы иш-чаралар – жалпы эле чек араны бекемдөөгө, чек ара зоналарында жашаган калктын социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын жана тынчтыгын коргоого алууга багытталган стратегиялык иш-пландар жана алардын аткарылуусу, бул боюнча мамлекеттик деңгээлдеги мыйзамдык актылар, указдар, токтомдор ж.б.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуучу түрдүү иш-чараларды төмөнкүчө дифференциялаштыруу максатка ылайыктуу:

1) ал иш-чаралардын ишке ашырылуу жана түпкү багыттарына карата:

- дипломатиялык, аскердик, маалыматтык жана башка багыттарды өз ичине камтыган саясий иш-чаралар;

- чек ара коопсуздугун камсыз кылууга арналган эл аралык келишимдерди, жоопкерчиликтерди, милдеттенмелерди жана укуктарды өз ичине камтыган юридикалык-укуктук иш-чаралар;

- мамлекеттик чек аранын бекем коргоо алынуусун уюштуруу жумуштары;

- чек ара коопсуздуктарынын жана коркунучтарынын алдын алууга, чек ара мыйзамдарынын бузулууларынын бетин ачууга тиешелүү атайын иш-чаралар;

2) чек ара коопсуздугунун жана коркунучтарынын деңгээлдерине карата:

- чек ара тилкелеринде күтүлүүчү же пайда болгон чыр-чатактардын деңгээлин так аныктоо жана ага карата стратегиялык иш-пландарды ыкчам иштеп чыгуу;

- кооптуу деп эсептелинген чек ара зоналарындагы абалга так баа берүү жана ага карата алдын ала даярдыктарды көрүү, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, макулдашууларга келүү (жергиликтүүлөрдүн алдын ала билдирүүлөрүнө жетиштүү баа бербестен көбүрөөк жабыркап калган учурларыбыз да жок эмес);

- кооптуу деп эсептелинген чек ара тилкелериндеги чек ара кызматкерлеринин, чек арачылардын, күч түзүмдөрүнүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу.

3. Чек ара кызматкерлеринин аскердик-техникалык, саясий жактан даярдыктарын жогорулатуу, алардын патриоттук сезимдерин, морадык-материалдык стимулдарын мүмкүн болушунча жогору көтөрүү.

Мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун жалпы каражаттары катары төмөнкүлөрдү көрсөткүбүз келет:

1) административдик-укуктук режимдер: мамлекеттик чек аралардын, алардагы өткөрмө пункттардын, чек ара тартиптеринин режимдери;

2) чек ара зоналарындагы, тилкелериндеги жана өткөрмө пункттардагы мыйзамдуу түрдө уруксат берилүүчү жумуштар;

3) чек ара коопсуздугуна коркунуч келтирилген кылмыштарга, административдик укук тартибин бузуучуларга карата колдонулуучу жазалар жана жоопкерчиликтер;

4) чек араларды коргоого алууда, чек ара көзөмөлүн жүргүзүүдө колдонулуучу техникалык каражаттар ж.б.у.с.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун сырткы каражаттары жана иш-чаралары, биздин оюбузча, төмөнкүлөр:

1) сырткы чалгын иштерин алып баруу (басымдуу көпчүлүк участоктордо мунун зарылчылыгы да жок, тоолуу жерлерде бийиктиктерге байкоо пункттарын уюштуруу жетиштүү);

2) кооптуу деп эсептелинген чек ара тилкелеринде туруктуу түрдөгү кайгуул-күзөт жумуштарын алып баруу;

3) зарылчылыктарга жараша кооптуу деп эсептелинген чек ара зоналарында контрчалгын иштерин күчөтүү;

4) зарыл учурларда чек ара аймактарында оперативдик-издөө жумуштарын жүргүзүү;

5) коркунучка шектүү катары саналган чек ара аймактарындагы коопсуздукту жана тынчтыкты сактоодо жергиликтүү калк өкүлдөрүн активдүү пайдалануу ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда аталган чек ара коопсузудгун камсыз кылууга багытталган иш-чаралардын, чек ара режимдеринин, жоопкерчиликтер менен талаптардын бирин жогору, бирин төмөн коюу да, терең алып караганда, мүмкүн эмес. алардын ар бири бири-бирин толуктап, тактап турат, басымдуу көпчүлүк учурларда алар бири-бири менен тыгыз байланышып турат. Демек, чек ара маселесинде майда нерсе болбоого тийиш, анчалык маанилүү катары каралбаган себептер менен окуялар өз кезегинде абдан эле орчундуу маселеге айланып кетүүсү толук мүмкүн. Буга чейин канатташ жайгашкан эки республиканын эки-үч жаранынын ортосундагы жаңжал да күчөп отуруп чектеш калктар ортосундагы этностор аралык жаңжалга өтүп кетүүсүнүн мүмкүн экендигин буга чейин айтып кеткенбиз. Бир улуттун өкүлдөрүнүн ортосундагы кылмышка салыштырмалуу ар улуттар ортосундагы кылмыш жана чыр-чатактын залакасы бир топ оорураак экендигин турмуштук тажырыйбалар көрсөтүп келе жатат.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун сунуш кылынган көз караштан кароо чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык жана укуктук негиздерин түзүүгө, бул чөйрөдө кабыл алынган ченемдик укуктук актылардын сапатын жогорулатууга жана чек ара мейкиндигинде улуттук кызыкчылыктарды коргоого мүмкүндүк берет. каралып жаткан чөйрөдөгү мамлекеттик саясатка даректүүлүк берүү, бул өз кезегинде аны ишке

ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатат. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара саясатынын Негиздерин (концепциясын) иштеп чыгууну жана кабыл алууну сунуштайбыз, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара саясатынын артыкчылыктарын аныктоо үчүн методологиялык негиз болуп, Кыргыз Республикасынын чек ара мейкиндигинде улуттук кызыкчылыктарды коргоонун максаты, милдеттери, принциптери, негизги багыттары жана механизми боюнча расмий кабыл алынган көз караштардын тутумун сунуштайбыз.

**2 бап боюнча корутундулар**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасында туруктуу кырдаалды камсыз кылуу, коңшу мамлекеттер менен жакшы коңшулук мамилелерди сактоо жана өнүктүрүү максатында Кыргызстан алар менен биргелешкен чек аранын укуктук режими боюнча эки тараптуу келишимдерди иштеп чыгуу жана түзүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режимин жана мамлекеттик чек арада өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары мындан ары өркүндөтүүнү талап кылат.

Мамлекеттик чек арада Кыргыз Республикасынын турмуштук таламдарын коргоону ишенимдүүрөөк камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Чек ара кодекси иштеп чыгуу жана кабыл алуу аркылуу чек араны жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды системалаштыруу зарыл деп эсептейбиз, ошо ммененен бирге чек ара мамилелерин мыйзам алдындагы укуктук актылар менен жөнгө салууну алып салуу зарыл.

Ошол эле учурда өлкөдө “Кыргыз Республикасынын чек ара саясатынын негиздери” жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоо жана коопсуздук концепциясы” сыяктуу саясий-укуктук документтерди тез арада иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы келип чыгууда.

# 3-БАП. МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАНЫН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО БОЮНЧА ОРГАНДАР ТИЗИМИ ЖАНА АЛАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ

## 3.1 Чек ара коопсуздугун камсыздоочу мамлекеттик органдардын укуктук статусу жана уюштуруу түзүмү

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы (мындан ары - Чек ара кызматы) өнүгүүнүн заманбап мезгилинде трансформациялоонун объектиси катары кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу процесси менен катарлаш барат жана жаңы, өзгөчө мамлекеттик кызматтын формалдуулугунун даражасын чагылдырат. Жыл өтүшү менен өзгөрүп жаткан эл аралык жагдайлар өлкө алдында Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принципиалдуу жаңы милдеттерди коюуда. Мезгил талаптарына, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн саясий жана экономикалык шарттарына ылайык жаңы чек ара кызматын даярдоону талап кылууда.

Кырдаалдын өзгөргөн шарттары жана Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принципиалдуу жаңы милдеттердин келип чыгышы Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын ишине жана түзүмүнө, Кыргыз Республикасын мамлекеттик чек араны коргоонун жана коргоонун формаларына жана ыкмаларына олуттуу оңдоолорду киргизүүнү талап кылды.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн саясий жана экономикалык шарттарга жооп берген Кыргыз Республикасынын жаңы чек ара кызматын куруунун объективдүү зарылчылыгы келип чыкты. Стратегиялык багыттардын бири катары чек ара кызматын атайын мамлекеттик кызмат катары, анын курамына атайын аскерлер кирген жол тандалып алынган. Ошондуктан аны куруу тарыхый тажрыйбаны, учурдагы кырдаалды жана

өлкөнүн экономикасынын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен чек араны коргоонун эң оптималдуу жолдорун издөө аркылуу ишке ашырылган.

Мамлекеттик чек ара структурасынын калыптануусу боюнча жумуштардын баштапкы этабы 1999-жылдын 19-мартындагы КРнын №28 “Кыргыз Республикасынын Чек Ара Кызматы жөнүндөгү” мыйзамы [9] жана анын негизиндеги 1999-жылдын 28-майындагы КРнын Президентинин №131 “Кыргыз Республикасынын Чек Ара Кызматын түзүү жөнүндөгү” Жарлыгы болду [31]. Мамлекет башчысы тарабынан бул жарлыктын кабыл алынышы менен Кыргыз Республикасынын чек ара кызматы өз ыйгарым укуктарын кыйла кеңейтип, укуктук статусу жогорулап, Кыргыз Республикасынын чек ара саясатынын жоболорун ишке ашыруу боюнча аткаруу бийлик органдарынын күч-аракетин бириктирүүдөгү ролу жогорулады. мамлекет көбөйдү. Ал эми бул табигый көрүнүш жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн, көз карандысыздыгын, коопсуздугун жана мамлекеттик кызыкчылыктардын негизинде Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын ролу кыйла жогорулашы керек болчу демек, Кыргызстандын келечеги анын ишмердүүлүгүнөн көз каранды.

Мындай фундаменталдуу кайра түзүүлөр мамлекеттин атайын чек ара кызматын куруунун жана өнүктүрүүнүн жолдорун тандоо зарылдыгын аныктады.

Ошол эле учурда, учурда Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын өлкөнүн улуттук коопсуздук системасындагы ролу жана орду кызуу, элдешкис жалпы талкуулардын предмети бойдон калууда. Белгилүү “мамлекет чек араны болжолдойт” деген сөз айкашы Кыргыз Республикасынын коопсуздук системасындагы чек ара кызматынын орду жана ролу жөнүндөгү суроого жооп бербейт. Көптөгөн коомдук күчтөр, саясий кыймылдар, КР Коргоо министрлигинин айрым кызматкерлери, өлкөнүн Жогорку Кеңешинин депутаттары, жалпыга маалымдоо каражаттары бул жерде көйгөйлөрдүн (чыныгы жана ойдон чыгарылган) бар экендиги тууралуу өз ойлорун айтышууда.

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин Башкы штабы чек ара кызматын Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине баш ийүү идеясын жактайт. Бардык "силовикилерди" бир чатырдын астына бириктирүү жөнүндө пикир да бар.

Кыргыз Республикасынын чек ара саясаты чоң саясаттын өзүндөй эле көп кырдуу, талаш-тартыштуу. Ички саясатта деле келишпөөчүлүктөр болгону менен жалпы калктын түпкү максаты мамлекеттин экономикасын, элдин жашоо деңгээлин, маданиятын, билим деңгээлин көтөрүү, жемкорчулукту жоюу, калктын тынч жашоосун камсыз кылуу, жаш муундарга татыктуу билим берүү, кары-жаштын ден-соолугун сактоо, алардын татыктуу эс алуусун уюштуруу жана башка, жана башка... Бирок, түрдүү мамлекеттердин, айрыкча, чектеш жайгашкан өлкөлөрдүн кызыкчылыктары дайыма эле бир жерден чыга бейбейт. Кайсыл бир конкреттүү табигый ресурстарга, жер аянттарына, айрыкча ичүүчү жана суугат сууларына эки, ал тургай, бир нече чектеш мамлекеттердин бирдей кызыгып турган учурлары болуп турат жана дал ушуга окшогон жагдайлар чек ара жаңжалдарына алып келип турат.

Азыркы ааламдашкан (глобалдуулук) учурдагы саясий-экономикалык системадагы Кыргыз Республикасынын чек ара саясатынын жана кызматынын институционалдык-функционалдык ролуна анализ жасоо менен өлкөнүн улуттук коопсуздугун сактоодогу мамлекеттик тышкы саясатты жүргүзүүнүн ары татаалдыгына, ары жоопкерчиликтүүлүгүнө бекем ишенүүгө туура келет.

Чек ара кызматы мамлекеттин өз алдынча институту катары, жалпы эле, мамлекеттик чек ара проблемалары азыркы илим-техниканын, жалпы калктын аң-сезиминин өнүп-өскөн, анын керектөөлөрүнүн жана кызыкчылыктарынын уламдан-улам жогорулоо шарттарында учур талаптарына ылайык кайрадан карап чыгуунун жана кара түзүүнүн, алдыдагы келечеке карай стратегиялык пландарды түзүүнүн жана күтүлүүчү чек ара чыр-чатактарынын алдын алуунун, чек ара коопсуздугун сактоонун

объектисине айланууда. Бирок да, чек ара маселелеринин татаалдыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Чек Арасы жөнүндөгү” мыйзамынын [5], “Улуттук коопсуздук жөнүндөгү” мыйзамынын [10], “Кыргыз Республикасынын Коргонуусу жана Аскердик Күчтөрү жөнүндөгү” мыйзамынын [11] айрым беренелери, чек арага тиешелүү кээ бир мыйзамдык актылар, мамлекеттик токтомдор жана жарлыктар толугу менен ишке ашырылбай келет.

Кыргыз Республикасына өз алдынча чек ара кызматы зарылбы же зарыл эмеспи, зарыл болсо анын кызматына кандай милдеттер кирет, компетенциялары эмне, ал кандай принциптердин негизинде курулат, чек ара кызматын кандай куралдар менен куралдандыруу  зарыл жана анын саны канча болушу керек, чек араны коргоого алуудагы жергиликтүү калктын милдеттери эмнелерден турат деген сыяктуу маселелерди чечүү аскердик гана эмес саясий өңүттөн да каралат. Тынчтык мезгилдерде чек ара кызматтары аскердик-согуштук кызматтарды аткарбайт, алар мамлекеттик чек араларды кайтарууга, ар кандай чек арага тиешелүү чыр-чатактардын алдын алууга чакырылган. Чектеш жайгашкан мамлекеттер суу, сугат жерлери, жайыттар, кен байлыктары жана башка маселелер боюнча бири-бирине күнөө коюшу, бир пикирге келе албашы мүмкүн. Мына ушул себептүү чек  ара проблемалары чарбалык-экономикалык кызыкчылыктар менен тыгыз байланышкан.

Чек ара кызматынын аскерлери канчалык күчтүү болсо, алар канчалык күчтүү деңгээлде заманбап аскер техникалары менен жабдылса чек ара аймактарындагы калктын гана эмес жалпы мамлекеттин коопсуздугу да ошончолук деңгээлде коопсузураак болот. Аскердик жактан күчтүүлүктү биз башка мамлекеттердин аймактарына кызыгуу катары эмес өз мамлекетинин коопсуздугун сактоо деп гана кабыл алууга тийишпиз. Ушул себептүү да кийинки учурларда чек ара кызматын алдынкы технологиядагы согуштук куралдар менен жабдууга өзгөчө көңүл бурулууда.

Кыргыз Республикасынын чек ара кызматын бекемдөөдө жана күчтөндүрүүдө өткөн тажырыйбаларга таянуу, талаш жараткан чек ара аймактарын жана тилкелерин эки тараптуу кызыкчылыктарга дал келе тургандай дегээлде чечүүнүн жолдорун табуу, алдын ала күтүлүүчү чек арага тиешелүү пикир келишпөөчүлүктөрдү жана чыр-чатактарды мурунтадан прогноздоо, чектеш мамлекеттер менен туруктуу мүнөздө тыгыз саясий-экономикалык, маданий байланыштарда жана кызматташтыктарда болуу зарыл. Баткен областына тажик аскерлеринин кирип келүүсүндөгүдөй, “биз муну алдын ала билгенбиз” “алардын алдын ала даярданышып жатышкандыгы тууралуу кабардар болгонбуз” деген сыяктуу кептер андай баскынчылыкты өз убагында жана ордунда токтотуп кала албагандан кийин алар арык аттап, суу кечпеген гана кепке айланып кала берет.

Кыргыз Республикасынын чек ара кызматы өз кызматтарында жана жоопкерчиликтеринде республиканын мыйзамдарын, мыйзамдык нормативдик актыларын, өлкөнүн Президентинин буйруктарын жана жарлыктарын, министрлер кабинетинин токтомдорун, мамлекеттик чек ара талаптарына тиешелүү эл аралык укукту нормаларды жана принциптерди жетекчиликке алат.

2002-жылдын 31-августунда Коргоо министрлигинин Башкы Чек Ара башкармылыгы менен Улуттук коопсуздуктун кызматынын Чек Ара көзөмөлдүгүнүн башкы башкармалыгынын биригүүсүнүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Чек Ара кызматы расмий түрдө түзүлүп, мамлекеттик чек ара жана анын коопсуздугун камсыз кылуу кызматтары борборлоштурулуп бир органга бириктирилген. Түрдүү жылдар ичинде чек ара кызматы бирде Улуттук коопсуздук кызматынын карамагына, бирде Президенттин командачылыгына өтүп турган. 2012-жылдын 4-сентярына чейин чек ара кызматы Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы көз карандысыз департамент катары кызмат кылып келген. Аткарган кызматтарынын жана жоопкерчиликтеринин окшоштугуна

карабастан чек ара кызматы Ички Иштер министрлигине да, Коргоо министрлигине да карабаган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын коргоого алууну күчөтүү максатында 2012-жылдын 10-декабрында КРнын Өкмөтү “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын маселелери тууралуу” № 814 Токтомун кабыл алган [43]. Муну менен чек ара кызматы өз алдынча мамлекеттик структурага айланып, ал чек ара көзөмөлдүгүнө, чек ара коопсуздугуна, мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө жана кол тийбестигине, республиканын чек ара саясатына тикеден-тике жооп бере баштады жана чек ара кызматы Улуттук Коопсуздуктун Мамлекеттик Комитетинен бөлүнүп чыккан.

Чек аралык ведомствонун СССРдин тажырыйбасы көрсөткөндөй, улуттук коопсуздук кызматынын курамында болуусу анын кызматтык иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатат, өлкөнүн тынчтыгын жана коопсуздугун коргоого алуу бир түйүнгө топтолот жана ал бирдиктүү механизмге айланат. Мындай иш-аракеттер менен бирдиктүү маалымат базасын түзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, чек ара гана эмес мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча аткарылуучу жумуштар бир жерден координацияланат. УКМКны жана Чек Ара кызматтарын эки башка жетекчилер жетектегенде алардын көз караштары, пикирлери, стратегиялык пландары ар түрдүүчө болуп калуусу, чек ара маселелери боюнча кабыл алган чечимдери бири-бирине туура келбей калуусу толук мүмкүн жана экстремалдык кырдаалдарда чечимди бир жерден кабыл алуу зарылчылыктары да пайда болот. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу, чек ара тилкелерине жана чек ара зоналарына байланышкан чыр-чатактардын алдын алуу иш-чаралары бир ведомствонун ичинде интеграцияланат. Чек араларга тиешелүү жашыруун маалыматтар жашыруун сакталат жана чек аралык, мамлекеттик коопсуздукка тиешелүү болгон ар кандай калпыс иштерге бир жетекчи жооп берет.

КРнын мамлекеттик чек араларын коргоого алууну жакшыртуу максаттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2021-жылдын 19-январында №8 Токтому менен [38] чек ара кызматын Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин курамына кайрадан кошкон.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздугунун Мамлекеттик Комитетинин Чек Ара кызматынын жобосуна ылайык Кыргызстандын Чек Ара кызматына төмөнкүдөй милдеттер жүктөлөт:

-мамлекеттик чек араларды коргоого алуу;

- мамлекеттик чек араларда кызмат кылган кызматкерлерге тиешелүү шарттарды түзүү;

- мамлекеттик чек ара режимин түзүү жана анын бардык чек ара тилкелеринде, айрыкча, чек ара өткөрүү пункттарында так сакталуусун камсыз кылуу;

- чек ара өткөрүү пункттарындагы кызматкерлердин өз милдеттерин так аткаруусу үчүн шарттарды түзүү;

- Кыргыз Республикасынын чек ара тилкелериндеги жана зоналарындагы тынчтыктын, жергиликтүү калктын коопсуздугун камсыз кылуу маселелерине активдүү катышуу;

- Кыргыз Республикасынын чек ара аймактарындагы экономикалык кызыкчылыктарын коргоого алууга катышуу;

- Кыргыз Республикасынын чек ара аймактарындагы укук коргоо органдарынын, жаратылышты коргоо кызматкерлеринин, миграция кызматынын кызматтык жумуштарына көмөк көрсөтүү;

- чек ара коопсуздугун камсыз кылууда жана чек арага байланышкан ар кандай чыр-чатактардын алдын алууда жергиликтүү бийлик органдары жана калк менен кызматташууну уюштуруу ж.б.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын, чек ара тилкелериндеги жана зоналарындагы тынчтыкты, жергиликтүү калктын коопсуздугун камсыз кылуу жалпы республиканын коопсуздугун сактоо

менен ажырагыс түрдө тыгыз байланышкан. Мындан тышкары, мамлекеттик чек араларды коргоого алуу саясий-юридикалык, дипломатиялык, экономикалык, мамлекетти жалпы коргоого алуу, чалгындоо, контрчалгындоо, оперативдик-издөө, таможня, контрабандалык товарлардын кирүүсүнө каршы күрөшүү, жаратылышты коргоо, санитардык-эпидемиологиялык жана башка көптөгөн кызматтар менен ар кандай деңгээлде байланышта болот.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын коопсуздугун камсыздоо чек ара кызматкерлери аркылуу ишке ашырылат жана алар республиканын аскердик күчтөрүнүн курамдык бир бөлүгү болуп эсептелет. Ал эми зарыл учурларда чек ара аймактарына жана тилкелерине башка аскердик күчтөр, атайын даярдыктан өткөн отряддар тартылат. Жеке адамдар болобу, юридикалык тараптар болобу, жогорку кызмат адамдары болобу, алардын баары тең чек ара өткөрмө пункттарынан өтүүдө атайын белгиленген талаптарды аткарууга милдеттүү [5]. Ал тургай, өлкөдөн чыгууга тыюу салынган Жогорку Кеңештин депутаттарынын чек арадан кайтарылып келинген фактыларына да күбө болгонбуз.

Мамлекеттик чек аралардын бекемдигин жана коопсуздугун камсыз кылуу маселелерин чечүүгө күч кызматкерлеринен сырткары жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, аткаруу бийликтери, коомдук уюмдар жана жалпы эле чек ара аймактарынын жашоочулары активдүү катышууга милдеттүү жана бул милдеттер менен жоопкерчиликтер административдик-укуктук, оперативдик, кылмыш жаза-процессуалдык жана башка укуктук нормалар жана актылар менен бекемделген.

Чек ара тилкелеринде, чек ара өткөрмө пункттарында Кыргыз Республикасынын чек ара кызматкерлери төмөнкүлөргө укуктуу:

- чек ара наряддарын түзүүгө, өз милдеттерин аткаруу мезгилдеринде чек ара тилкелерин бойлоп жүрүүгө;
- чек ара өткөрмө пункттары аркылуу кирип же чыгып жаткан бардык жарандардын документтерин текшерүүгө, шектүү катары

эсептелинген унааларды жана аларга жүктөлгөн жүктөрдү тыкыр текшерүүгө алууга;

- чек ара өткөрмө пункттарында жүктөрдү текшерүүгө алууга, зарылчылыктар жаратылганда аларды убактылуу сактап турууга ылайыкташтырылган инженердик-курулуш жайларын курууга, жогорку кубаттуулуктагы байланыш каражаттарын камсыздоого;

- Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза-процессуалдык мыйзамдарына ылайык кылмышка шектүү же күч органдары тарабынан издөөдө болгон жарандардын өздүгүн тактоого жана аларды тиешелүү кызматтарга өткөруп берүүгө;

- контрабандалык же калктын ден соолугуна зыяндуу деп эсептелинген товарларды кармоого, тиешелүү кызматтар менен биргеликте алардын санын жана жалпы баасын, зыяндуу болсо зыяндуулук деңгээлин тактоого;

- Чек ара мыйзамдарын, укуктук-юридикалык нормаларды, административдик эреже-талаптарды бузган жарандарга протокол түзүүгө, аларды тиешелүү күч органдарына өткөрүп берүүгө;

- шарт-жагдайга жана зарылчылыктарга жараша кылмышка шектүү же күч органдары тарабынан издөөдө болгон, чек ара мыйзамдарын, административдик эреже-талаптарды бузган жарандарды атайын даярдалган жайларда убактылуу кармап турууга;

- чек ара мыйзамдарын бузган же мындай укук бузууларга күбө катары эсептелинген жарандарды чек ара пункттарына же болбосо башка бир ылайыктуу жерлерге кылмышты, анын себептерин жана залакаларын тактоо максатында чакырууга;

- өз компетенцияларына ылайык чек арага байланышкан кылмыштардын, чыр-чатактардын алдын алууга катышууга;

- Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза-процессуалдык мыйзамдарына ылайык чек ара коопсуздугун камсыз кылуу максаттарында чалгындоо, контрчалгындоо, оперативдик-издөө, бажы тартибин сактоо,

контрабандалык товарлардын кирүүсүнө каршы күрөшүү, санитардык-эпидемиологиялык жана башка көптөгөн иш-чараларды алып барууга. Бул максаттарда тиешелүү ишкана, мекеме жана ведомстволордон, жалпы калктан керектүү маалыматтарды алып турууга;

- Мамлекеттик чек арадан чыгууга жана кирүүгө зарыл документтери болбого жарандарды чек ара өткөрмө пункттарын өткөрбөөгө, калкка зыян келтирүүчү же шектүү товарларды жарандардан алып тиешелүү органдарга каттоого алуу менен өткөрүп берүүгө;

- чек ара өткөрмө пункттарында бажы кызматкерлери менен биргеликте жүктөрдүн кирүүсүнө жана чыгуусуна катуу көзөмөлдүк жүргүзүүгө, чек ара мыйзамдарынын сакталуусу боюнча бажы кызматкерлери менен болгон тыгыз кызматташууга;

- чек ара өткөрмө пункттарында убактылуу кармалып турган автоунаа каражаттарынын жана жүктөрдүн коопсуз сакталуусун камсыздоо;

- чек ара өткөрмө пункттарында мыйзам талаптарына толугу менен жооп берген автоунаа каражаттарынын жана жүктөрдүн тоскоолдуксуз жана тез арада өтүп кетүүсүн камсыз кылуу, тез бузулуучу же мөмө-жемиштердин, жашылчалардын тездик менен өтүп кетүүсүнө өзгөчө көңүл буруу;

- чек араны же чек ара мыйзамдарын бузгандарды колго түшүрүүдө ишкана, мекемелерге, жеке адамдардын турак жайларына чейин уруксатсыз кирүүгө;

- кызматтык милдеттери боюнча автоунааларды, жеке же кызматтык каражаттарын мыйзам чегинде пайдаланууга, мындай учурларда кайсыл бир тараптын мүлкүнө зыян келтирилген болсо анын ордун толтурууга;

- чек ара аймактарындагы өткөрмө пункттарында кызмат кылууга жергиликтүү калктын ичинен ыктыярчыларды тартууга;

- кызматтык милдеттерге зарыл болгон жабдууларды жана түрдүү техникаларды алууга;

- кызматтык милдеттерин аткарууда эл аралык келишимдерде, укуктарда жана талаптарда каралган мүмкүнчүлүктөрдөн мыйзамдык негизде пайдаланууга ж.б.у.с.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын бекем коргоого алуу максатында республиканын чек ара кызматкерлерине кошумча укуктар жана мүмкүнчүлүктөр берилген. Чек ара тилкелеринде жана аймактарында күтүүсүз окуялардын, чыр-чатактардын болуп туруусу толук мүмкүн жана мындай учурларда чек ара кызматкерлерине жогортодон көрсөтмөлөрдү күтүп ортурууга таптакыр убакыт жетишпейт жана мындай окуяларда чек ара кызматкерлери өз алдынча аракет жасоого аргасыз болот, бирок бул иш-аракетердин бардыгы мыйзам чегинде гана болууга тийиш. Чек ара кызматы чек аралардын, демек, жалпы мамлекеттин коопсуздугун сактоо максатында колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана алат. Зарыл учурларда чек араны коргоого тартылган аскер кызматкерлердин, жергиликтүү жарандардын же болбосо жалпы эле өз алдынча ыктыярчыларды иш-аракеттерин координациялайт, аларга тийиштүү тапшырмаларды берет. Калк кыйын учурларда бири-бирине жакындаган сыяктуу эле чек ара аймактарына коркунуч туулганда аны коргоого алууга күч структураларынын, чек ара кызматынын, аскердик күчтөрдүн кызматкерлери гана эмес колуна курал алууга жарамдуу жалпы жаштардын умтулары бышык.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, кийинки Министрлер Кабинети чек ара кызматын, алардын иш-аракеттерин өркүндөтүү максатында аскердик жана аскердик эмес структураларды, алардын кызмат, милдеттерин аныктады, чек ара кызматкерлеринин материалдык, аскердик-техникалык жактан жабдылышына өзгөчө көңүл бурулууда. Чек ара инфраструктурасын өркүндөтүү зарыл, мурун кооптуу жана жашоо-шарты начар деп эсептелип келген чек ара аймактарына башка жактан көчүп келип жашоого аракет кылгандар көбөйсүн, чек ара аймактарында жашаган жергиликтүүлөр өз жашоо деңгээли менен сыймыктана алгандай болсун, чек арачылардын шаарчалары курулсун. Практика жүзүндө көрүнүп тургандай, кооптуу деп

эсептелинген Баткен областынын көпчүлүк жаштары тышкы эмгек миграциясында жүрүшөт же жаштар борбордук шаарларга качышууда. Демек, мамлекеттик чек араларды бекем коргоого алабыз десек ал жерлерде жашаган жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык дегээлине, жашоо шарттарына, чарба жүргүзүүзүсүнө мамлекеттик деңгээлде кам көрүү, биринчи кезекте, ал жерлерде жумуш орундарын түзүү зарыл. Баткен окуяларынан кийин ал аймактагы чек ара аймактарына өзгөчө көңүл бурула баштады, калктын пенсияга чыгуу жашы төмөн түшүрүлүүдө, маянага пайыздык кошумча акы төлөө чечилүү астында десек жаңылышпаган болор элек.

СССР мезгилинде союздун жалпы чек арасы болуп, ал жалпы ССР Союзунун күчү менен коргоого алынса, ал таркатылгандан кийин мурунку ар бир союздук республика өлкөсүн өз алдынча тактоого жана коргоого алууга аргасыз болду. Мурун республикалар ортосунда чек болгон эмес деп айта албайбыз, бирок алар шарттуу түрдө гана белгиленип, алардын ортосунда катаал чек ара тилкелери жана тосмолору болбогон. Кыргыз Республикасы азыркы учурда канатташ жайгашкан мурдагы союздук республикалардан тышкары Кытай элдик республикасы менен гана чектешет жана алар менен болгон чек ара республиканын өзүнүн чек ара кызматкерлери тарабынан коргоого алынат жана шүгүрчүлүк, алар менен болгон жылуу мамиленин натыйжасында бул чек ара тилкелеринде кооптуулук жок деп эсептөөгө болот.

Эч бир система, тармак, анын ичинде, Кыргыз Республикасынын чек ара кызматы да жетиштүү каржылоосуз өз мүмкүнчүлүктөрүн тийиштүү деңгээлде ишке ашыра албайт. Убагында бизге сырттан эч кандай коркунуч жок жана армиянын зарылчылыгы жок деп чыккандар да болгон. “Ким өз армиясын баккысы келбесе, кез келгенде алар башка мамлекеттин аскерлерин багып калат” деген накыл сөздүн эч кандай калети жок. Чек ара кызматкерлерине, ал жерлерде кызмат кылган офицердик-командирлик курамга жаңыча мамиле жасала баштагандыгы, алардык кызмат акысынын

бир топ жогорулагандыгы тууралуу буга чейин айтылып кеткен. Демек, чек ара кызматкерлеринде өздөрүнүн ары жооптуу, ары татаал, ары кооптуу кызматтарына карата моралдык, патриоттук гана эмес материалдык да кызыкчылыктардын болуусу зарыл. Чек ара аскерлеринин сандык гана эмес сапаттык жактан артыкчылыгына да өзгөчө көңүл бурула баштады жана четтен алдынкы аскердик куралдар байма-бай сатылып келинүүдө (мында дрондор тууралуу баса белгилеп кеткибиз келет). Жөнөкөй тил менен айтканда, кыргыз элинин жерине, сууларына кызыккан тараптар республиканын чек араларынын корголуу деңгээлине өзгөчө көңүл буруу менен байкоо салып турат жана күчтүү куралданган чек арага эч ким даап кол сала албастыгы анык. Жыйынтыктап айтканда, чек ара аймактарында четтен кирген куралдуу күчтөрдүн эскалациялануу коркунучу сакталып турганда чек ара кызматкерлеринин күнү-түнү кыраакылык менен туруусу зарыл.

Көптөгөн илимий-практикалык конференциялардын жана семинарлардын, көп жылдык тарыхый фактылардын материалдары, аскер адистеринин пикирлери көрсөтүп тургандай, мамлекеттик чек араны коргоого алууга көптөгөн мамлекеттик структуралар жана уюмдар катышат, бирок ошентсе да, негизги күч жана жоопкерчилик чек ара заставаларына, чек ара комендатураларына жана чек ара көзөмөл бөлүмдөрү менен пункттарына туура келет. Ушул себептүү да кабинеттерде отурган кызматкерлерге караганда түздөн-түз чек ара тилкелеринде мамлекет коопсуздугун сактап турган төмөнкү звенодогу аскер кызматкерлеринин физикалык, аскердик жана саясий даярдыктарын күчөтүүгө жогорку деңгээлде көңүл буруу мезгил талабы. Андай болбосо, чек ара кызматына реформа жүргүзүүгө үстүртөдөн гана мамиле жасалгандай болуп калар эле.

Чек ара кызматкерлери Ички Иштер министрлигин, Мамлекеттик Бажы кызматынын жана башка күч органдарынын, ведомстволордун кызматкерлери менен биргеликте мамлекеттик чек аралар аркылуу баңги заттардын, курал-жарактардын, стратегиялык чийки заттардын (сырье),

баалуу заттардын тарыхый-маданий баалуулуктардын өтүп кетүүсүнө бөгөт коет.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын коргоого алууну координациялоо проблемаларына абдан жогорку деңгээлде маани берилет, себеби бул деген чек араны гана эмес бүтүндөй мамлекеттин өзүн коргоого алуу дегендик. Республика өз алдынча эгемен республикага айлана баштагандан баштап эле мамлекеттик бийлик органдарынын структураларын мыйзамдык негизде калыптандыруу, алардын чек ара маселелерине, аны коргоого алууга жана бекемдөөгө байланышкан ыйгарым укуктарын тактоо жана бөлүштүрүү, алардын өз ара милдеттеринин макулдашуусу жана биротоло чечилүүсү биринчи планга коюла баштады.

Бүгүнкү күнгө чейин мамлекеттик чек араларды коргоого алууга байланышкан маселелерди координациялоо проблематикасы толугу менен чечиле элек десек жаңылышпаган болор элек. Көпчүлүк түшүндүрмө сөздүктөрдө координация түшүнүгү кайсыл бир багыт боюнча жумуш аткаруучулардын иш-аракеттеринин, алдыга коюлган максат, пландарынын макулдашуусу катары каралат жана ага “биргелешкен иш-аракеттер” түшүнүгү жакынырак келер эле. Бирок да, биргелешкен иш-аракеттерге жалпы жумушту аткаруучулардын убактылуу болсо да биргелешкен, бири-бири менен макулдашылган аракеттери жакынырак. Координацияда, эреже катары, жогорку инстанциядагы бийлик, аткаруу органдары өзүнө түз же кыйыр түрдө баш ийген ведомстволордун, түрдүү деңгээлдеги мамлекеттик структуралардын, субъектилердин иш пландарын, кезектеги же учурдагы милдеттери менен жоопкерчиликтерин иретке келтирип турат. Анда кайсыл бир кызматтарды аткаруучулардын кызыкчылыктары бир багытты көздөөгө, ар бир тараптын милдеттери так аныкталууга тийиш. Албетте, кайсыл бир маселе боюнча ар бир тараптын өз көз карашы жана пикири болору бышык. Ушул себептүү конкреттүү жумуштун же милдеттин аткарылуусунда жана чечилүүсүндө координатор тарап ал жумуштун аткарылуусуна катыштыгы бар бардык тарап менен макулдашат, ар биринин пикирине көңүл бурулат

жана алар эске алынат. Биздеги негизги кемчилик, бул - элдин көңүлүн өзүнө буруу, аларга күйүмүш болуу максатында тескери сүйлөй берүү айрымдарга адат да болуп калды, мында чет элден каржыланып жаткан бейөкмөт уюмчулар лидерлик кылар эле. Кыргыз Республикасынын Чек Ара кызматы мамлекеттик чек араларды бекемдөөдө, тактоого жана коргоого алууда дал ушул координатордук кызматты аткарат. Чек ара маселеси ички мамлекеттик гана эмес, сырткы, эл аралык маанидеги да маселе. Ички проблемаларды мамлекет өз алдынча чечүүгө кандайдыр деңгээлде чечүүгө жөндөмдүү. Ал эми чек ара маселелерин чечүүдө жана тактоодо абдан кылдаттык талап кылынат, ар бир айтылган сөз, кол коюлган чоң-кичине документтин залакаларын кийин кез келгенде четтетүү чоң түйшүктөрдү жаратуусу толук мүмкүн.

Өлкөнүн чек араларын коргоого алуу жумуштарын координациялоодо тарыхый принциптердин так сакталуусу абдан маанилүү, мында чек араны когоого алууга тиешелүү бардык кызматтардын ресурстук потенциалдары, аларды күчөтүү абдан чоң мааниге ээ.

Мамлекеттик чек араларды коргоо кызматтарын координациялоо төмөнкүдөй деңгээлдерден турат:

Биринчи деңгээл мамлекеттер аралык, мында Кыргыз Республикасынын Чек Ара кызматы чектеш жайгашкан мамлекеттердин чек ара, иммиграциялык жана таможня кызматтары менен сүйлөшүүлөрдү жана макулдашууларды жүргүзүп турат, мындай иш-аракеттер натыйжалуу болгондо эки тараптын чек ара кызматтары өз ара кызматташууда болот жана эки канатташ мамлекеттердин ортосунда чек ара маселелери боюнча талаш-тартыштар жана чыр-чатактар да болбос эле. Башталган жаңжалды токтотуп калууга караганда анын алдын алуу бир канча жеңил экендиги айдан ачык эмеспи.

Экинчи деңгээл ведомстволо аралык болуп эсептелет. Бул деңгээл Кыргыз Республикасынын Чек Ара кызматынын республиканын Ички Иштер министрлиги, Коргоо министрлиги, Тышкы Иштер министрлиги,

Мамлекеттик Бажы кызматы, Өзгөчө Кырдаалдар министрлиги, Саламаттыкты Сактоо министрлиги, Айыл Чарба министрлиги жана башка министрликтер, агенттиктер жана ведомстволор менен мамлекеттик чек араны коргоо алуудагы кызматтарды биргелешип аткаруусуна багытталган. Сырттан караганда, айрым министрликтердин чек ара маселесине тиешеси жоктой көрүнгөнү менен зарыл учурларда ар бир тармактын өзүнө тиешелүү кызматтары жана жоопкерчиликтери бар.

Үчүнчү деңгээл жергиликтүү болуп эсептелет. Мында чек ара кызматтары мамлекеттик чек араны коргоо алуу боюнча жумуштарды шаардык, райондук, айылдык өзүн өзү башкаруу органдары, жергиликтүү коомдук уюмдар, ишкана, мекемелер, Кыргыз Республикасынын Ички Иштер министрлигинин жана Коргоо министрлигинин аймактык бөлүктөрү, чек араны коргоого алууга түз же кыйыр түрдө тиешеси бар юридикалык жана жекече жарандар менен биргеликте уюштурат. Чек ара аймактарындага учурдагы абал, чек ара менен байланышкан ар кандай чыр-чатактардын алдын алуу боюнча жергиликтүүлөр менен макулдашуу иштерин жүргүзүп турат, алар менен кеңешет.

Мамлекеттик чек аранын эл аралык-укуктук, экономикалык, бажы-бажылык, саясий-социалдык, иммиграциялык, экологиялык, чарбалык, республикалар аралык карым-катыштык жана башка көптөгөн тармактар, багыттар боюнча абдан татаалдашкан ары жооптуу, ары кооптуу, ары абдан маанилүү комплекс экендигин дагы бир жолу баса белгилеп кеткибиз келет. Мамлекеттик чек араны, терең алып караганда, башка өлкөлөрдөн иззоляциялап бөлүп туруучу тилке эмес, аларга чыгуучу, бизге кирүүчү босого деп кабыл алууга жана түшүнүүгө тийишпиз. Ошондо гана чектеш мамлекеттер гана бири-биринен алыс жайгашкан өлкөлөр да тыгыз кызматташууда жашар эле.

Айрым бир тармактар сыяктуу чек арага маал-маалы менен же убагы келгенде гана көңүл буруу таптакыр мүмкүн эмес, ал күнү-түнү дебей коргоого алынууда турууга тийиш. Чек ара өткөрмө пункттарында таможня

кызматтарынан сырткары зарылчылыктарга жараша фитосанитардык, ветеринардык, миграциялык жаан башка кызматтардын өкүлдөрүнүн да турганы максатка ылайыктуу.

Тарыхый тажырыйбалардан даана көрүнүп тургандай, мамлекеттик чек араларды коргоого алуу чектеш өлкөлөрдүн саясий, экономикалык жана башка өзгөчөлүктөрүнө, кызыкчылыктарына, ал мамлекеттердин саясий көз караштарын жараша болот. Мисалы, бир эле улуттун эли жашаган Түштүк Корея менен Корея Элдик Демократиялык Республикасы деп аталган Түндүк Корея бири-бирине элдешкис душмандар катары жашап турушат. Убагында ГДР менен ФРГга тиешелүү болуп турган Берлин шаарын бетон тосмо тосуп турган. СССР мезгилинде чектеш республикалар ортосунда чек ара чырынын чыгары эч кимдин оюна да келчү эмес.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын структурасы, курамы жана анын кызматы, алдына коюлган милдеттер менен жоопкерчиликтер төмөнкүдөй талаптарга жооп берүүгө тийиш:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын бекем коргоону толугу менен камсыз кылуунун кепилдиги;
- Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын курамына жана структурасына, куралдануусуна, кадрдык жактан камсыз болуусуна заман талаптарына жооп бере тургандай деңгээлде реформа жүргүзүү;
- чек ара кызматкерлеринин бардык жактан толугу менен камсыздалуусунун ресурстук базасын түзүү;
- чектеш республикалар менен тынымсыз байланышта болуу аркылуу алар менен болгон мамилени жөнгө салуу;
- чек ара кызматтарына жергиликтүү жигиттерден көбүрөөк тартуу;
- чек ара аймактарында жашаган калктын социалдык-экономикалык абалына мамлекеттик деңгээлде көңүл буруу ж.б.

Белгилей кетсек, “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында Кыргыз

Республикасынын Чек ара кызматынын аскер кызматкерлерин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоодо жана кайтарууда чек арага катышкан Кыргызстандын жарандарын социалдык жана укуктук жактан коргоонун принциптерин аныктайт. Алар 1992-жылдагы «Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында камтылган конкреттүү ченемдер менен бекемделет, бирок алардын көбү аларды ишке ашыруу механизминин жоктугунан ишке ашырылбай келет. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын органдарынын ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктаган, чек ара кызматынын органдарынын жана алардын чек ара кызматынын милдеттерин жана укуктарын белгилеген чек ара кызматы жөнүндө атайын мыйзамдык актыны кабыл алуу зарыл. кызматкерлери, чек ара кызматынын кызматкерлерин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн укуктук жана социалдык жактан коргоо кепилдиктери.

Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын органдарынын ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктаган, чек ара кызматынын органдарынын жана алардын чек ара кызматынын милдеттерин жана укуктарын, чек ара кызматынын кызматкерлерин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн укуктук жана социалдык жактан коргоо кепилдиктерин белгилеген, чек ара кызматы жөнүндө атайын мыйзамдык актыны кабыл алуу зарыл.

Бул ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясында мамлекеттик чек аранын статусу маселелери биринчи даражага көтөрүлүп, 80 жана 85-беренелерде алар өлкөнүн эң жогорку өкүлчүлүк мыйзам чыгаруу органы - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан милдеттүү түрдө каралууга тийиш деген жоболор бекитилип берилгендигине байланыштуу. Ага ылайык, мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуучу орган катары чек ара кызматынын статусу атайын мыйзамдык акт менен аныкталышы керек.

## 3.2 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун укуктук механизмдерин өнүктүрүү.

Мамлекеттин ажыратып алгыс атрибуту болгон мамлекеттик чек арага анализ жасоо, аны коргоого алуунун укуктук механизмдерин өнүктүрүү мамлекет үчүн баа жеткис чоң мааниге ээ болгон чек ара маселесинин стратегиялык жана улуттук принциптерин терең изилдөөгө алмайын мүмкүн эмес.

Стратегиялык принцип, бул – мамлекеттин, анын калкынын коопсуздугун жана тынчтыгын, аскердик, социалдык-экономикалык кызыкчылыктар менен керектөөлөрүн сактоо.

Улуттук принцип мамлекеттин калкынын экономикалык, социалдык-саясий жана руханий өнүгүүсүн камсыз кылат.

Мамлекеттин ички (калктын маданияты, билим алуусу, эмгектенүүсү, дем алуусу, социалдык жактан коргоого алынуусу, аларга тиешелүү кызматтарды көрсөтүү, мүлкүн жана тынч жашоосун коргоого алуу ж.б.) болобу, сырткы болобу (коргонуу, эл аралык кызматташтык жана маданий, искусстволук, спорттук ж.б. байланыштар, тышкы соода, туризм ж.б.у.с.) болобу алардын бардыгы мамлекеттик чек ара маселелери менен түздөн-түз же кыйыр түрдө байланышып турат.

Мамлекеттик чек араны коргоого алуу, бул – улуттук коопсуздуктун аскердик-технологиялык жактан ишке ашырылуусу, аймактык бүтүндүктүн жана кол тийбестиктин, геосаясий туруктуулуктун, саясий жана экономикалык, маданий жана интеллектуалдык коопсуздуктун камсыздалуусу.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук механизмдерин өнүктүрүүгө киришүүдө, биринчи кезекте, республиканын чек ара саясатынын негизги милдеттерин аныктап чыгуу зарыл.

КРнын “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Чек Арасы жөнүндөгү” мыйзамында чек араны бекемдөө жана коргоого алуу боюнча төмөнкүдөй милдеттер баса белгиленген:

- Кыргыз Республикасынын аймактык бүтүндүгүн жана кол тийбестигин, чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бардык шарттарды түзүү;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын, аларга тиешелүү документтерди, макулдашуулар менен келишимдерди эл аралык-укуктук эрежелерге жана талаптарга ылайыкташтыруу;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларындагы куралдуу коркунучтардын жана чыр-чатактардын алдын алуу максаттарында эл аралык мамлекеттик кызматташууларды жана сүйлөшүүлөрдү активдештирүү;
- башка мамлекеттердин Кыргыз Республикасына карата экологиялык жана демографиялык экспансиясына жол бербөө, мындай негативдүү көрүнүштөргө катуу каршылык көрсөтүү;
- республиканын саясий-экономикалык көз карандысыздыгын жана кызыкчылыктарын сактоо максаттарында айрым бир мамлекеттер, аскердик-саясий блоктор тарабынан изоляциялануусуна жол бербөө ж.б.у.с.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек аралары боюнча жаратылып жаткан айрым маселелерди оң жагына чечүүдө, биринчи кезекте, тарыхый принциптердин эске алынуусу зарыл. Азыркы ааламдашуу, Борбордук Азия мамлекеттериндеги калктын санынын көбөйүү, ичүүчү, сугат сууларына болгон муктаждыктардын жогорулоо мезгилдеринде республиканын чек ара аймактарындагы жашоочулардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү, алардын чарбалык кызыкчылыктары жана керектөөлөрү тыкыр эске алынуусу зарыл. Кыргыз Республикасы тоолуу аймак болгондуктан канатташ республикаларга дарыя суулары бизден агып түшөт жана алардын бул сууларга болгон керектөөлөрү чоң. Башка бир өлкөнүн кызыкчылыктары үчүн республикалык жеке, ички

кызыкчылыктардан баш тартууга эч кимдин укугу жок. Бирок, айрым маселелерди ордун толтуруу, алмаштыруу жолдору менен чечүүгө болот, анткен менен, мында да мамлекеттик, жергиликтүү калктын кызыкчылыктары терең эске алынууга тийиш.

Эки чектеш жайгашкан мамлекеттер ортосундагы тынчтык алардын өздөрү үчүн гана эмес жалпы аймак, дүйнөлүк коомчулук үчүн зарыл. Ушул себептүү да акыл-эстин, аң-сезимдин, анын үстүнө илим-техниканын, социалдык тармактардын болуп көрбөгөндөй өнүп-өскөн мезгилинде бүткүл дүйнө кайсыл жерде кандай чыр чыккандыгына абайлап көз салып турат. Кыргыз Республикасы аймактык, континенттик, материктик, кала берсе, берсе, дүйнөлүк уюмдар болгон Бириккен Улуттар Уюму (БУУ-ООН), Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ-ШОС), Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ-СНГ), Жамааттык Коопсуздуктун Кызматташуу Уюму (ЖККУ-ОДКБ), Евразия Экономикалык Биримдиги (ЕАЭБ-ЕАЭС), Түрк Кеңеши, Таможня Биримдиги сыяктуу уюмдарга жана биримдиктерге мүчө. Андай болгону менен ар бир республика тили же дини, саясий көз караштары окшош болгон мамлекеттерге таянбай жакын мамилеге, кызматташтыкка, өз ара макулдашууга таянууга тийиш. Болбосо эле бул мамлекет бирине, тигил мамлекет экинчисине болушуу, жан тартуу менен эки өлкөнүн ортосундагы чырдын дүйнөлүк, жок эле дегенде ири аймактык деңгээлге өсүп кетүү коркунучтары пайда болот. Эл аралык чек ара маселелерин күч, курал менен чечүү өткөн мезгилдерде калып кетти. Биринчи Дүйнөлүк Согуштун башталуусуна 1914-жылы 15- (18) июнда серб улутчулдары тарабынан Австро-Венгр престолунун мураскери, эрцгерцог Франц Фердианддын өлтүрүлүшү себеп болгондугун эстей кетүү артыкчылык кылбас деген ойдобуз.

Кыргызстан менен Тажикстан сыяктуу эки чакан республиканын ортосундагы жаңжалдын кайсыл бир тараптарга жага түшүүсүн да жокко чыгара албас элек. Ири державалардын башка аймактарга карата саясий-экономикалык кызыкчылыктарынын, аларга карата өз таасирлерин күчөтүүгө

болгон кызыкчылыктарынын бардыгын алар өздөрү мойнуна албаса да бул дүйнөлүк коомчулукка ачык-айкын эле болуп калды.

Мурдагы союздук республикалар ортосунда кимдин экономикасы, армиясы күчтүү, кимдики начарыраак деген сыяктуу сөздөр болчу эмес. Союз таркатылгандан кийин айрым “көрөгөч” жетекчилер бизге сырттан эч кандай коркунуч болбойт, демек, армияны кармап туруунун зарылчылыгы да жок дегенге чейин барышты. Танк, аскердик тик учактар баш болгон техникалык куралдар сыртка темир баасында сатылып кетти. Чектеш мамлекеттер менен тең ата деңгээлде сүйлөшүү, алардын жүргүзүп жаткан туура эмес саясаттарын тиш кайтаруу үчүн моюнга алабызбы, албайбызбы экономикабыз, куралдуу күчтөрүбүз алардын деңгээлинде болууга тийиш. Өзбекстан Республикасынын Президенттигине ыймандуу Ш.М.Мирзиёев келип, эки канатташ мамлекеттердин ортосундагы мамилелер жолго түшө баштады. Эки өлкөнүн чек ара тилкелерин биротоло чечүү жана тактоого байланышкан Кемпир-Абад суу сактагычы боюнча чечимдерге түшүнбөстүк менен каршы чыккандар да болбодубу. Эки чектеш жайгашкан мамлекеттердин, анын үстүнө, чек ара аймактарында жашаган жана бири-бири менен байланыш-катышта болуп келген карапайым калк үчүн чек ара тилкелериндеги жана аймактарындагы чыр-чатактын эч кандай кереги жок. Эки мамлекет ортосунда куралдуу кагылышуу чыгып кетсе, биринчи кезекте, ошол чек ара аймактарында жашаган калк жабыр тартат.

Ар бир мамлекет чек ара аймактарында жана тилкелеринде өз кызыкчылыктарын ойлойт жана аны коңшулардын кызыкчылык, керектөөлөрүнөн жогору коёт, бул айныгыс чындык. Демек, мындай учурларда эки тарап тең “алтын ортолукту” табууга жана ага токтолууга умтулууга тийиш, бирок, ошол эле учурда жекече керектөө жана кызыкчылыктар коңшулар тарабынан, алардын экономикасына, чарба жүргүзүүсүнө зыян келтирүү менен канааттандырылбоого тийиш экендигин ар бир тарап тереңдеп түшүнө билүүгө жана кабыл алууга милдеттүү.

КРнын чек ара кызматынын милдеттеринин, жоопкерчиликтеринин жана мыйзамдуу укуктарынын негиздери “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Чек Арасы жөнүндөгү” мыйзамында [5] жана ошондой эле көптөгөн мыйзамдык актылар менен нормативдерде, өкмөттүк токтомдордо баса белгиленип кеткен [44.].

Мамлекеттик чек арага тиешелүү маселелер, чек ара өкүлчүлүгү институту, азыркы түшүнүк менен алганда, эки дүйөлүк согуштардын аралыгында пайда болгон. Советтер Союзунун Чек Ара Комиссарлар комиссиясы жыйырманча жүз жылдыктын 20-жылдарында түзүлгөн жана анын түпкү максаты чек ара маселелери боюнча чектеш жайгашкан мамлекеттер менен болгон пикир келишпөөчүлүктөрдү жөнгө салуу болгон. Аталган комиссия чек ара инциденттеринин пайда болуу себептерин, анын алдын алуунун жолдорун аныктоого, мындай чек ара чыр-чатактарын болтурбоого активдүү кирише баштаган. Чындыгында, ал мезгилдерде Советтер Союзу үчүн кыйын мезгилдер эле жана  ага карабастан ал мурунку чек араларын бүтүндөй сактап калууга, коргоого алууга жетише алган.

КРнын “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Чек Арасы жөнүндөгү” мыйзамынын [5] 1-беренесинин 15-пунктуна ылайык чек ара өкүлчүлүгү, бул – чектеш мамлекеттердин чек ара тилкелерин тактоого, чек ара инциденттеринин келип чыгуу себептерин аныктоого, алардын алын алуунун жолдорун табууга эки тараптан тең тартылган ыйгарым укуктуу өкүлдөр.

И.П.Блищенко, А.М.Ладыженский [79], Б.М.Клименко, А.А.Порк [78], Э.А.Пушмин [106] сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чек ара өкүлчүлүгү институту чек ара инциденттерин жөнгө салууга багытталган макулдашуу процедурасынын өзгөчө формасы катары каралат. Чек ара коопсуздугуна жооп берүүчү жогорку деңгээлдеги жетекчилер жумушунун көптүгүнө байланыштуу чек ара тилкелеринде жарала калып жаткан майда-чүйдө проблемалар менен толугураак тааныш болбой калуусу да мүмкүн. Анын үстүнө, алар чек ара участокторунда дайыма эле боло беришпейт, чек

ара аймактарында жашаган калк менен дайыма байланышып турууга алардын убактылары да, мүмкүнчүлүктөрү да жетиштүү деңгээлде жетише бербейт. Биз сөз кылып жаткан чек ара өкүлчүлүктөрү маселени жеринде карашат, күтүлүүчү же пайда болгон чек ара чыр-чатактары менен жеринде жакындан таанышышат. Чектеш мамлекеттерден түзүлгөн коллегалары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт, макулдашуулардын тексттерин даярдашат жана алардын натыйжалары боюнча тиешелүү жетекчиликтерге ыкчамдыкта толугу менен билдирилет. Чек ара аймактарын жана тилкелерин картага түшүрүү, мурунку кайсыл чек ара тилкелерин кандайча жана кайда жылдыруу, зарылчылыктар пайда болгондо кайсыл жерлерди кандайча алмаштыруу, кайсыл жерлерге чек ара белгилерин коюу маселелерин да ушундай өкүлчүлүктөр алдын ала изилдөөгө алышат жана чечишет. Мындай чек ара өкүлчүлүктөрү деп аталган комиссиялардын курамына чек ара маселелерине тиешеси бар бардык тармактардын өкүлдөрү катышат.

Чек ара маселелерин тактоодо саясий, дипломатиялык, экономикалык, укуктук, аскердик, мал жана дыйкан чарбалык багыттардын бири-бирине дал келбей калуулары толук мүмкүн. Мына ошондуктан чек ара маселелерин чечүүдө ар бир тармактын өз кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн биринчи планга коюп туруп алуулары жарабайт жана мындай олуттуу саясий маселелерде жалпы кызыкчылыктын колдоого алынуусу зарыл.

Мамлекет канчалык өнүккөн сайын анын чек аралары да ошончолук деңгээлде бекем коргоого алына баштайт. Чек ара саясаты Кыргыз Республикасынын жалпы мамлекеттик саясатына айланууга тийиш жана ал өлкөнүн өз алдынча жана эч кимге көз карандысыз өнүгүүгө бет алуусунун негизги факторлорунун бири.

Чек ара саясатынын ырааттуу жана туруктуу жүргүзүлүүсү үчүн, биздин оюбузча, Кыргыз Республикасынын чек ара саясатын ишке ашыруучу ведомстволор аралык комиссиясынын түзүлүүсү жана ага төмөнкүдөй милдеттердин тапшырылуусу зарыл:

- Кыргыз Республикасынын чек ара саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгуу жана аларды турмушка ашыруу боюнча КРнын Коопсуздук Кеңешине сунуш, пикирлерди даярдоо;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу менен байланышкан кырдаалдарга баа берүү, чек ара аймактарында алдыда күтүлүүчү жагымсыз жагдайларды алдын ала байкай билүү жана алардын деңгээлине алдын ала аныктоо;

- чек ара, демек, мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо максатында сырттан коркунучтар күтүлө баштаганда аны өз убагында токтотуп калуу боюнча иш-чаралардын планын тиешелүү аткаруу органдарына сунуштоо;

- чек ара коопсуздугун камсыздоо максатында чектеш мамлекеттердин тиешелүү кызматтары менен иш жүргүзүү;

– чек ара маселелери боюнча чектеш мамлекеттердин тиешелүү кызматтары менен сүйлөшүүлөрдүн жүргүзүлүүсүнүн даярдалуусундагы жана бул жумуштардын аткарылуусундагы бардык иш-чараларга катышуу;

- мамлекеттик чек ара саясатынын проблемалары боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин отурумдарына маалыматтык-аналитикалык материалдарды даярдоо;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларындагы маалыматтарды чогултуу, аларга баа берүү жана иштеп чыгуу;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларындагы коопсуздукту камсыздоо боюнча нормативдик-укуктук актыларды даярдоого катышуу;

– КМШнын мүчө-мамлекеттеринин ортосундагы жалпы чек араларды тактоо жана бекитүү, өз ара кызматташуу боюнча эки тараптуу, көп тараптуу макулдашуулардын аткарылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңеши жана чек ара кызматтары үчүн материалдарды жана сунуш, пикирлерди даярдоо ж.бу.с.

Чектеш мамлекеттер менен өз ара кызматташуу деңгээлинде саясат жүргүзүү үчүн укуктук, илимий-техикалык, социалдык-экономикалык

саясаттын жалпы тиешелүү укуктук базасын түзүү зарыл жана ошондо гана чектеш мамлекеттердин чек ара кызматкерлери бири-биринен каршылаштарды эмес кызматташтарды көрө алат. Алар баары жалпысынан биригип келип аймактык туруктуулукту жана тынчтыкты камсыз кылуу боюнча аракетте болушат.

Ар кандай тармактагы, алардын ичинде чек ара маселелери боюнча илимий изилдөөлөр, сунуш, пикирлердин маани-маңызы алардын турмушка ашырылуу мүмкүнчүлүктөрү менен бааланат. Демек, мамлекеттик чек аралар, алардын кол тийбестиги жана коргоого алынуусу боюнча теориялык көз караштардын аткарылуу милдеттери чоң мааниге ээ. Биз төмөндө чек арага тиешелүү теориялардын турмушка ашырылуусунун милдеттеринин блокторун айырмалап көрсөтөбүз:

– *Укукуктук-юридикалык жактан камсыз болуу чөйрөсү* - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларындагы коопсуздукту камсыздоого милдеттүү аткаруу органдарынын иш-аракеттерин тартипке салуучу укуктук-нормативдик актылардын так иштелип чыгышы жана алардын аткарылуу жолдорунун белгилениши;

– *Социалдык-саясий жактан камсыз болуу чөйрөсү* - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматтарындагы, аскердик-чек арачы күчтөрүндөгү методологиялык проблемаларды илимий-теориялык жана практикалык жактан негиздөө, чек ара кызматкерлерин саясий-аскердик жактан даярдоону күчөтүү, алардын күндөлүк жашоо-турмуш шарттарын жакшыртуу;

— *чек ара кызматкерлеринин кызматтык-аскердик, күжүрмөндүк деңгээлин көтөрүү* - ”чептен эрдин күчү бек” деп айтылып келе жаткандай чек ара аскерлеринин патриоттук духун көтөрүү, алардын чек араны коргоого алуу менен мамлекетинин, калкынын коопсуздугун сактап турушкандыгын терең аңдап түшүнүүсү жана кабыл алуусу, чек ара аскерлеринин сандык көрсөткүчтөрүнө гана эмес сапаттык деңгээлдерине да өзгөчө көңүл буруу (бул Баткен чырларындагы “Бөрү” сыяктуу атайын

аскердик жактан даярдыктан өткөн аскерлерибиздин эрдиктеринен даана көрүндү) ;

- *чек ара аскерлеринин аскердик-техникалык жактан камсыз болуусунун мааниси* – кооптуу деп эсептелинген чек ара аймактарында кызмат кылган жоокерлерди (чек арачыларды) заманбап аскердик-техникалык куралдар менен жабдуу, алардын зарыл учурларда бул куралдарды натыйжалуулук менен колдоно билүүсүнө жетишүүсү үчүн алардын системалык түрдө аскердик жактан даярдыктан өтүп туруусу (Баткен чек араларында кагылышуулардан кийин четтен курал-жарактар активдүү сатып алына баштады).

Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттер менен болгон түрдүү байланыштарынын көбөйүүсү менен чек ара өткөрмө пункттарынын кызматы да оорлошту деп айта алабыз. Чек аралардан дайыма эле мыйзам чегиндеги жарандардын жана товарлардын өтө бербестиги белгилүү жана мына ошондуктан чек ара жана бажы кызматкерлерине болгон жоопкерчиликтер да күчөөдө. Албетте, бул чек ара өткөрмө пункттарындагы абал, андагы кызматкерлерге түзүлгөн шарттар канааттандырарлык болуп келген деп айта албайбыз. Казакстан менен Кыргызстандын, Өзбекстан менен Кыргызстандын чек ара өткөрмө пункттарын салыштырган сүрөттөр, видео көрүнүштөр байма-бай көрсөтүлүп келет жана кийинки учурларда гана бул негатвдик көрүнүштөгө көңүл бурула баштады.

Мамлекеттик чек ара өткөрмө пункттарынан, биринчи кезекте, баңгизаттарынын, мыйзамсыз курал-жарактардын, экстремисттик же террордук топтордун же алардын мүчөлөрүнүн, контрабандалык же калкка зыяндуу товарлардын өткөрбөөдө Кыргыз Республикасынын чек ара, бажы, миграция, күч структураларынын кызматкерлери биргелешип кызмат кылат. Бул кызматтардын ортосунда бири-биринин жумушуна аралашуунун, андан да жаманы, жолтоолук кылуунун, атаандаштыктын болбоосу башкы маселе, атаандаштык кайсыл багыттагы кызматкерлер жумушун жана милдеттерин так аткарып жатат деген өңүттө гана болууга тийиш. Чек ара маселелерине

тиешелүү мыйзамдарда, нормативдик-укуктук актыларда биз атап өткөн кызматтардын жоопкерчиликтери, милдеттери жана мыйзамдык укуктары боюнча бири-бирине карама-каршы, эки ача келген эрежелер менен жоболордун, ошондой эле, бири-бирин кайталаган, бири-бирине жолтоолук жараткан кызматтардын болбоосу зарыл. Чек арага тиешелүү мыйзамдардын, укуктук актылардын башка тармактарга салыштырмалуу так, даана жана бул кызматтын кызматкерлерине гана эмес ар бир жаранга түшүнүктүү деңгээлде болуусу шарт.

Чек ара өткөрмө пункттарындагы көзөмөлдүк жүргүзүү органдарынын кызматтык милдети чек ара, бажы, миграция, ветеринария, фитосанитария, санитардык-карантиндик кызматтардын кызматкерлеринин аткара турган жумуштарын, милдеттерин, жоопкерчиликтерин жана мыйзамдуу укуктарын туура жана так координациялоодон турат.

Бүгүнкү күндө чек ара өткөрмө пункттары мамлекеттик чек аралардан жарандарды, транспорт каражаттарын, жүктөрдү жана товарларды ары-бери өткөрүүдө алардын өзгөчө белгилерине жараша түрдүү нормативдик актыларды жетекчиликке алат. Бул дегенибиз, адамдар ар кандай максаттар менен чет элге чыгышат, чек арадан өткөрүлүүчү товарлардын түрү да миң-сан.

Унификацияланган нормативдик документтер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларында бирдиктүү системанын калыптануусуна негиз болот жана мамлекеттик чек ара өткөрмө пункттарындагы көзөмөлгө алуунун түрлөрүн, милдеттерин жана мыйзамдуу укуктарын тартипке салат.

Түрдүү максаттарга, милдеттерге жана себептерге байланыштуу республиканын чек арасын коргоого алууга, албетте, Кыргыз Республикасынын Чек Ара кызматынын, андан тышкары, республиканын Ички Иштер министрлигинин, Коргоо министрлигинин, Тышкы Иштер министрлигинин, Мамлекеттик Бажы кызматынын, Өзгөчө Кырдаалдар министрлигинин, Саламаттыкты Сактоо министрлигинин, Айыл Чарба

министрлигинин жана башка министрликтер, агенттиктер жана ведомстволордун тиешелүү кызматкерлери катышат. Ошентсе да, тилекке каршы, айрым учурларда ведомстволук амбициялардын айынан чек ара өткөрмө пункттарында талаш-тартыштардын, “силер киришпегиле, биз чечебиз” деген сыяктуу учурлардын кездеше калган мезгилдери да жок эмес жана мындан жалпы мамлекеттик кызыкчылыктар гана запкы жейт. Демек, кандай гана министрликтин, агентчиликтин, ведомствонун өкүлү болбосун чек ара маселелеринде жалпы кызыкчылыкты көздөөгө милдеттүү, башка бир маселелерде кемчилик кетсе аны көп узатпай четтетүүгө толук мүмкүн, ал эми чек араны коргоого алууда кемчилик кеткенден бир канча минутадан кийин да аны оңдоого мүмкүнчүлүк болбой калат. Жогоруда аталып өткөн жагдайларга байланыштуу КРнын “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Чек Арасы жөнүндөгү”, “Улуттук коопсуздук жөнүндөгү” мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын чек арасын коргоого алууда бирдиктүү координатор болууга тийиш.

Чектеш жайгашкан мамлекеттердин чек арачыларынын гана эмес бири-биринен окчун орун алган мамлекеттердин да чек ара кызматкерлеринин ортолорунда тыгыз байланыш, кызматташтык болууга тийиш. Мында саясий, экономикалык, социалдык жана укуктук аспектилер боюнча Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын сактоого байланышкан мамлекеттер, ведомстволор аралык сүйлөшүүлөрдүн жүргүзүлүп туруусу, макулдашуулардын түзүлүүсү зарыл. Мисалы, бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы тарабынан 1999-жылы Россия Федерациясы менен [25], ошол эле жылы Казакстан Республикасы [36] менен түзүлгөн макулдашуулар иштеп турат. Булардан сырткары, 1992-жылы КМШнын мүчө-мамлекеттери менен биргеликте мамлекеттик чек араларда туруктуулукту жана тынчтыкты камсыз кылып туруу боюнча кызматташууга макулдашууларга [27] кол коюлган, ушул эле жылы бул КМШга мүчө-мамлекеттердин визаларын бирдиктүү таануу боюнча да макулдашууларга жетишилген [28]. 1993-жылы аталган Шериктештикке кирбеген өлкөлөр менен да мамлекеттик чек

араларды коргоого алуу жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Концепция иштелип чыккан жана макулдашууларга, чек араларга тиешелүү бир топ маанилүү документтерге  кол коюлган [30].

Чек ара маселелерин тынчтык жолдор менен чечүү зарыл деп дембе-дем айтылып келет. А бирок, куралдуу кол салып, чек ара аймактарындагы айылдарды талкалап, өрттөп, бүлгүнгө учуратып, андан кийин жеңилип качкандан кийин эми талаштуу маселелерди тынчтык жолу менен сүйлөшүүлөр аркылуу чечейли деп сунуш кылышса кандай кадамдарга баруу керек?! Мындай оор кылмышка баруулар биз буга чейин атап өткөн эл аралык уюмдар, дүйнөлүк коомчулук тарабынан талдоого жана айыптоого алынып, куралдуу агрессияга барган тарап айыпка жыгылууга, келтирилген чыгымдарды төлөп берүүгө тийиш. Материалдык чыгымдар төлөнгөнү менен курман болгон адам өмүрлөрү кандайча төлөнмөк эле?! Чек ара аймактарында тынчтык болсо, чектеш мамлекеттердин чек ара кызматтары дайыма кызматташуу менен иш алып барышса, мындай тынчтык жана кызматташтыктар, саясий, соода-экономикалык, маданий жана башка байланыштар ал жерлерде жашаган эки өлкөнүн калкынын жашоо-тиричилигине, соода жүргүзүүсүнө оң таасирлерин гана тийгизет, мындай байланыш-катыштар эки тараптуу пайдалуу экендиги айдан ачык.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын коргоого алуудадагы орчундуу маселелер, ал тургай, чек ара проблемаларынан окчун турган жана жер, суу, тоолорду, токойлорду өз ичине камтыган республиканын Жер Кодекси сыяктуу нормативдик-укуктук документтерде да өз ордун табууга тийиш деген ойдобуз. Мамлекет жана калк үчүн пайдасыз жер деген түшүнүк болбойт жана ар бир метр жер ата-бабалардан калган мурас катары кымбат.

Чек ара тилкелериндеги жана аймактарындагы тынчтыкты камсыз кылууда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, ал аймактардагы ишкана, мекемелер менен коомдук уюмдардын, жалпы эле жергиликтүү калктын ордун жана ролун көтөрүү зарыл. Чек ара зоналарында кандайдыр

кооптуулук жарала баштаганда элдик кошуундарды түзүү, алардын күндөп-түндөп нөөмөтчүлүгүн уюштуруу (ар кимге өз жери өтө кымбат) көп деле татаалчылыктарды жаратпайт. Чек ара кызматтарына жергиликтүү уландардан жана жигиттерден тартуунун зарылдыгы тууралуу дагы да кайталай кеткибиз келет, себеби, чек ара аймактарындагы күтүлүүчү коркунучтардын себептерин жергиликтүү калктан артык эч ким даана биле албайт. Алар чектеш өлкөгө соода-сатык же башка бир жумуштары менен чыгуу аркылуу ал чек ара аймактарындагы абал менен жакшы тааныш болот жана мында чалгындоо, контрчалгындоо жумуштарынын да анчалык зарылчылыгы болбой калат, экинчиден, жергиликтүүлөр өз жеринин тургундарын жакшы таанышат жана күмөндүү адамдар пайда боло кала баштаганын даана байкашат. Демек, күч, коопсуздукту сактоо органдарынын кызматкерлеринин жергиликтүү калк менен иштешүүсү, алар менен дайыма тыгыз карым-катышта болуусу зарыл.

Кыргыз Республикасынын учурдагы жана келечектеги милдети - бир тарабынан чек ара аймактарындагы мамлекеттин, жергиликтүү калктын коопсуздугун камсыздоо, экинчи тараптан, биринчи кезекте, чектеш өлкөлөрдүн чек ара кызматтары менен болгон кызматташуу жана ал аркылуу эки мамлекеттин тең чек ара коопсуздугун, чек ара зоналарындагы калктын тынчтыгын сактап туруу жана бул аркылуу мамлекеттик жогорку маанидеги кызматты аткаруу. Мына ошондуктан чек ара коопсуздугун сактоо, бул - жалпы мамлекеттин тынчтыгын сактоо деп улам кайталап жатабыз. Негизи атайын аскердик даярдыктардан өткөн жергиликтүү жигиттерден турган ыктыярдуу элдик кошуундарды түзүү жана келечегинде аларды чек ара полициясына айландыруу максатка ылайыктуу деп ойлойбуз. Жок эле дегенде бул багытта эксперименталдык жумуштарды жүргүзүүнү тиешелүү кызматтарга сунуш кылар элек.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын коргоого алуунун механизмдерин өркүндөтүү өлкөнүн чек ара саясатынын башкы багыттарынын бири болууга тийиш. Терең алып

караганда, чек ара маселесинде бул биринчи деңгээлдеги, бул кийинки деңгээлдеги же экинчи даражадагы проблема дегендин болбоосу зарыл. Мамлекеттик чек арадан бир эле диверсанттын же террористтин байкоосуз өтүп кетүүсү чоң көйгөйлөрдү жаратуусу толук мүмкүн. Ошондуктан мамлекеттик чек ара маселелеринде эртеңкиге калтыруучу экинчи даражалуу проблема деген түшүнүк болбоого тийиш жана ар кандай маселенин өз ордунда жана өз убагында чечилүүсү зарыл. Дагы эле ошол Кемпир-Абад маселесинде буга жооп берүүчү жетекчилер ойлонойлу, шашылбайлы деп отура турган мезгил эмес, мүмкүнчүлүк түзүлүп, эки республиканын ортосунда жылуу мамиле болуп жатканда тездик менен Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы талаштуу жерлерди жана чек ара тилкелерин чечип алалы деп күйүп-бышып жатышты.

Чек ара проблемаларында, албетте, өлкөнүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарынын да болору шексиз. Бирок, биздики гана туура, бизге гана керек деп туруп алуу жарайбы. Тоолорубуздан төмөн карай дарыяларыбыз чектеш республикалар Кытай Элдик Республикасына, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан республикаларына кирип кетип жатат жана айрым чыр чыгарууну каалагандар сууну башка өлкөлөргө бербейбиз, сатабыз деген сыяктуу мааниси жок кептерди айтып жатышат. Эл аралык талап боюнча ири дарыялардын нугун буруп кетүүгө жол берилбейт, суу кайсыл жакка агып келген болсо дагы да ага берет, аны кайра жогору карай эч ким, эч качан агыза албайт.

Чектеш жайгашкан республикалар менен тынчтыкта, кызматташтыкта жана чек аралар коопсуздугунда болуунун төмөнкүдөй блокторун сунуш кылар элек:

- мурдагы борбордук-азиялык республикалар менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын эл аралык-укуктук жактан такталышы жана биротоло бекитилиши;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларынын, чек ара өткөрмө пункттарынын режимдеринин өркүндөтүлүүсү;

- чек ара аймактарын коргоого алууга жергиликтүү жаштардын тартылуусу жана алардык атайын аскердик даярдыктардан өткөрүү;

- Чектеш жайгашкан республикалар менен биргеликте чек ара аймактарында биргелешкен ишканаларды ачуу жана мунун менен коңушулаш калктардын кызматташтыгын жана жылуу мамилелерин бекемдөө ж.б.

Аларды чечүүнүн негизи болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын илимий жактан негизделген, терең ойлонулган укуктук режимин түзүү саналат.

**3 бап боюнча корутундулар**

Кыргыз Республикасынынма мамлекеттик чек араларын коргоого алуу системасы, бул – мамлекеттик институттардын, коомдук бирикмелердин, жалпы жарандардын мыйзамдык негиздеги биргелешкен аракеттеринин жыйындысы жана алардын баары биригип келип мамлекеттик чек араларды коргоого алууну бекемдөөгө, чек ара саясатын жакшыртууга жана аны ишке ашырууга, чек ара коопсуздугунун стратегияларын жана тактикаларын иштеп чыгууга багытталат.

Биз Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын чек араны коргоого алуунун таза аскердик мүнөзүнөн аскердик эмес, дипломатиялык ыкмалардын рационалдуу айкалышуусуна өткөн жана республиканын жалпы кызыкчылыктарын коргоого алган көп функционалдуу мамлекеттик структура экендиги тууралуу пикирди объективдүү чындык деп эсептейбиз.

Мамлекеттик чек ара кызматы буга байланыштуу кызматтардын жоопкерчиилктерин, милдеттерин жана мыйзамдуу укуктарын координациялоо менен бирге анын өз алдынча ведомство экендигине терең маани берүү зарыл. Ар кандай күтүлбөгөн жагдайларда чек ара кызматынын түрдүү министрликтер менен кеңешме өткөрүүгө, алар менен макулдашуу жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү жана убактысы жетишпей да калып, аларга өз алдынча аракеттерге жана кадамдарга барууга туура келип да калат. Жогорку

бийлик органдарынан көрсөтмөлөрдү жана буйруктарды күтүп отурганча орду толтурулгус жоготуулардын болуп кетүүсү да мүмкүн. Албетте, мындай күтүлбөгөн жагдайлар тууралуу тиешелүү кызматтарга дароо билдирилет, бирок мында учурларда кандайча аракеттерге келүүнүн зарылдыгы жеринде даанараак көрүүп турат. Демек, биз Кыргыз Республикасынын чек ара кызматын республиканын чек араларын коргоого алуу боюнча Мамлекеттик комитет катары кайра түзүүнү сунуш кылар элек.

# КОРУТУНДУ
## (ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР)

Жыйналган материалдарды жана аларды анализге алууну жыйынтыктоо менен мамлекеттик чек ара институтунун конституциялык-укуктук таанып-билүүнүн татаал объектиси экендигине биротоло көзүбүз жетти. Себеби ал мамлекеттик бийлик органдары аркылуу чек араларды коргоого алууга, аларды бекемдөөгө, чек ара аймактарындагы ар кандай чыр-чатактардын алдын алууга тиешелүү кызматтардын бардык иш-аракеттерин интеграциялап турат.

Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын юридикалык илимдеринде алгачкы жолу укуктук институт – мамлекеттик чек араларга, алардын коопсуздугун камсыз кылууга тиешелүү конституциялык укуктуктарды тартипке салуу комплекстүү түрдө каралып чыкты. Чек ара кызматтарына мамлекеттик чек ара саясатынын конституциялык-укуктуктук табиятын ачуучу теориялык жоболордун комплекси сунуш кылынды.

Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары мамлекеттик чек араларды коргоого алууда төмөнкүдөй милдеттердин жана жоопкерчиликтердин бар экендигине күбө болуп турат:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларында күтүлүүчү коркунучтар тууралуу маалыматтарды жыйноо жана аларды иштеп чыгуу;
- мамлекеттик чек араларды коргоого алуу, бул – мамлекеттин, айрыкча, чек ара аймактарында жашаган жергиликтүү калктын коопсуздугун жана тынчтыгын, алардын жалпы кызыкчылыктарын камсыз кылуу;
- чек араларда, айрыкча, чек ара өткөрмө пункттарында чек ара режимдерин, укуктук тартиптерди так сактоо;
- мамлекеттик чек араларды коргоого алуу маселелеринде чектеш мамлекеттердин тиешелүү кызматтары, эл аралык уюмдар менен тыгыз кызматташуу;

- чек араларды бекемдөөгө жана коргоого алууга жергиликтүү калкты көбүрөөк тартуу;

- чек аймактарында жашаган калктын социалдык-экономикалык абалына, жашоо-шарттарына мамлекеттик деңгээлде кам көрүүнүн зарылдыгы ж.б.

Мамлекеттик чек ара коопсуздугун коргоого алуунун бардык деңгээлдеги курамын, структураларын, системалар функцияларын өркүндөтүү боюнча бардык чараларды иштиктүү жүргүзүүнүн мааниси абдан чоң. Демек, чек арага тиешелүү айрым бир маселенин чечилиши менен жеңилдеп калуу жарабайт, чек араны коргоого алуу жумуштары күнү-түнү, кышын-жайын эч тынымсыз иш-аракеттерди талап кылуучу милдет болуп эсептелет.

Азыркы ааламдашуу мезгилинде башка бардык эле мамлекеттер сыяктуу Кыргыз Республикасы улуттук коопсуздуктун түрдүү коркунучтарына туш келүүдө. Сыртан келген коркунучтардын сырткары өзүбүздөн эле чыккан эл бузарлар байма-бай чыга калууда. Жыл санап дүйнө калкынын саны тынымсыз өсүү үстүндө, бул көрүнүш республика жайгашкан Борбордук Азия аймактарында ачык байкалууда, демек, калктын ичүүчү жана суугат сууларына, жер аянттарына, газга, күйүүчү-майлоочу майларга, кен байлыктарына болгон керектөөлөрү да улам жогорулоодо. Натыйжада, өлкөнүн айрым чек ара аймактарындагы аскердик-саясий жана оперативдик жагдайлар чыңалган боюнча турууда. Бул проблемалардын бардыгы биригип келип мамлекеттик чек араларды бекем коргоого алуу милдеттерин күчөтүүдө.

Кыргыз Республикасынын чек ара аймактарындагы кооптуулуктардын спектрлеринин кеңейиши өлкөнүн чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-укуктук негиздерин, биз тандап алган диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жана корутундуларынын, практикалык рекомендациялардын илимий жактан иштеп чыгуу проблематикасын жана

ошондой эле алардын механизмдери менен функциясынын оптималдаштырылуусун улам көбүрөөк актуалдаштырууда.

Жыйналган илимий-практикалык материалдар, аларга талдоо жүргүзүүнүн натыйжалары бизге бир топ маанилүү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк түздү. Мисалы, мамлекеттик чек ара институтунун нормативдик трактовкасы жана чек аралардын бекемдигинин камсыздалдуусу Кыргыз Республикасынын толук көз карандысыздыгынын, мамлекеттин бардык жарандарынын тынчтыкта жашоосунун, эмгектенүүсүнүн, дем алуусунун, билим алуусунун жана башка бардык турмуштук зарылчылыктарынын камсыз болуусунун кепилдигинин сактап турат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы өлкөнүн ажыратып алгыс атрибуту катары мамлекеттин жалпы аймагынын укуктук статусун жана бул мейкиндиктерде республиканын толук түрдө жашап туруусун, бийлик жүргүзүүсүн, башка мамлекеттер менен тең аталык деңгээлде кызматташуусун, байланыш-катыш жүргүзүүсүн чагылдырып турат. Чек арасы бекем коргоого алынган мамлекет укуктук-юридикалык, саясий-экономикалык, аскердик-куралдык ж.б. жактардан да күчтүү болорун тарых тастыктап турат, мындай өлкөгө эч бир пейли бузуку мамлекет даап кол сала албас эле.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек аралары өлкөнүн улуттук-мамлекеттик жалпы кызыкчылыктарынын чеги катары кызмат кылат жана мына ушул себептүү да чек араны көздүн карегиндей сактоо мамлекеттин башкы милдети деп дүйнөлүк коомчулукта айныгыс чындык катары айтылып келет. Ушул себептүү да мамлекеттик чек араларды биротоло тактап алуу, аларды сактоо жана коргоого алуу боюнча эч кандай материалдык чыгымдарды аянбоо зарыл.

Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук негиздери нормативдик актылардын типтери боюнча мүнөздөлгөн татаал, көп деңгээлдүү курамга жана структурага, укуктук тартипке салуунун

багыттарына ээ болууга тийиш. Алардын жалпы жыйындысынын төмөнкүдөй компоненттерин белгилейбиз:

а) эл аралык нормалар жана мамлекеттер аралык келишимдик-укуктук актылар;

б) конституциялык нормалар жана мыйзамдык-укуктук актылар;

в) ведомстволук жана ведомстволор аралык нормативдик актылар.

Азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын чек ара маселелериндеги башкы милдеттери булар деп эсептейбиз:

- кыргыз элинин көп кылымдык тарыхый калыптанган аймактык чектеринин кол тийбестигин сактап туруу;

- өлкөнүн көз карандысыздыгын жана аймактык бүтүндүгүн сактоо, мамлекеттин, жалпы калктын (айрыкча, чек ара аймактарында күн кечиргендердин) жалпы кызыкчылыктары менен керектөөлөрүн коргоого алуу;

- Кыргыз Республикасынын чек араларынын, аларды коргоого алууда кызмат кылгандардын укуктук статустарын өркүндөтүү;

- мамлекеттик чек араларды коргоого алуунун заманбап аскердик куралдар жана атайын даярдыктардан өткөн аскер кызматкерлери менен камсыздалуусу;

- чек араларды коргоого алуунун материалдык-финансылык жактан толугу менен жабдылуусу ж.б.у.с.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режими, бул – республиканын жогорку мамлекеттик бийлик, күч органдары, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган жана калыптанган укуктук тартиптер. Бул жоболор, милдеттенмелер, жоопкерчиликтер жана мыйзамдык негиздеги укуктар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларындагы саясий, экономикалык, социалдык, руханий-маданий, аскердик кызыкчылыктар менен керектөөлөрдүн түрдүү деңгээлдеги бири-бири менен тыгыз байланышкан, бири-бирине көз каранды болгон татаал комплексти тартипке салуучу жана

бириктирүүчү бүткүл нормалар менен милдеттерди өз ичине камтыган укуктук институттун негизинде түзүлөт, калыптанат, андан ары өнүгүүгө ээ болот.

КРнын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү", "Сырткы миграция жөнүндөгү" мыйзамдары, "Чек ара ыйгарым укуктуулары жөнүндө" жобо мамлекеттик чек араларды коргоого алуу боюнча так милдеттерди жана жоопкерчиликтерди аныктап турат. Бирок, башкы маселе - ал мыйзамдарда көрсөтүлгөн милдеттердин жана жоопкерчиликтердин аткарылуусунда, чек ара кызматкерлерине тиешелүү болгон мыйзамдык укуктардын сакталуусунда.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасында туруктуу кырдаалды камсыз кылуу, коңшу мамлекеттер менен жакшы коңшулук мамилелерди сактоо жана өнүктүрүү максатында Кыргызстан алар менен биргелешкен чек аранын укуктук режими боюнча эки тараптуу келишимдерди иштеп чыгуу жана түзүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын укуктук режимин жана мамлекеттик чек арада өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары мындан ары өркүндөтүүнү талап кылат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Мамлекеттик чек арада Кыргыз Республикасынын турмуштук таламдарын коргоону ишенимдүүрөөк камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Чек ара кодекси иштеп чыгуу жана кабыл алуу аркылуу чек араны жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды системалаштыруу зарыл деп эсептейбиз, ошо мм披 менен бирге чек ара мамилелерин мыйзам алдындагы укуктук актылар менен жөнгө салууну алып салуу зарыл.

Ошол эле учурда өлкөдө “Кыргыз Республикасынын чек ара саясатынын негиздери” жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын коргоо жана коопсуздук концепциясы” сыяктуу саясий-укуктук документтерди тез арада иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы келип чыгууда.

Кыргыз Республикасынынма мамлекеттик чек араларын коргоого алуу системасы, бул – мамлекеттик институттардын, коомдук бирикмелердин, жалпы жарандардын мыйзамдык негиздеги биргелешкен аракеттеринин жыйындысы жана алардын баары биригип келип мамлекеттик чек араларды коргоого алууну бекемдөөгө, чек ара саясатын жакшыртууга жана аны ишке ашырууга, чек ара коопсуздугунун стратегияларын жана тактикаларын иштеп чыгууга багытталат.

Биз Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын чек араны коргоого алуунун таза аскердик мүнөзүнөн аскердик эмес, дипломатиялык ыкмалардын рационалдуу айкалышуусуна өткөн жана республиканын жалпы кызыкчылыктарын коргоого алган көп функционалдуу мамлекеттик структура экендиги тууралуу пикирди объективдүү чындык деп эсептейбиз.

Мамлекеттик чек ара кызматы буга байланыштуу кызматтардын жоопкерчиилктерин, милдеттерин жана мыйзамдуу укуктарын координациялоо менен бирге анын өз алдынча ведомство экендигине терең маани берүү зарыл. Ар кандай күтүлбөгөн жагдайларда чек ара кызматынын түрдүү министрликтер менен кеңешме өткөрүүгө, алар менен макулдашуу жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү жана убактысы жетишпей да калып, аларга өз алдынча аракеттерге жана кадамдарга барууга туура келип да калат. Жогорку бийлик органдарынан көрсөтмөлөрдү жана буйруктарды күтүп отурганча орду толтурулгус жоготуулардын болуп кетүүсү да мүмкүн. Албетте, мындай күтүлбөгөн жагдайлар тууралуу тиешелүү кызматтарга дароо билдирилет, бирок мында учурларда кандайча аракеттерге келүүнүн зарылдыгы жеринде даанараак көрүүп турат. Демек, биз Кыргыз

Республикасынын чек ара кызматын республиканын чек араларын коргоого алуу боюнча Мамлекеттик комитет катары кайра түзүүнү сунуш кылар элек.

## Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:

### 1. Ченемдик актылар:


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде референдум (жалпы элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган. 2021-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен күчүнө кирген / Эркин-Тоо, № 41 (3220), 5-май, 2021-ж.
2. Кыргыз Республикасынын Аба кодекси, 2015-жылдын 6-августу, №218
3. Кыргыз Республикасынын Суу кодекси, 2005-жыл, №8
4. Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодекси, 2021-жылдын 28-октябры, №127
5. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2015-жылдын 16-майы, №98 «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик чек ара жөнүндө» / Эркин-Тоо, № 46-47 (2517-2518), 22-май, 2015-ж.
6. СССРдин Мыйзамы, 1982-жылдын 24-ноябры «СССРдин мамлекеттик чек арасы жөнүндө» / «Ведомости ВС СССР», 1982, №48, 891-бер.
7. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2015-жылдын 3-марты, №45 «Чек аралык укук органдары жөнүндө» // Эркин-Тоо, № 17-18, 6-март, 2015-ж.
8. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Аскер кызматкерлеринин статусу жөнүндө», 1992-жыл, №930 // Свободные горы, 01.07.1992
9. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1999-жылдын 19-марты, №28 «Кыргыз Республикасындагы чек ара кызматы жөнүндө» // Эркин-Тоо, №23, 26-март, 1999-ж.
10. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Улуттук коопсуздук жөнүндө», 2003-жылдын 26-февралы, №44 / Эркин-Тоо, №44, 4-март, 2003-ж.
11. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2009-жылдын 24-июлу, №242 «Кыргыз Республикасындагы коргоо жана Куралдуу күчтөр жөнүндө» // Эркин-Тоо, №67, 4-август, 2009-ж.
12. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2001-жылдын 23-июлу, №76 «Кыргыз Республикасындагы суу объектилерин, суу ресурстарын жана

суу чарбалык курулуштарды орток пайдалануу жөнүндө» // Эркин-Тоо, №55, 1-август, 2001-ж.
13. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2019-жыл, 24-апрел, №52 «Бажылык жөнгө салуу жөнүндө» // Эркин-Тоо, №34-35, 30.04.2019-ж.
14. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1993-жылдын 14-декабры, №1296-XII «Чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасындагы юукуктук абалы жөнүндө» // Свободные горы, №6, 18.02.1993-ж.
15. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2000-жылдын 17-июлу, №61 «Чыгыш миграциясы жөнүндө» // Эркин-Тоо, №61, 28.07.2000-ж.
16. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2015-жылдын 12-январи, №02 «Өсүмдүктөрдү карантинге алуу жөнүндө» // Эркин-Тоо, №5, 23.01.2015-ж.
17. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2024-жылдын 12-январы № 10 «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» // Эркин-Тоо, № 4 (3557, 16.01.2024-ж.
18. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2014-жылдын 30-декабры, №175 «Ветеринария жөнүндө» // Эркин-Тоо, №2, 13.01.2015-ж.
19. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2004-жылдын 22-майы, №67 «Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө» // Эркин-Тоо, №41, 01.06.2004-ж.
20. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2011-жылдын 26-июлу, №145 «Кыргыз Республикасындагы айрым чек аралаш аймактарга өзгөчө статус берүү жана алардын өнүгүүсү жөнүндө» // Эркин-Тоо, №66, 10.08.2011-ж.
21. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2017-жылдын 17-июну, №107 «Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңеши жөнүндө» // Эркин-Тоо, №74 (2799), 20.06.2017-ж.
22. 1969-жылдагы Венадагы эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө конвенциясы, 2-бап, 62-статья.
23. 1970-жылдын 24-октябрында кабыл алынган Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык, мамлекеттер ортосунда достук мамилелер

жана кызматташуу принциптерине байланыштуу эл аралык укук декларациясы.
24. 1999-жылдагы Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасындагы кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасы боюнча кошумча келишим.
25. Кыргыз Республикасынын 1999-жылдагы Россия Федерациясы менен чек ара кызматташтыгы жөнүндө келишими
26. 1999-жылдагы Казакстан Республикасынын менен чек ара кызматташтыгы жөнүндө келишими
27. 1992-жылдагы КМШ өлкөлөрүнүн мамлекеттик чек арасындагы туруктуу абалды камсыздоо боюнча кызматташтык келишими
28. 1992-жылдагы КМШ мамлекеттеринин визаларын өз ара таануусу жөнүндө келишим
29. 2001-жылдын 15-декабрында Казакстан Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чек ара өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө келишими / Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17399/10?mode=tekst
30. 1993-жылдагы КМШ өлкөлөрүнүн чек араларды коргоо боюнча кызматташтыгы жана КМШга кирбеген мамлекеттер менен кызматташтык жөнүндө концепция жана келишим
31. Кыргыз Республикасынын Президентинин 1999-жылдын 28-майындагы УП-№131 Жарлыгы «Кыргыз Республикасында чек ара кызматынын түзүлүшү жөнүндө»
32. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-мартынын УП № 37 Жарлыгы «Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын концепциясы жөнүндө»
33. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 9-июнундагы №120 Жарлыгы «Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясы жөнүндө» / Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61367/10?mode=tekst

34. 2021-жылдын 26-ноябрындагы №4 Жарлык «Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясы жөнүндө»
35. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 28-августындагы №638 Токтому «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик чек арадан өтүүчү пункттардын иштешин уюштуруу боюнча чаралар жөнүндө» / Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/55788/10?mode=tekst
36. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 14-сентябрындагы №484 Токтому / Эркин-Тоо, 81 (3153[i]), 29-сентябрь, 2020-ж.
37. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-мартындагы №183 Токтому «Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек араны башкаруунун комплекстүү системасын түзүү жана киргизүү боюнча улуттук стратегия»
38. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 19-январындагы №8 Токтому «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитетинин Чек ара кызматы жөнүндө»
39. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 2-декабрындагы №520 Токтому «Кыргыз Республикасына киргизилген продукциянын контролу жөнүндө эрежелерди бекитүү»
40. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 7-октябрындагы №739 жана 2021-жылдын 19-январындагы №8 Токтомдору «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан өтүүчү пункттар жөнүндө эрежелерди бекитүү»
41. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 4-апрелиндеги №172 Токтому «Кыргыз Республикасында чек аралык режим жана чек ара тилкесинин эрежелери жөнүндө»
42. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-мартындагы №106 Токтому «Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек араны коргоого жарандарды тартуунун тартиби жөнүндө»

43. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-декабрындагы №814 Токтому «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын маселелери жөнүндө»
44. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 5-мартындагы №133 Токтому «Кыргыз Республикасында чек ара өкүлдөрүнүн эрежелерин бекитүү» / «КР Өкмөтүнүн ченемдик актылары» (Эркин Тоо газетасындагы тиркеме) 2004-жылдын 15-апрели, №13-14
45. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-октябрындагы №567 Токтому «Мамлекеттик чек араны коргоо тармагындагы укук органдардын чек ара өкүлдөрүнүн эрежелерин бекитүү» / Эркин-Тоо, 31-октябрь, 2023-ж. №87 (3536)

## 2. Илимий адабияттар:

46. Административное право. Общая и особенная часть: курс лекций / С.С. Бородин, С.С. Громыко / http://studlib.com/content/view/1264/22
47. Алымкулов М.С., Токторалы уулу А. Роль органов внутренних дел в обеспечении национальной безопасности Кыргызской Республики. -Б.: 2021.-262 с.
48. Арабаев А.А. Конституционное право Кыргызской Республики. -Б.,2005.
49. Архипов А.И. Деятельность органов государственной власти по определению статуса и институционализации государственной границы. Автореф.. дисс.. к.п.н. Минск, 2020 г.
50. Бабурин С.Н. Современные проблемы Российской государственности: территория и гражданство И Государство и право. 1996. №11. С. 3-9.
51. Бабурин С.Н. Территория государства: правовые и геополитические проблемы. М.: МГУ, 1997.
52. Барчук В. Б. Безопасность личности в системе национальной безопасности // Проблемы обеспечения национальной безопасности в современных условиях. Материалы Международной научно-практической

конференции. Минск. 28-29 июня 2001 г. В 2 т. ИНБ Республики Беларусь. 2001. Т. 1. С. 238
53. Барсегов Ю.Г. Территория в международном праве. М.: Госюриздат, 1958.
54. Барыбин М.А. Охрана государственной границы и исключительной экономической зоны войсками пограничного округа. М.: АПВ РФ, 1994
55. Барышев Ф.И. Теория охраны государственной границы как самостоятельная отрасль знаний // Научно-информационный сборник ФПС РФ / Под общ.ред. К.В. Тоцкого. М.: Граница, 2000. № 32. С. 274-283.
56. Барциц И.Н. Правовое пространство: основные признаки и закономерности развития / И.Н. Барциц // Ежегодник Российского права. М.: Норма, 2001. С. 110-120.
57. Бейшембиев Э. Ж. Кыргыз Республикасы жана азыркы эл аралык укук. - Б.: Тип. атындагы КУУ Ж. Баласагын. 2020. с.244
58. Бейшембиев Э.Д., Джунушалиев Д.Д., Мокрынин В.П., Плоских В.М. Введение в историю кыргызской государственности: Курс лекций для вузов. — Бишкек, 1994.
59. Борубашов Б.И. История государства и права Кыргызской Республики: учебник. Т. 1. С древнейших времен до начала XX в. – Б., 2015. – 358
60. Богданов С. А., Бурыченков Н. А. Пограничная безопасность / С.А. Богданов, Н.А. Бурыченков // Вестник границ России. М.: Граница, 2000. № 2. С. 11-17.
61. Бондаренко В.А., Василенко А.И., Дмитриев В.А., Кудияров В.А., Молчановский В.Ф., Тепечин В.И. Погранология: методологические вопросы. -М.: Отделение погранологии МАИ, 2001.
62. Бородич А. И. Безопасность Республики Беларусь в пограничной сфере // Учебник «Основы теории национальной безопасности. Минск. ИНБ Республики Беларусь. 2008. С. 4.
63. Булашов С.Н. Конституционно-правовой режим государственной границы Российской Федерации автореф. дис.… д–ра юрид. наук. М., 2004.

/http://lawtheses.com/konstitutsionno-pravovoy-rezhim-gosudarstvennoy-granitsy-rossiyskoy-federatsii#ixzz3aqlfvzss
64. Волков И.В. Основные проблемы геополитического положения Центральной Азии в эпоху глобализации (на примере Кыргызстана). Бишкек, 2007. С.77.
65. В обоснование понятий и категорий теории государственных границ // Научно-практический сборник ФПС РФ / Под общ.ред. К.В. Тоцкого. М.: Граница, 2000. № 33. С. 315-326.
66. Ганюшкин Б.В., Ромашев Ю.С., Шумилов А.Ю. и др. Погранология: правовые основы. М., 2000.
67. Гришин М. Л. Проблемы пограничной политики государства и пути их решения. Монография. Москва. Издательская группа «БДЦ-пресс». 2001. С. 112.
68. Дипломатический словарь. М., 1971. Т. 2. С. 533.
69. Дипломатический словарь. - М.: Наука, 1984. -Т. 1. С. 298.
70. Документы и материалы о советско-китайской границе. М., 1970. С. 86.
71. Заключительный акт Совещании по безопасности и сотрудничеству в Европе от 01 августа 1975 года // Действующее международное право. М., 1996. Т. 1. С. 9, 65-79.
72. Земцов В.И., Носков А.Г., Симухин Г.С. Теоретико-методологические проблемы становления пограничного права Российской Федерации: Монография / Под общ. ред. В.И. Земцова. -М. 2002. 442с.
73. История кыргызов и Кыргызстана, Бишкек: Илим, 1996, С, 179.
74. Искакова Г.Т. Государственный суверенитет Кыргызской Республики (новые подходы) /Отв. ред. Р.Т.Тургунбеков / НАН Кыргызской Республики, Институт философии и права. Бишкек, 1996.
75. Капица М.С. На разных параллелях: записки дипломата. М., 1996. С. 95.
76. Клименко Б.М., Ушаков Н.А. Нерушимость границ-условие международного мира. М.: Наука, 1975. С. 37.

77. Клименко Б.М. Принцип нерушимости государственных границ. Курс международного права: В 7 т. М., 1989. Т. 2.
78. Клименко Б.М., Порк А.А. Территория и граница СССР. М.: Международные отношения, 1985. -С. 99.
79. Ладыженский А.М., Блищенко И.П. Мирные средства разрешения споров между государствами. М.: Госюриздат, 1962.
80. Мамбеталиев. Проблемы узбекско-кыргызской границы в освещении СМИ Кыргызии // Многомерные границы Центральной Азии / Под.ред. М.Олкотт и А.Малашенко. – М., 2000. – С. 29–30.
81. Материалы международной научно-практической конференции по проблемам национальной безопасности Кыргызстана.г. Бишкек: Международный институт стратегических исследований при Президенте Кыргызской Республики,2000.
82. Макаров Н. И., Дирин И. М. Деятельность пограничных представителей на государственной границе: Учебное подобие. М.: ВПКК 1989г.
83. Международное право. Колосов ЮМ и Кузнецов В.И. М.: Международные отношения 1998. - 608, с.
84. Международное право. Словарь-справочник. М.: ИНФРА-М, 1997. С. 58;
85. Меморандум о делимитации государственной границы между Республикой Казахстан и Кыргызской Республикой // Юрист - справочно-правовая система. – 2004. 5 апр. – С. 2.
86. Многомерные границы Центральной Азии / Под ред. М.Б.Олкотт и А.Малашенко. – М.: Гендальф, 2000. – С. 23.
87. Мукамбаева Г.А. Функционирование государственно-правовых систем. Функционирование социально-правовых систем (школа права). Бишкек: КГНУ, 1997.
88. Мюллерсон Р. А. Роль и возможности международного права в создании ВСМБ // Всеобъемлющая система международной безопасности и международное право. Москва. 1987. С. 13.

89. Надарин Э.С. Реализация административно-правовых режимов Черноморско- азовским пограничным управлением ФСБ России как составная часть обеспечения национальной безопасности РФ. // Армия и общество. 2014. Выпуск № 4 (41) / /http://cyberleninka.ru/article/n/realizatsiya-administrativno-pravovyh-rezhimov- chernomorsko-azovskim-pogranichnym-upravleniem-fsb-rossii-kak-sostavnaya-chast
90. Нурбеков К. История государства и права Киргизской ССР. 1918-1936: Учеб, пособие. Фрунзе, 1970.
91. Николаев А.И. Актуальные проблемы пограничной политики Российской Федерации в современных условиях // Научно-информационный сборник. М.: Граница, 1996.
92. Нуржанова С.М. Территориально-пограничный аспект в межгосударственных отношениях стран Центральной Азии в 90-е годы XX века. История и практика // Вестник КарГУ, 2005.
93. Ожегов С. И. Толковый словарь русского языка / С. И. Ожегов, Н. Ю. Шведова. РАН. Институт русского языка им. В. В. Виноградова. 4-е изд., доп. Москва. Азбуковник. 1999. С. 759.
94. Омаров Н.М. Внешняя политика Кыргызской Республики в эпоху «стратегической неопределенности». Бишкек,2005. С. 223.
95. О Государственной границе Республики Беларусь. Закон Республики Беларусь от 21 июля 2008 г. №419-З. Минск. УП «УСЛУГА». 2009. Ст. 1.
96. Ожегов С. И. Толковый словарь русского языка / С. И. Ожегов, Н. Ю. Шведова. РАН. Институт русского языка им. В. В. Виноградова. 4-е изд., доп. Москва. Азбуковник. 1999. С. 782.
97. Ожукеева Т.О. XX век: возрождение национальной государственности в Кыргызстане. Бишкек, 1993.
98. Общая теория национальной безопасности : учебник / А. В. Важеников [и др.] ; под общ.ред. А. А. Прохожева. – М. : Изд-во РАГС, 2005. – Изд. 2. – 344 с.

99. Ожукеева Т.И Резали державу как торт//Слово Кыргызстана. 1991 -2 ноября.
100. Основы деятельности пограничных представителей РА на государственной границе./ А.А. Абрамян, А.Э. Налбандян; под общ. ред А.А. Абрамяна. Ереван . 2013. 56, с.
101. Павловский А. А. Система угроз, влияющих на национальную безопасность Республики Беларусь в пограничном пространстве // Проблемы обеспечения национальной безопасности в современных условиях. Материалы Международной научно-практической конференции. Минск. 28—29 июня 2001 г. В 2 т. ИНБ Республики Беларусь. 2001. Т. 1. С. 242.
102. Правовая основа обеспечения национальной безопасности Российской Федерации: моногр. / Ю. И. Авдеев [и др.] ; под ред. А. В. Опалева. – М. : ЮНИТИ-ДАНА, 2004. – 511 с.
103. Першин А. Пограничная деятельность и национальная безопасность. // Пограничник Содружества. 2008. №1 (53). С. 66—70.
104. Першин А. А., Шерстнев А. Д., Ярлыченко В. В. Теория государственных границ. Москва. «Граница». 2001. С. 186.
105. Першин А.А., Ярлыченко В.В. Классификация государственной границы (участков границ) // Научно-информационный сборник ФПС РФ / Под общ.ред. К.В. Тоцкого. М.: Граница, 2000. № 32. С. 264-273.
106. Пушмин Э.А. Институт пограничных представителей // Правоведение. 1972. N 3. С. 117 - 121.
107. Пограничные вопросы и их международное значение: взгляд из Кыргызстана./ИсрайиловЧ. / http://inozpress.kg/cabar-asiaПограничные-вопросы-и-их-международно/
108. Погранология: методологические вопросы. Монография / В. А. Бондаренко и др. Москва. Отделение погранологиии МАИ. 2001. С. 68.
109. Пограничная политика Российской Федерации. Монография. Москва. Граница. 1997. С. 96.

110. Проблемы пограничной политики Российской Федерации: Научно-информационный сборник /Под общ.ред. А.И.Николаева.-М.:Граница,1996.-92 с.
111. Родачин В.М. Понятийно-категориальный аппарат теории пограничной безопасности // Вестник границы России. 1996. - № 7.
112. Рушайло В.Б. К вопросу о теории административно-правового регулирования // Современное право. 2003. № 8. С. 22- 26
113. Рыбалкин Н.Н. Проблемы проектирования пограничной политики в системе обеспечения национальной безопасности // Сборник статей отделения погранологии. М, 1995. - Выпуск № 1.
114. Рыжов И, Бородина М. Основные приоритеты Внешней политики Кыргызстана // Актуальная геополитика. https://www.imemo.ru/files/File/magazines/rossia_i_novay/2019_03/Osnovnye_Ryjov.pdf
115. Сальников В.А. Государственные границы, история и современность: Социально-политический анализ. М. ВИПКОС, 1990. - 298 с.
116. Сатылганова Н.А. Территориально-пограничные проблемы независимого Кыргызстана: Автореф. дисс. на соискание уч. степени канд. истор. наук. Бишкек, 2019, 25. с.
117. Сергеев В.В. Проблемы формирования правовой основы государственной границы России / http://www.voenprav.ru/doc-3459-1.htm
118. Сергеев В.В. Конституционно-правовые основы безопасности государственной границы Российской Федерации: Автореф. дисс. на соискание уч. степени канд. юрид. наук / Сергеев Вячеслав Вениаминович. М.: РАГС при Президенте РФ, 2002.-32с.
119. Скуратов Ю.И. Государственная граница Российской Федерации: реформирование правовой основы // Государство и право. 1993. С. 16-26.
120. Степенко В.Е. Административно-правовой механизм обеспечения режима функционирования государственной границы РФ: автореф. дис.…д–ра юрид. наук. Хабаровск, 2006. /

http://www.dissercat.com/content/administrativno-pravovoi-mekhanizm-obespecheniya-rezhima-funktsionirovaniya-gosudarstvennoi-#ixzz3ur7XxNKG).

121. Словарь международного права. М.: Международные отношения, 1986. С. 67-68.

122. Сооданбеков С.С., Укушев М.К. Конституционное право Кыргызской Республики. Бишкек: Кыргызстан, 1996.

123. Тагайбекова А.А. Современные погранично-территориальные проблемы в Центральноазиатском регионе // ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ, № 8, 2012. С. 29-32.

124. Тепечин В. И. Историко-социологический анализ развития социальной мысли по проблемам национальной безопасности // «Безопасность»: Информационный сборник фонда национальной и международной безопасности. №2 (25). 1995. С. 78—91.

125. Текущий архив комитета по международным и межправительственным делам Законодательного Собрания Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. 1999 г.

126. Текущий архив отдела региональных проблем Аппарата Премьер-министра КР, 2000 г.

127. Толковый погранологический словарь. Москва. Академия ФПС Российской Федерации. НИО. 2004. С. 123.

128. Турарбеков Б. Делимитация границы как она есть // Континент. – 2000. – № 22. – С. 23–25.

129. Хропанюк В.Н. Теория государства и права, М, 1993. – 383 с.

130. Чебаев В.Н. Некоторые аспекты исследования понятия «статус государственной границы Российской Федерации» // Воронеж: изд-во ВГУ, 2004.- 0,4 п.л.

131. Чеканов В.Е. Теоретико-правовые, международно-правовые и военно-правовые проблемы формирования статуса Государственной границы РФ // СПС «КонсультантПлюс».

132. Щербаков, А. С. Пограничная безопасность России и система ее обеспечения // «Безопасность»: Информационный сборник фонда национальной и международной безопасности. №1—2 (32). 1996. С. 48.
133. Шумилов А.Ю. Новый пограничный закон России: Учебно-практическое пособие. М., 2000. - 53 с.
134. Эсенбаев М.А. Правовой режим государственной границы Кыргызской Республики: Дис. ... канд. юрид. наук : 20.02.03 : М., 2002 168 с.

i